КАЗЫБАЕВ ТАШАН

# КӨК ЖАТЫК САНЖЫРА САПТАРЫНДА

УДК821.51
ББК84Ки7-4
К14

Казыбаев Т.
К14 Көк жатык санжыра саптарында Ош. 2014
260 б.

ISBN 978-9967-18-096-3

*Т.Казыбаевдин бул китебинде Көк жатык уруусунун санжырасы баяндалат.*

К 4702300100-14 УДК821.51
ББК84Ки7-4
ISBN 978-9967-18-096-3
© Казыбаев Т.
2014



## *АДАМ ЖАКШЫЛЫКТЫ ЖЕРДЕН ТААП АЛБАЙТ АДАМДАН ҮЙРӨНӨТ*
### *же Ташан Казыбаевдин портиретине штрихтер*

*Окурман – тууган, Сиз колго алган бул китептин кол жазмасын кокусунан басмаканадан көрүп калдым. Журнал сыяктанган чатырашты дептерде ар бири өз элементи менен жазылып, шурудай тизилген тамгаларды дароо тааныдым, «бул менин агайымдын кол жазмасы го?» дейм, басма жетекчиси Акыл иним «Ким ал?» дейт, «Ташан Казыбаев, таптымбы?» Акыл каткырып жиберди. «Кимге окутарымды билбей турдум эле, жакшы болду, жок дей албай турган адам өзү келди, агайыңыздын китебин даярдап койдум, кол жазмасына салыштырып окуп бербесеңиз болбойт» деп калды. Чындыгында китептин түп нускасын окуп чыгуу мен үчүн кызыктуу да, жооптуу да болду. Деги эле Устаттын эмгеги менен таанышуу, ал жөнүндө жазуу сыймыктуу иш.*

*Жетимиштин даванына чыгып калган Ташан Казыбаев өзүнүн 40 жылдык өмүрүн мугалимдикке, болгондо да улут сыймыгы болгон кыргыз тилин, адабиятын окутуп үйрөтүүгө арнады. Ал 1946-жылы 16-майда Ноокат районунун Көк-Бел айылында жумушчунун үй бүлөөсүндө туулган. Анын балалык чагы Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки Өлкөнү калыбына келтирүү жылдарына туура келип, турмуштун күнгөй-тескейин, ысык-суугун жана чыдамкайлуулуктун, кайраттуулуктун, сабырдуулуктун, өткүрлүктүн, эң негизгиси адептүүлүктүн кадыры менен баркын эрте түшүнүп чоңойду. Анын үстүнө айылдагы орус, балкар, чечен улутундагы балдар менен тең тайлаша ойноп, достошушу дээринен зирек баланын дүйнө таануу*

*түшүнүгүнүн эрте калыптанышына себепкер болду. 1-класска барганда орус тайпасында окуп калышы да кокусунан эмес эле. Акыл-эстүү атаандаштык да адамды чыйралтып, келечекке тура багыт берип, билимге, жалпылап айтканда адам болууга умтултат тура. Бир класста Хамид Молкондуев, Алик Анзеров, Галя Цыганкова, Нина Плотникова, Геня Гласков өңдүү ар кайсы улуттун балдары, кыздары менен окуп, тарбияланышы, экинчи жагынан окуткан мугалимдери, айылдык мектептин гана эмес, учурунда райондо облуста, чыгаан мугалимдер атыккан Анна Чеевна, Борис Алькович, Галина Семенова, Абдувап Айткулов өңдүү мугалимдердин талыкпаган эмгектеринен жаралган, таасирдүү тарбиясы, көрсөткөн жолу агайдын билимдүү болушуна, кесипти туура тандоого багыттаган келечектин ишенимдүү ачкычы эле.*

*Ташан Казыбаев 1962-жылы Көк-Бел орто мектебин 8-классын артыкчылык күбөлүгү менен бүтүрөт да, турмуш шартка байланыштуу ошондогу №44-жылкы заводундагы асыл-тукум жылкы чарбасында чабандес (жекей) болуп эки жыл эмгектенет. Жылкы жаныбардын табиятын ошондо терең өздөштүрүп жүрбөйбү. Жылкыга жакындыгы да ошондон.*

*1964-1968-жылдары Т.Казыбаев Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайында окуп, аны артыкчылык диплому менен бүтүрөт да, өзүнүн тулуп өскөн айылына келип, Көк-Бел орто мектебинде башталгыч класстардын мугалими болуп эмгек жолун баштайт. Билимин өркүндөтүүнүн үстүнөн такай эмгектенген агай 1970-1975-жылдарда Ош мамлекеттик педагогикалык иститутунун филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүрөт. Өзүнүн 40 жылдык мугалимдик эмгек жолунда Т.Казыбаев өз кесиби боюнча теориялык, методикалык жактан даярдыгы жеткиликтүү, педагогика, психология илимдерин терең*

*өздөштүргөн, окутуу-тарбиялоо ишинде жаңычыл чыгаан мугалим экендигин көрсөтө алды. Агайдын юблейлик кечелеринин биринде айтылган төмөнкүдөй алкоо сөздөрдү дагы бир жолу кайталап айтуу ашыктык кылбайт: Ташан Казыбаев өзүнүн педагогикалык ишинде көрсөтмө куралдардын жаңы үлгүлөрүн жасоодо, кабинет түзүүдө, кружокторду жетек-төөдө, кошумча сабактарды уюштурууда, диспут, адабий кечелерди, китеп окурмандарынын конференцияларын өткөрүүдө, таркатма куралдардын жаңы үлгүлөрүн, техникалык каражаттарды пайдаланууда, стандартсыз сабактардын жаңы формасын табууда, анын ичинде окуучулардын кыргыз тили жана адабиятына болгон сүйүүсүн арттырууда баа жеткис эмгек жасай алды.*

*Мындай бараандуу эмгектин артынан агайдан 50дөн ашык шакриттери республикабыздын жогорку окуу жайларынын кыргыз филологиясы факультеттерин бүткөрүшкөн. Ош мамлекеттик университетинин доценти, филология илимдеринин кандидаты Алиева Фарида, учурда аспирантураны бүтүрүп жатышкан Таттыбү Аблакимова, Айсалкын Маматова, Айнура Адимова жана журналисттер Сагын Умаров, Жылдыз Калдарова, Жыпар Умарова да агайдын окуучуларынан. Ташан Казыбаев агай менен үзөңгүлөш «Көк-Бел» орто мектебинде эмгектенип, өмүрлөрү өрнөк болоор асыл адамдар, учурда бактылуу карылыктын ырыскысын көрүп жатышкан жубайлар, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Меңдибай Бекиев менен Күкүш Султанбекова да устаттарым. Адам үчүн жакшылык жерде жатпайт тура, адамдан адам үйрөнүп, талыкпай эмгектенип, тарбия алып, өз жашоосун курат тура. «Кимдин баласысың? Ким окуткан?...» деген ар бир пендеге берилээр суроолордун маңызында не деген терең маани жаткандыгын аңдап, сезе билүү адамдык парыз тура.*

*Ташан Казыбаев жаңычыл-новатор педагог катары Ош облусунда көп жылдар бою «Көк-Бел нускасы» деген чыгармачыл мугалимдердин тобун жетектеп келди. Анын үзүрлүү эмгеги бааланып Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. В.И.Лениндин 100 жылдык юблейлик медалынын ээси, Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы. Агайдын Көк-Бел орто мектебиндеги Кыргыз Республикасынын тунгуч премьер министири Насирдин Исановдун музейин түзүүдө жана аны жетектөөдөгү ролун өзгөчө баалоого арзыйт. Аталган музей акыркы жылдарда Ош облусунда өткөрүлгөн «Мектеп музейи» кароо сынагында 3 жолу биринчиликти жеңип алган.*

*Агайдын өмүрлүк жубайы, эл агартуунун мыктысы Бөрүбаева Арзыкан экөө төрт уул, үч кызды тарбиялап өстүрүштү. Бактыбек менен Шайыргүл атайын педогогикалык билимге ээ болушса, Аида, Бекболот, Меридиана Ош мамлекеттик университетинин филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүрүшүп, бүгүнкү күндө ата жолун улантып жатышат.*

*Ташан Казыбаевдин бир топ очерк, публицистикалык макалалары республикалык мезгилдүү басма сөз каражаттарына үзбөй жарык көрүп келет. Ал эми бул сапар агайдын «Көк жатык санжыра саптарында» деген китеби колуңузга тийип олтурат.*

*Аталган китепти окуп чыгып, айтышканда теңи жок, актаңдай акын Жеңижок айткан «Ай ааламдын баарысын акыл менен аңдаган адам улуу эеспи» деген учкул сөзүн агайымдын дарегине чын дилимден арнап олтурам. Баарына дайын, санжыра айтуу ар кимдин эле колунан келе берчүү иш эмес, Санжыраны кой агай айткандай жети атасын билбегени канча. А кыргызда «Жети атасын билбеген кул» деп айтышат.*

*Санжыранын жашашы, сакталып калышы кыргыз элинин өзүнүн тарыхый спецификасына байланышкан.*

*Деги эле санжыра – кыргыз маданиятындагы өзүнчө бир феномен. «Сен кимсиң, атаң ким, чоң атаң ким, кайсы уруктансың, кайсыл уруудансың?» деген суроо ар бир кыргыз уулуна берилүүчү тумар сөз. Ушул өңүттөн алып караганда Ташан Казыбаев агай Көк жатык уруусунун уулдары үчүн төө көтөргүс эмгек жасаптыр. Ырахмат!*

*Албетте муундан муунга, кылымдап ооз эки айтылып жашап келген санжыра илимий булак боло албайт. Кээ бири адашып, чаташып кетиши мүмкүн. Кандай болгон күндө да кыргыз тарыхынын негизги өзөгү санжырада. Андыктан агайдын бул эмгеги да кыргыз санжырасында өзүнчө бир булак болуп калат. Ал эми булактын көзүн кенен ачуу агайдын алдыдагы максаттарынын бири. Бул эмгекти Т.Казыбаевдин Көк жатык жөнүндөгү биринчи китеби деп атасак да болот. Анткени, Алдаярдын балдары аталган Төө-Моюндук Көк жатыктар, Күзүк, Чоготой, Полоттун балдарынан болгон Аравандык жана Кара-Суулук Айламалик Көк жатыктар жөнүндөгү санжыралар агайдын кийинки китептеринде баяндалат.*

*Ата-бабаларыбыздын айтканына кулак түрсөк:* ***«Адам Ата, Обо энеден таркаган эл топон суу жүргөн чакта түгөл навыт болуп, Нух пайгамбардын үч уулу, үч келини гана аман калат. Бүткүл адамзаттын бүгүнкү урпактары ошол Кам, Сам, Жапас аттуу үч уулдан таралыптыр. Алланын айтымы боюнча атайын кеме жасап, үч уул, үч келинин аман алып калып, адам көчүн улагандыгы үчүн Нух пайгамбарды экинчи Адам ата деп да коюшат. Жер бетинде жашаган азыркы пенденин түгөл баары ушул үч бир туугандын тукуму деп эсептелет. Биз, кыргыздар жана башка түрк, монгол элдери Жапастан таралыптырбыз. Жапастан кийин ондогон аталар өтүп, түп атабыз Долонбий дүйнөгө келиптир. Долонбийден Ак уул,***

***Куу уул, Кызыл уул деген үч бала төрөлөт. Ак уулдан кыргыздын Оң канаты, Куу уулдан — Сол канаты, Кызыл уулдан ичкиликтер таралат.»*** *деп айтылат. Санжыранын уландысын агайдын китебинен окуп, өз баалаңызды берээрсиз, азиз окурман. Ал эми устатыма айтар сөзүм бирөө гана, БАР БОЛУҢУЗ АГАЙ!*

***Мамырайым Абдувап уулу Дуванаев,***
*журналист, КР журналисттер союзунун*
*А.Бөрүбаев атындагы сыйлыгынын лауреаты*

# СӨЗ БАШЫ

Санжыра - кыргыз элинин өткөн тарыхы жана улуу мурасы. Анын түпкү максаты ата-теги ким, алар кайдан келген, кайсыл уруулар менен жанаша жашап, кайсыл уруулар менен ар тараптан тыгыз байланышта болуп, ынтымакчылыкта, биримдикте жашагандыгын билүү. Ата-бабабызда «Жети атасын билбеген жетесиз кул», «Жети атасын билбеген жергесинен кул болот», «Тогуз атасын билбеген тобунан азган кул болот» деген накыл кептер бекеринен айтылбаган чыгар. Ар бир адам өз ата-бабасын, ата-тегин, уруусунун санжырасын билүүсүн милдет катарында эсептешкен. Мына ошондуктан ата-бабалар баласы жети жашка чыкканда жети атасынын аттарын айттырып, уруусун, уругун, элин кимдер экенин билдирип, унутпас кылып тарбиялаган. Атасын таанытбаган, энесин эстебеген маңкурттардан болбой, улут саясатын бузбай уруулардын биримдигин, ынтымакчылыгын, достугун чыңдоого жана ар бири салым кошууга зарыл экенине карата багытталууга тийиш. Мында уруулардын башынан өткөргөн тарыхый окуяларын, басып өткөн үлгүлүү жактарын атадан балага айтылып келген тарыхый баян катары карообуз керек. Ал эми айрым учурда кыргыздарды уруу-урууга бөлүп, бири-бирине карама-каршы коюп, өз кызыкчылыгына пайдаланган учурлар кездешет. Мындай көрүнүштөрдөн алыс болуп, уруулар эзелтен бери бири-бирин урматтап, кадырлап, калыстыкка, адилеттүүлүккө, биримдикке, ынтымакчылыкка чакырып келишкенин унутпасак экен. Бирдиктүү мамлекети жок кезде, элибиздин чыгаан акылман башкаруучулары уурулук түзүлүштө аксакалдардын кеңешин түзүп, алардын пикирин эске алып, наркты сактап, адилеттүү, калыс болуп, элдигин, биримдигин сактоо менен башка уруулар менен да куда-сөөк, дос күтүшүп ынтымакта, сый-урматта болушуп башкарып келишкен. Албетте мындай өрнөктүү,

алгылыктуу жактары менен жаштарыбыз сыймыктанууга тийиш. Дүйнөдө улуу уруу деген жок, өзгөчө белгиленген уруу жок, анткени Алла, баарына бирдей жан берген, акыл-эс берген бардыгын он эки мүчө менен жараткан. Бул жерде урууларды кокту-колотко бөлүү, биринен экинчисин жогору коюу деген түшүнүк болбосун Ааламды жараткан Алла калыс, кара кылды как жарган калкым калыс бул санжырада ата-тегин билип, ал кайдан келген урууларынан алга суурулуп чыккандары кимдер экенин алардын үлгүлүү жактарын, ушул уруу башка уруулар менен тыгыз байланышта болуп келишкенин ачып берүү болуп эсептелет.

«Окугула,

Суктангыла,

Мен Советтер Союзунун гражданинимин!» деп көкүрөк каккылап, паспортубуздун «кургак» сөздөрүнө маашырланып, ал сөздөрдөн кубат албай, моокум канбай, ичтен купулга толбой, кандайдыр бир жагыбыз өксүп тургандай сезилчү эле. «Урууңду билесиңби?», «Жети атаңды айта аласыңбы?»-деген сөздөр үчүн атайын чогулуштарда карап, жазаланган адамдар болгон. Мына ушундай көрүнүштөрдүн натыйжасында жети ата эмес, эки атасынын атын айта албаган манкурттар чыкты. Ар бир нерсе, түшүнүк адамдын ниетине жараша болот. Эгер сенин ниетиңди санжыранын укум-тукумуңдун, ата-бабаңдын тарыхы катары карап, алардын басып өткөн жолунда үлгүлүү жактарын өзүңө сиңирип, уруулардын бири-бирине болгон сый-урматын, адилеттүүлүгүн ачып, чыгаан уулдарынын сапаттары менен жаштарга туура багыт берип тарбиялоого эмне үчүн болбосун. Эгемендүүлүктөн кийин ата-бабалардын тарыхына, санжыраларына көңүл бурулуп, ар бир уруулардын санжыралары жарык көрө баштады. Биз бул санжырада негизинен көкбелдик жана чечтөбөлүк көк жатыктардын генологиялык түзүлүшүнө гана токтолдук. Ал эми Араван, Кара-Суу, Өзгөн райондорундагы көк жатыктарды изилдөөгө

колубуз жетпеди. Буга атайын жумушчу топ түзүп, изилдөөнүн багыттарын аныктап, өзүнчө кеңири иш чара түзүп көк жатык уруусунун толук санжырасын түзүүнү кийинкиге максат кылып койдук. Мына ошондуктан аталган райондордогу тууганлардан жана бул санжырада аты аталбай калса жана туура эмес жазылып калган болсо, алдынала колду көкүрөккө алып туруп кечирим сураймын. Чеч-Төбө көк жатыктардын түзүлүшүнө жардам берген Жолон уулу Аллакулга жана Марак уулу Манаска ыраазычылыгымды билгиземин. Ата-бабалардын жаштарга акыл тарбия берүүдө ата-тегин билүү, алардын асыл сапаттарын өздөштүрүү, каада-салт, адам мүнөздөрү, ат мүнөздөрү, уул баланын ата-энесинин алдындагы өтөй турган милдеттери, улуттук дөөлөттөр, кыргыздын жыл сүрүүсү азыркы календарга ылайык жадыбалы, тек сөздөр сыяктуу элдик педагогика аркылуу тарбиялоонун айрым учурлары боюнча азын-оолак кабар берилди.

***Автордон***

# АДАМ БАЛАСЫНЫН ЖАРАЛЫШЫ ЖАНА ТАРАЛЫШЫ

Азыркы мезгилде америкалык аалымдар жердин жаралышы мындан 1 млрд 250 миң жыл мурун пайда болгон деген пикирди айтышат. Ч.Дарвиндин көз карашында мындан 1 млн 700 миң жыл илгери адам түспөлүнө өтө жакын маймылдар жашашкан, турмуштун, эмгектин зарылчылыгына байланыштуу аң-сезим өсүп отуруп адамдык касиетке жеткен деген ойлорду айтат. Ал эми араб китептеринин булактарында Алла Тааланын амири менен он сегиз миң аалам жаратылып, жер каймактап кыртышка айланып, тоолор, суулар, канаттуу куштар, курт-кумурскалар, төрт буттуу айбандарды жаратат, бирок дүйнөнүн качан жаралгандыгы жөнүндө бир гана Алла Тааладан башка эч ким билбейт деген бүтүм чыгарылат. Он сегиз миң аалам жаратылгандан кийин бир нече мезгил өткөндө канаттуулар бири-бирин жеп, жан-жаныбарлар бири-бирин кырып, өсүмдүктөр куурап, бул дүйнө кыйроо абалына келгендиктен, Алла Таала бул абалды оңдоо максатында акыл-эстүү бир макулук жаратууну жана аны өзүнө сыйынтууну максат кылат.

Алла Таала Адам атаны жаратуу үчүн жерден топурак алып келүүнү Жабраил алейхиссаламга буйрук берет. Жабраил периште Жерден топурак алууга келгенде, Жер Алла Таалага ант кылып, Жабраилдан суранат: «Адам көбөйүп, бири каапыр, бири аасый, бири зулум, бири күнөкөр болот, аларды жазалайм деп Алла Таала азап кылса, мен кандай чыдайм»,-деп жалбарып көнбөйт. Жабраил алейхис-салам топурак албастан Алла Таалага айтат. Алла Таала андан кийин Мекаил алейхиссаламды жөнөтөт, ага Жабраил алейхиссаламга айткандай суранат, ал да Аллага укканын айтат. Андан кийин Исрафил алейхиссаламды жөнөтөт, ал да болгон кабарды айтып келет. Кийин Азраил алейхиссаламды

жөнөтөт. Ал келип Жердин өтүнүчүн уккандан кийин: «Сенин жалбарып ант бергениңден Алла Тааланын өкүмү мен үчүн бийик турат»-деп жерден топурак алып барат. Мына ошондо Алла Таала Азраил периштеге: «Сен адамды жасай турган топурак алып келдиң, эми адамдардын жанын алуучу да сен болосуң»,-деп буйрук берет. Алла Таала ал топурактан адам жасап, аны Макка менен Тайыфтын аралыгына отуз тогуз күн коюп, Адам атанын кабыргасынан Обо энени жасап, кыркынчы күнү өз рухунан үйлөп аларга жан берген. Оболку атабыз азирети Адам ата, оболку энебиз Обо эне айрым санжырачылардын айтымына караганда 7600 жыл мурда жарыкчылыкка келген деп айтылат. Ал эми жаратуунун негизги максатын Алла Таала «Зарият» сүрөөсүнүн 56-аятында мындай дейт:

“Мен жиндерди жана инсандарды жалгыз гана өзүмө ибадат кылсын деп жаратканмын»,-деп белгилейт. Демек бул дүйнөгө келген ар бир инсан Алла Таалага кулчулук кылып жана Алланы жакындан таанып, анын айткан өкүмдөрүн аткарууга тийишпиз жана ал багыттаган жол туура экенин билишибиз зарыл. «Мен жашыруун казына элем, айкын болуп билинүүгө чечим кылдым. Ушул себептен ааламды жараттым»,-деген хадисте да адам жашоосуна ылайык ааламды ыңгайлаштырганын жана Алла өзүн таанытууга чечим кылышы да эң маанилүү себептерден болуп эсептелет. Алла Таала «Бахара» сүрөсүнүн 30-аятында «Эстегин, Раббиң периштелерге: «Мен жер жүзүнө бир халифа жаратамын–деген эле». Демек бул жерде жаратылган макулуктардын ичинен эң касиеттүү, эң шарапаттуу жараткан инсанды жер жүзүнө өкүл кылууну максат кылгандыгы байкалып турат. Жер жүзүндөгү бүткүл адамзат Адам ата менен Обо энеден таралган. «Адам» деген сөздүн мааниси «кыртыш» деген түшүнүктү билдирет, ал эми «адам» деген сөз араб тилинен кабыл алынган сөз болуп эсептелет. Азирети Азирейил periште топуракты жердин астынан эмес

сыртынан алган. Курандын «Хажр» сүрөөсүнүн 26-аятында «Чынында биз-инсанды кара баткактан болуп, түспөлү берилген соң кургатылган ылайдан жараткан-быз»-деп көрсөтүлгөн. Ошол эле «Хижр» сүрөөсүнүн 29-аятында «Ага кейип түспөл берип, өз рухумдан үйлөп жан бергенмин»,-деп айтат. Алла Таала Өзүнөн керемет сырды үйлөө менен адамга абдан маани берип, ага жан киргизип, жашоону ыроологон. Ошентип Адам аталды жана ага Сафиюаллах деген ылакап ат ыйгарылды. Ал "Алланын кулу" деген маанини түшүндүрөт. Бул дүйнөдө 1000 жыл өмүр сүрүп, Фани дүйнөнү таштап, бакы дүйнөгө кете берди. Алла Тааланын амири менен Адам атанын кабыры Серандибде, ал эми Обо эненин кабыры Жидда шаарында деп айтылат. Адам ата артынан 40000 урпак калды, ал өлөр алдында өз ордуна Шис аттуу уулун коюп кетти.

**Шис** – Адам атанын уулу, ал 912 жыл өмүр сүргөн Алла Таала аны пайгамбар кылып жөнөткөн. Адам алейхиссаламдын бүткүл урпактары Шистен таралган. «Шис»-деген сөз «Аллахтын ырайымы» деген маанини билдирет. Шис алейхиссалам пайгамбар болгон жана ага Аллах Тааладан исламий буйруктар менен насыяттарды камтыган 50 барак түшүрүлгөн. Ал элди туура жолго үндөгөн. Ражаб айынын дүйшөмбү күнү көз жумган жана анын сөөгү Кубайс тоосуна коюган. Шис көз жумар алдында улуу Анушту өзүнүн дааватчылык жана казыналык иштерин мураскору катары жарыялаган. Ошентип Шистин ордуна Ануш олтурду.

**Ануш** - Шистин уулу, анын дааватчылык жана казылык милдеттерин аткарган. Ануш деген сөз «сыпайы», «чынчыл» деген маании түшүндүрөт. Ал атасы осуят кылып кеткен Алла тарабынан келген буйруктарды иш жүзүнө ашырууда зор иштерди аткарды. Ануш 912 жыл өмүр сүргөн. Анын апасы Махваила деген Жаннаттин үр кыздарынан болгон.

**Ануштун уулу Кайнин** - Кайнин атасынын ишин уланткан, элди биримдикке чакырып, Алланын өкүмдөрүн аткарууга үндөгөн. Кайнин 840 жыл өмүр сүргөн. Ал мезгилдеги адамдардын бою 80 кезге чейин жеткен, салмактары да чоң болгон. Ал ордун уулу Михлайл деген уланткан.

**Кайнин уулу Махлайл** - тарыхчылардын айттуусу боюнча жети чөлкөмдүн падышасы болгон. Ал адамзаттын ичинен эң алгачкылардан болуп токойлордон жыгач алып келдирип үйлөр салдырып шаарларды курдурган. Байыркы Персиянын түндүк борбору болгон Шус шаарын негиздеген. Ал эми буга чейин адамдар үңкүрлөрдө жашап келишкен. Махлайл элдин турмушун бир канча көтөргөн. Эгин эгүү, аны жыйноо иштерине да көңүл бурдурган. Махлайл 920 жыл өмүр сүргөн. Махлайл дүйнөдөн өткөн кезде ал өзүнүн дааватчылык жана казылык ордун Ярдага өткөрүп берген.

Махлайлдын уулу Ярд - бул мезгилде эл туура жолдон адашып бутпарстыкка сыйына баштады. Бул мезгилде бутпарастык пайда болуп, адамдардын көбү бутпарастыкка сыйынса, айрымдары исламдыкты карманышты. Эл арасында бөлүнүү, карама-каршылык күчөдү. Ярддын энеси Шахбал, ал Шис алейхиссаламдын Барбабек деген уулунун кызы болгон.

Ярд бул дүйнөдө 960 жыл жашаган. Анын да күнү бүтүп, суусу түгөнүп өз ордуна ишин улантуу үчүн өз уулу Ханух алейхиссаламга калтырып. Ал да Алла алдына кетти.

**Ярддын уулу Ухнук**-өз мезгилинде туура жана элди баштап зор иштерди жүргүздү. Айрыкча бутпарас боло баштаган элди ислам динине чакырды. Көптөгөн уламалардын пикири боюнча бул Идирис деп аталып «Окуган» деген маанини түшүндүрө турганын белгилешет. Ухнук деген аттын ордуна ислам динине чакыргандыгы үчүн Идирис деп аташты. Алла Таала аны пайгамбар кылды. Ал элди ислам динине чакырып, туура

жолго баштады. Адам атага алтынчы муундагы урпак болуп эсептелет. Ага отуз барактай Алла Тааладан буйруктар жана тыюу салынган өкүмдар түшүрүлгөн. Курани Каримда Идирис пайгамбардын ак көңүл, чынчыл, сабырдуу экендиги айтылат.

«Жаратпандын кудурет керемети менен Идирис пайгамбар көккө көтөрүлүп кеткен» -деп айтылат. Ал 82 жыл өмүр сүрүп, анын ордуна Макуслух деген уулуна калтырып кеткен. Мухаммед алейхиссалам Миражга чыгып, асмандын төртүнчү кабатында Идирис пайгамбар менен жолуккан.

## ИДИРИС ПАЙГАМБАРДЫН УУЛУ МАНУСЛУХ

Бул мезгил дүйнөлүк да, акыреттик да жолдон тайып, ыпластыктын жолуна кайрадан түшүү жолунда болгондуктан. Мануслух да көп азаптарды, тоскоолдуктарды башынан өткөрдү. Ал атасынын жолун улап, жакшы амалдарды аткарып, элди артынан ээрчитүүгө көп даават иштерин жүргүздү. Ал 910 жыл өмүр сүргөн. Иракка келгенден кийин көз жумган. Ал ордуна өзүнүн уулу Ламукка калтырган.

**Мануслухтун уулу Ламух.** Бул мезгилде да нематти берген Жаратканды таанып, анын буйруктарын жана тыюуларына маани бербей кесирленип, ахлаксыз жашоого бурула баштайт. Ламух да чоң атасы баштаган туура жолго салуу үчүн бир топ алгылыктуу иштерди жасаган. Ламух 870 жыл өмүр сүрүп, акыретке кетер алдында өз ордун Нух аттуу баласына тапшырды. Адам ата дүйнөдөн өткөндөн 8313 жыл кийин Нух пайгамбар бул дүйнөгө жарыкка келген. Ал Курани Каримдин 43 жеринде Нухтун аты аталат. Анын чыныгы аты Яшкур сакин же болбосо Абдулгаффар деп да аталат. Ошол мезгилде эл туура жолдон адашып буттарга жана айкелдерге сыйына баштайт. Нух пайгамбар 950 жыл өмүр сүрөт. Ал өмүрүндө жалгыз Алла Таалага гана

сыйынууга  даават иштерин жүргүзөт. Көптөгөн зордук-зомбулуктарга дуушар болот. Акыры чыдамы кетип Алла Таалага жалбарат. Бул боюнча «Камар» сүрөөсүнүн 10-аятында: «Ошондо ал Раббисине: Мен каапыр коомумдан жеңилип калдым. Өзүң жардам кылгын!»-деп жалынып-жалбарып суранган эле» Жараткан анын өтүнүчүн, суранычын кабыл алып ага бир кеме жасоону буйруган. Жер жүзүн топон суу каптай баштоонун алдында өзү кеме жасап, кээ бир айтымдарда 80 адамды анын ичинде үч уул келиндерин жана ар кандай айбанаттардан, канаттуулардан, ар кандай жаныбарлардан бирин эркек, бирин ургаачы кылып кемеге жайгаштырып, алты ай суу үстүндө жүрөт. Ошентип топон суудан сактап калат. Топон суу басылгандан кийин кеменин ичиндегилерди кургак жерге чыгарып, жер бетинде жашоону улантышат. Сак саламат жерге чыккандарына шүгүр келтирип, орозо кармашат. Айрым алымдар Нух пайгамбар жаралгандан бери 6260 жыл же болбосо 250 ата муун өттү деп белгилешет. Ошол Нухтан таркаган жер жүзүндөгү укум-тукум 5 млрд 581 миллиондон ашты деп белгилеп жүрүшөт. 1050 улут бар, 209 мамлекет бар, алардын ичинде 5600 дөн ашык тилде сүйлөшөт.

Абдулгазы хан Бахадур падыша тарабынан түрк тектүү элдер жөнүндө жазма түрүндө биринчи жолу жазылган санжыра «Шажаран-Түрк» деген китеби болуп эсептелет. Бул китепти Совет өкмөтүнүн тушунда окууга да, сактап жүрүүгө да тыюу салынган. Эгерде кимде-ким бул китепти сактап жүргөн болсо жана аны окуп эл арасына таркаткан болсо жазаланып же камалып гана калбастан, анын көзүн тазалап жок кылып койгон учурлар болгон. Анын негизги себеби эмнеде экендигине ой жүгүртүп көрсөк-түрк тектүү элдерди биригип кетүүсүнө тоскоолдук кылып, өз теги, келип чыгуулары жөнүндө маалыматтарды жок кылуу болгон. Мына ошол жападан жалгыз даректүү «Шажаран-Түрк» санжырасынын жазылышы тарыхы боюнча алымдардын көпчүлүгү төмөн-

дөгүдөй бир пикирге токтойт. Дүйнө жүзүндөгү адамзат ким тарабынан жаралган, алар кандай турмуш кечирген, алардын өң-түстөрү кандай эле, кайсыл жерлерди мекендеген жана кимдер башкарып келишкен деген сыяктуу суроолорго жооп иретинде көптөгөн алымдардын пикирлери ортого салынып, такталып жазылган санжыра болуп эсептелет. Мына ошондуктан кийинки санжырачылар да ушул эмгектен пайдаланышып, өз пикирлерин, көз караштарын айтып келе жатышат жана санжыраны Нух пайгамбардан башташат.

Нух пайгамбардын үч уулу болгон

1. Хам
2. Сам
3. Яфас

**Хамдын** балдары негизинен Африка континентинде жашашат, кара түстөгү адамдар болуп эсептелет. Алгачкы мезгилдерде өтө сабатсыз эл деп аталган.

Азыркы мезгилде дүйнөнүн ар кайсы бурчтарында жашап жатышат. Алар негрлер деген ат менен белгилүү.

**Сам** деген ортончу уулунан 7 уул болгон деп айтылат. Алар: Арым, Арпахат, Топур, Шалык. Аргон, Аттия, Таран. Ал эми үчүнчү баласы Яфастан эки уул болгон.

1. Арилер
2. Туранийлер

**Арилерге:** хиндилер, иранийлер, сарттар, пуштулар, ноандар, арнауттар, немистер, орустар, латындар, французлар жана башкалар.

**Туранийлерге:** кытайлар, жапандар, осмонийлер, финдер, татарлар, кыргыздар, казактар, кара калпактар, дунгандар, уйгурлар, калмактар, кумыктар, азербайжандар, түрктөр, түркмөндөр, карачайлар, башкырлар, чуваштар жана башкалар кирет.

Яфастан таркаган Түрк уулдарын белгилүү тарыхчы, этнограф илимпоз Сабыр Аттокуров төмөндөгүдөй белгилейт.

Түрк, андан Элчихан, андан Аланча хан, андан Карахан, андан Огузхан, андан Кунхан, Деңизхан, Айхан, Жылдызхан, Көкхан, андан Тоохан, андан Кыргыз, андан Сафар шаа, андан Алхан, андан Рашид, андан Аналах. Аналахтан кийинки бөлүмдөрдүн биринде беребиз.

Адигине, Тагай, Муңгушка чейинки санжыранын тууралыгын же натуралыгын далилдөө жазуу түрүндө толук болбогондугуна байланыштуу бир топ кыйын экени белгилүү, анткени ата-тек жөнүндө маалыматтар жок эсе көрүнөт.

Мындай байкап талдап көрсөк династия жандык-тардын гана аты аталып жатат, ал эми калган эл, анын таралышы, тарамдалышы жөнүндө айтылбай жатат, бирок ошол жандыктардын династиясынын берилгенине да шүгүр кылалы.

***

**«Санжыра» -** араб тилинен кабыл алынган сөз. Ал «Чежере», «шежере», «шажара» деген формада башка туркий тилдеринде да айтылат. Ал эми маанисинде «бир түп дарак» деген маанини түшүндүрөт.

Адам баласы да дарак сымал өнүгүп-өсүп, бир атадан бир канча бала тарап, күн айга толуп, жыл жылга алмашып, урууларга ажырап, эл болуп аталып келе жатат. Санжыра бизде урук, уруу, эл жана улут деген мааниде айтылып жүргөн оозеки чыгарма катары каралат, бирок азыркы мезгилде жазуу жүзүндө жазылып хронология, тарых маанисинде да колдонулуп жатат.

Элди сактоо, Мекенди тышкы баскынчылардан коргоо боюнча эл азаматтары болгон күч-аракеттерин жумшап, миңдеген эр азаматтар канын төккөн. Алардын эрдиктери тирүү калгандардын сезиминин түпкүрүнөн орун алып жана кийинки урпактарга айтылып, даңкталып келе жатат.

Айрым санжырачылардын айтымында ар бир курактын орточо өмүрү отуз жыл деп белгилешет. Мына ошондо жети атанын жашаган мезгили 210 жылга туура

келет экен. Демек бир адам кең маанисинде алганда 210 жылдык тарыхты билүүсү керек. Башкача айтканда ата-тегин, урууну, элди, улутту алардын биримдигин, ынтымакта жашап келгенин, кыргыз элинн мейман-достугун, башка урууларды урматтоо, сыйлоо көрүнүш-төрүн өзүнө сиңире алгандай болушу керек. Кыргыз элинде башка урууну, бөтөн элди мейманды сыйлоо, урматтоо жагдайлары бийик. Үйүнө келип калган конокту «кудай коногу» деп эч нерсесин аябай, бар тапканын алдына коюп, сый-урмат көрсөтөт. Экинчиден, маркумду узатууда да бир адамдын абийири эмес, жалпы ошол уруунун абийири болуп көңүл айтууга келген башка урууларды да кур ооз кетирбей болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, бөлүнгөн милдеттерин абийирдүүлүк менен аткарып келишкен.

Үчүнчүдөн кайсыл уруудан болсо да эл баатырларын сыймыктануу менен айтып, даңктап, барктап келишкен.

Мекенди сүйүү үй-бүлөдөн башталат, демек урукту да урууну да, элди да сүйүп. алардын милдеттерин өз орду менен абийирдүүлүк менен калыс, адилет аткаруу милдетин түшүнүүгө тийишпиз. Кыргыз элинин ырайым-дуулугун, кең пейилдигин, адамгерчиликтүү мамилеле-рин, түптүү эл экенин, дүйнөлүк маданиятта сыймыктана турган көптөгөн жагдайлары бар экенин эске алсак. Кыргыздын кыргыз үйүнүн ууктарындай түндүктү бийик көтөрүп, бирдей милдет аткарып, ынтымактын, бирим-диктин кучагында бөлүнбөй бир болуубуз зарыл экенин унутпасак. Ар бир адам өз тегин, жети атасын билип, бир уруу экинчи урууну жакындан билип бир бүтүн биримдикте болуп, бири-бирине жылуу ымалада, ширин сөздүү болуп, бир атанын балдарындай жүрүү негизги милдет экенин унутпасак.

Кийинки 24 жылдан бери «Ата-тегиңди бил!» деген ураан алдында мазмуну, көз караштары жагынан айырмаланып турган макалалар, санжыра китепчелер

жарык көрүп келе жатат. Ошондой эле санжырада далилденген, текшерүүдөн өткөн, көпчүлүктүн эмгектеринен өтүп далилденген белгилүү ишенимдүү адамдардын айткандары пикирлери болууга тийиш. Санжырада уруктун, уруунун, элдин, улуттун кайсыл жактан келгенин, жеринин түзүлүшү аталышы, уруу башчылары жана ал элдин белгилүү элге кызмат кылган үлгүлүү адамдары, элге кызмат кылуудагы эмгектери эрдиктери көрсүтүлүп келген. Ар бир урукка, урууга, элге, улутка кирген адам бир атанын балдары экенин жана ал уруу башка уруулар менен байланышта экенин, алардын теги бир, бир жерде, бир аймакта, бир дубанда кыргыз жерлеринде болуп келгенин, бир бүтүн санжыра, тарых түзөөрүн эске алсак.

Мен бир топ санжырачылар менен сүйлөшүп, алардын ойлорун, пикирлерин уктум, көбүнөн сурадым, салыштырдым, изилдедим. Айрыкча Ноокат чөлкөмүнөн чыккан Айтназаров Табакал абанын, Шеркулов Абдибаит абанын, Карабеков Мажит абанын айткан санжыралары негизинен айрым өзгөчөлүктөрүн эске албаганда бирдей эле экенин башка уруулардын санжырачыларына үндөшүп турганын байкадым. Айрыкча Айтназаров Табакал аба кыргыз элинин кайдан келгенин, кайсыл жерлерде жайгашканын кандай уруулар менен аралаш жашашканын, кайсыл адамдын жети атасын айттырсаң, анын тегин жеткизе айтып берүүгө акылы жетер эле. Урууларды уруктарга бөлүп майдалап айтып бергенин көп уктум, көп нерселерди сурадым, айрымдарын жазып алдым. Айтназаров Табакал аба айткан санжыранын санжыра боюнча жеткиликтүү түшүнүгү бар Шеркулов Абдибаит аба жана Карабеков Мажит абага айтып, анын тууралыгын сураганда, чындыгында Муңгуш уруусун жана анын Көк жатык уругу боюнча Табакалдай кеңири билбейбиз, ал чыныгы куйма кулак, эс тутуму өтө бийик, көптү билген адам, санжыра боюнча бул аймакта ага тең келе турган адам жок деп баа беришер эле. Чындыгында

Табакал аба санжыраны өтө ойлонуп, чечмелеп, тал-тал кылып айтар эле. Сүйлөп жатканда речинин абзацтарынын аягына келгенде «так-так-так» деген сөздү улам кайталап ойлонуп токтоп кийинки ойду улап кете берет эле.

Санжыра айтканда токтоп-токтоп, уйкаштырып жорго сөз менен айтчу. Көк жатык уругунун 15тен ашык атанын, анын балдарын атын жатка айтып бергенин укканда анын Кудай берген эске тутуу мүмкүнчүлүгү өтө жогору экенин сездим. Дагы бир белгилеп кете турган жагдай эски кичинекей блокнот сыяктуу дептерчесинде өзү гана түшүнө ала турган эстеткич кол жазмасы бар эле. Мында Муңгуш, Көк жатык боюнча баалуу материалдар бар экенин билчүмүн. Кийин мен ал кол жазма санжырасын сураштырып эч дайынын таба албадым.

Азыркы мезгилде жаштарыбыз ыймандан бир аз алыстап руханий байлыктан өксүк тартып жатканы байкалып калды. Ата-бабалардын рухун сыйлоо, басып өткөн жолдоруна маани бербей, элдер ортосундагы ынтымакты, биримдикти, ырыскы-ны, куттуу, берекени сезбей эң бир баалуу сапаттарыбыздан алыстап бара жатабыз. Учур мезгил талабына ылайык мамлекеттик идеология менен айкалыштырып ата-бабалардын асыл жолун, динин эң бир баалуу каада-салтын, наркын андагы максаттарын ачып берүүгө тийишпиз.

Мамлекеттүүлүктүн өнүгүшүнө кыргыз элинин урук, уруу болуп колот-колотко бөлүнүшү өз уруусунан бийликке көрсөтүүдө ар кандай жолдорду издеп табуу көрүнүштөрү орун алган жагдайлар бар. Мен мындай элибиздин урууччулук-патриархалдык көз караштарына каршымын.

Мен бул санжырада тарыхый генеологиялык жагдайларын уруулук түзүлүштүн натыйжасында кыргыз улуту болуп сакталып келгени анык го. Мына ошондуктан урук, урууччулук, эл, улут деген түзүлүштөрдүн кайсылары

азыркы биздин учурга пайдасы бар, кандай жакшы салттары бар эле, аны учурдун талабына жараша өнүктүрүү жагдайларын карообуз зарыл. Ар бир адам-адамзат теги-түбүн алсак бир атанын балдары экенин билсек. Биздин максатыбыз кыргызды уруу-урукка бөлүп жаруу эмес, жаштарды ата-тегин билип, алар кандай жолдорду басып келгенин, бир тилде, бир жерде, бир туунун алдында биримдикти, адилеттүүлүктү, ыйман-дуулукту сактап келгенин жаштарга ачып берүүгө тийишпиз.

«Кыргыз» деген сөздүн маанисин чечмелөөдө ар түрдүү легендалар, көз караштар айтылып да, жазылып да келе жатат.

Кээ бирлери «кыргыз»-кыр+кез-кырды кезип жүргөн деген маанини түшүндүрөт десе «кыргыз» -кырып бүтпөс, өтө көп деген маани берет дейт. Мындай көз караштардын ичинен «кырк» деген сөздүн сан атоочтук маанисинин «ыз» мүчөсүнүн жалганышы «кырктар» деген маанини түшүндүрөт деген пикир айтылып жүрөт.-«ыз» деген мүчө көптүк санын билдирген мүчө. Ошентип «кырк уруунун биригишинен, кошулганынан түзүлгөн эл» деген маанини түшүндүргөнү илимий жактан ишенимдүү көз караш экенин байкаса болот.

«Кырк уруулуу кыргыз» деген сөз «Манас» эпосунда жана «Маджуму ат-Тарварихте» да айтылат. Ошондой эле «Кыргыздар» деген китептеги Үсөн ажынын санжырасында да кыргыздар кырк уулдан тараган деп белгиленген. Адигине, Тагай Муңгуш жана Кара багыштан тараган уулдар Отуз уулду түзөт, ал эми 10 уулдан ичкилик кыргыздар таралгандыгы жөнүндө айтылат. Ошентип кырк уруу жалпы кыргызды түзө тургандыгы боюнча пикир бар.

Ал эми кыргыз элинде оң канат жана сол канат болуп бөлүнүшү жөнүндө санжырачылар арасында ар түрдүү пикир айтылат. Негизинен Оң жана Сол деп аталышы согуштан келип чыккан деген пикир ишенимдүү,

анкени башка элдердин да басып өткөн жолунда да оң канат, сол канат болуп бөлүнгөндүгү көп эле кездешет “Маджуму ат Таварихте» да Балык Кумар уулунун санжырасында да оң канат жана сол канат деп бөлүшкөн.

| **Оң канатка:** | **Ал эми Сол канатка:** |
|---|---|
| 1. Адигине | 1. Саруу |
| 2. Тагай | 2. Кытай |
| 3. Муңгуш | 3. Мундуз |
| 4. Бердике | 4. Кушчу |
| 5. Моңолдор | 5. Төбөй |
| 6. Курмушу | 6. Басыз |
| 7. Черик | 7. Каңгы |
| 8. Чоң Багыш | 8. Тейит |
| 9. Нойгут | 9. Сатикей |
| 10. Найман | 10. Ичкилик |

Ал эми белгилүү тарыхчы, этнограф илимпоз Сабыр Аттокуров

Оң канатка: Багыш, Адигине, Тагай, Муңгуш, Азык, Бугу, Солто, Сарыбагыш, Карачоро, Саяк урууларын киргизген.

Сол канатка: Басыз, Жетиген. Кылыч тамга, Кытай, Мундуз, Кара багыш, Саруу урууларын белгилеген.

Белгилүү тарыхчы-этнограф Н.А.Аристов 1894-жылы Санкт-Петербургда басылып чыккан китебинде, «Труды по истории и этническому составу тюркских племен» китебиде уруу бирикмелери кандайча бутак-таганын тизмектеп көрсөткөн.

1. Ичкиликтер. Анын курамына Кыдырша, Канды, Найман, Тейит, Кесек, Оргу, Дөөлөс, Кара тейит, Чалтейт, Бостон. Кызылаяк, Карасаадак.

2. Адигине анын ичине: Бөрү, Баргы, Олжоке Тооке, Кара баргы, Сарыбаргы, Таздар, Көкчө уулу, Элчибек, Сарттар, Савай, Жору, Карасаадак.

3. Тагай балдарына: Бугу, Сарыбагыш, Солто, Багыш, Черик, Саяк, Басыз киргизилген.

4. Муңгуш тутумуна: Кодогочун, Жапалак, Төлөйкөн, Жоош, Жылкелди, Сарылар, Сарай, Соколок, Улуу катын, Көк жатык, Тейне, Эрке кашка деп белгилейт.

Тарых изилдөөчүлөр XV кылымдан бери эле 11000 ге жакын өз ара чоң жана кичине уруу чабыттарын баштарынан өткөзүшкөнүн белгилешет. Анын 1293ү өтө ири кыргын согуш болгонун, ал эми калганы майда чабыттар болгонун изилдешкен. Мына ушундай жагдайларды эске алып кыргыз эли жоопкерчилик менен өмүр сүрүшкөнү көрүнүп турат. Мындай салгылашуулар, согуш кыргындары, сөөк күтүү, достошуу, колго түшүү сыяктуу көрүнүштөр элдерди аралаштырып жибергенин да байкоого болот. Ошол мезгилде кыргыздардан Бухаранын тегерегиндеги Самаркандын Ак-Дайра, Тай-Арык, Пахтачы деген жерлеринде, Наманган, Андижан, Фергана, Ташкент аймактарында отурукташып калган Окчу, Ак төөчү, Соколок, Терек, Маңгыт жана башка уруулар бар экенин айрым илимпоздор изилдеп чыккан. Алар кумга сиңген суудай болуп өзбек тилин, салтын, үрп-адатын кабыл алышып өзбектешип баратканы талашсыз көрүнүш го.

Кыргыздар биздин заманга чейин III-V кылымдарда Түштүк Сибирь, Борбордук Азия аймактарында жашап келсе, орто кылымдарда кыргыздар Эне-Сайда, Теңир Тоодо, Орто Азияда жашап келишсе, кийинки мезгилдерде Ала-Тоону мекендеп жашап жатышат. Негизинен кыргыздар Орто Азияда жана Борбордук Азияда байыртап белгилүү түк элдеринин ичине кирет. Кыргыздар азыркы учурда да Кытайда, Пакистанда, Туркияда, Авганистанда, Казакстанда, Өзбекстанда жашаган кыргыздар бар экени белгилүү. Мурда айрым санжырачылар жер чегин аныктоодо кашкарлык кыргыздар, аксылык кыргыздар, андижандык кыргыздар, аркалык кыргыздар, алайлык кыргыздар деп атап келишкен.

Чындыгында чек аранын азыркыдай жоктугунан Андижандын айланасындагы көптөгөн жерлеринде кыргыздар мекендеп жашап келгендиги талашсыз көрүнүш болуп эсептелет. XV-XVI кылымдарда Кыргызстандын аймагында кыргыз элинин жергиликтүү калк катары калыптануу, отурукташуу айрым жерлерди уруулар ээлеп, өзүнө энчилеп алгандай кыштоо, жайлоо деп оодарып көчүп жашап келишти.

Кыргыздын оң канатына кирген Адигине, Тагай, Муңгуш, Наалы эже бир тууган, тең ата экени талашсыз экени белгилүү.

Бул боюнча белгилүү журналист Абдувахаб Мониев «Муңгуш» деген китепчесинде муңгуш уруусунун аталышы, алар жашаган аймактар. Алардын келип чыгуусу, анын таралышы боюнча далилдүү, ишенимдүү, илимий түрдө изилденген так маалыматтар менен көрсөткөн.

Абдухаваб Мониев «Муңгуш» деген китебинде 10дон ашык белгилүү илимпоз тарыхчы этнографтардын, көрүнүктүү санжырачылардын илимий эмгектеринде жана санжырачыларына Адигине, Тагай, Муңгуш бир тууган, тең ата экенин так, далилдүү үзүндүлөрдү келтирген.

Ал эмгектер төмөнкүлөр:

1. Сайфидин ибн домулла шах Аббас Аксикентинен «Маджму ат-Таварих» китеби.
2. Балык Кумар уулунун санжырасы.
3. Н.И.Аристовдун «труды по истории и этническому составу тюркских племен» эмгеги.
4. Осмоналы Сыдык уулунун «Муктасар тарых и кыргызия» китеби.
5. Саул Матвеевич Абрамзондун «Кыргызы и их этногентические и историко культурных связи» эмгеги.
6. Үсөйүн ажы Асаналы уулунун санжырасы.
7. Бегималы Жамгырчиновдун «Очерк политической истории киргизии 20 века» эмгеги.
8. Жапар Кенчиевдин «Кыргыз санжырасы».

9. Сапарбек Закировдун «Кыргыз санжырасы» деген көлөмдүү китеби.

10. Сабыр Аттокуровдун «Кыргыз санжырасы» көлөмдүү китеби.

Мындан тышкаркы, төмөнкү эмгектерде да Адигине, Тагай, Муңгушту бир тууган, тең ата катары көрсөтүшкөн.

1. Талип Тойгонбай уулу «Кыргыз санжырасы» китеби.
2. Сапарбай Жаңыбай уулу «Кыргыз санжырасы» китеби.
3. Имамидин Кашкариев «Көк жатык баяны» китеби.
4. Абдишарип Турсунбай уулу «Тегибиз деңиз чалкыган».
5. Акун Баймурзаев «Кыргыз санжырасы» эмгеги.
6. Ибрагим Атамбаев «Кыргыз санжырасынан бир үзүм».

Жогорку эмгектерди атайын тизмелеп көрсөтүүнүн максаты бардык эмгектерде Адигине, Тагай, Муңкуш бир тууган экенин бир ооздон көрсөтүп, ар биринин уруктарынын тарамдалышы ачык, так далилдүү көрсөтүшкөн. Мына ушундай эмгектерге карабай айрым чала сабат санжырачылар Төлөйкөн, Жоош, Тээке, Жылкелди, Жапалак, Кодогочун, Маңгыт, Эркекашка, Соколок. Улуу катын, Көк жатык, Сарылар, Сарай урууларын Нойгут уруусунан чыккан Кылычкандын уулу, Наал эжебиздин күйөөсү Көкөдөн тараган моңолдорго кошуп чаташтырып жүргөндөргө жол болсун. Бири-биринен алыс турган Муңгуш, Моңол деген сөздөрдү окшоштуруп айтып, үстүртөн карагандыктан чаташтырууга туш келген. Моңолдор өзүнчө чоң уруулардын бири. Жогор жакта белгиленген Көкөдөн Моңол деген, ал эми Моңолдон Самонсур деген, ал эми Самансурдан 5 уул болгон. Алар Карамогол, Сарымогол, Сейитказы, Бакы, Баймогол. Булардын ар биринен көптөгөн уулдар бар.

Кыргыз элинин басып өткөн жолунда оозеки формада аталып келгендиктен бир адамдын жети

уулунун ичинен бирөө, «чыкма уул» болуп белгилүү болуп айтылып калса, калган бир туугандарынын аты аталбай эле, ошол чыкма уулдун атын айтып келишкен. Калган бир туугандарынын аттары, балдарынын аттары аталбай кала берген. Мисалы, Тагай, Адигине, Муңкуш бир тууган экени белгилүү. Алардан Тагай бий деп аталат. Суроо  жаралат: Тагай кимдерге бий болгон деген. Чындыгында жогор жакта белгиленгендей башка атанын балдарынын аттары айтылбай кала берген. Ошондой эле мурдагы уруулардан калган уруктар да аталбай калганы байкалат. Адамдар басып өткөн жолунда уруулар бири-бири менен урушуп, салгылашып кыргындар болгондуктан колго түшкөндөр аралашып кеткендер болгон. Үйлөнүп калып кеткендери, достошуп эриш-аркак болуп кеткендери учурайт. Койчу, бул турмуштун ар кандай жагдайларына байланыштуу бир урук башка уруулардын арасына сиңип аралашып кеткен жагдайлар бар.

## МУҢГУШ УРУУСУ

Эмесе Айтназаров Табакал абанын «Муңгуш» деген уруунун аталышы жөнүндө айткандарына жана муңгуштун тарамдалышына токтололу.

Ак уул калмактар менен болгон бир салгылашууда белгилүү ордо адамынын жалгыз кызын олжого түшүрөт да, ал кызга чепкенин жаап коюп, салгылашууну андан ары улантып жеңишке ээ болушат. Чепкенин жапканы «Бул менин олжом» деген белгиси экен. Ал кызды кийин өзүнө нике кыйдырып алат. Кыздын кабагы ачылбай, чери жазылбай муңайып көпкө муңдуу жүрөт. Ордо адамынын жалгыз кызы болгондуктан зирек, билимдүү, кат сабаты жоюлган, адептүү кыз экени байкалып оозго алына баштайт. «Муңдуу кыз» деген лакап атка ээ болот. Жыл айланып Муңдуу кыз уул төрөйт. Ак уул Муңдуу кыздан туулган уулум Муңкуш болсун деп ат коет.

Муңдуу кыз жалгыз уулун билимге, өнөргө, илим алуу багытында тарбиялап өстүрөт. Натыйжада Муңгуш илимге ынтызар, зээндүү, адептүү болуп өсө баштайт. Ошентип оң деп аталган Ак уулдун Адигине, Тагай, Муңгуш деген үч уул, Наалы деген бир кыз болгон. Муңгуштун Адигине, Тагай сыяктуу айтылбай калышынын себеби сан жагынан аз экендиги болсо, экинчиден ата-энеден эрте ажыраган Адигине менен Тагайга Наалы эже баш-көз болуп, Муңгушту күнүбатча катары бир аз четтетип жүргөн жагдайлар болгон. Ошентсе да Муңгуш мүнөз жагынан жоош, билимдүү болуп, мал бактырып, дыйканчылык кылып, эмгекчилдиги жагынан кадыр-баркка ээ болуп, урмат-сыйга бөлөнүп, Адигине, Тагай менен тең аталык даражасын алып келген деп белгилейт. Натыйжада Муңгуштун мурунку урпактарынан билимдүү, зээндүү, эл арасында таанылып, кадыр-баркка, урмат-сыйга ээ болгон. Миңдеген урпактар санжыраларда айтылып келе жатат.

Ал эми Жапар Кенчиев «Кыргыз санжырасы» деген чакан эмгегинде Акуул Сурмакаш деген байбичесинен Адигине, Тагай деген эки уул, Наалы деген бир кыздуу болот. Кийин Ат-Башынын Чеч-Дөбөсүн жердеген катагандын карасакал уруусунан Акуулга дагы бир аял алып берет. Андан Муңгуш төрөлөт деп көрсөтөт. Канткенде да Муңгуш кийинки аялдан экенин Табакал Айтназаров да кийинки муундагы Жапар Кенчиев да белгилешкендиги байкалып турат.

Азыркы мезгилдерде муңгуштар Өзбекстандын жерлеринде да бараандуу орунду ээлейт. Тувалыктарда да, кахастыктарда да «Муңгуш» деген аттар учурайт. Азыркы мезгилде Муңгуштар жайгашкан негизги аймактары КараСуу, Ноокат, Алай, Араван, Өзгөн райондорунда басымдуулук кылат.

Муңгуш уруусу эски булактарда 13 деп айтылса, жаңы булактарда 49га жеткиргендери бар.

Муңгуштан-Кош  тамга жана Жагалмай тамга деген эки уул болгон.

1. Кош тамгадан-Көк жатык, Маңгыт, Соколок, Сарай, Эрке кашка, Сарылар, Улуу катын.

2. Жагалмай тамгадан-Төлөйкөн, Жоош, Жылкелди, Тээке, Жапалак, Кодогочун.

Ар бир уруулардын эн тамгалары болгон.

⊃ - ай тамга, айдын сүрөтү.

**Џ**- жагалмай тамга

∩ - ача тамга

∪ - тескери ача тамга

**Y** - бир алиф тамгасы

***//*** - кош алиф тамгасы жана башка ушул сыяктуу.

Тоголок Молдонун санжырасы

Байымбет Абдрахманов кыргыз санжырасын ыр түрүндө жазган. Мына ошол санжырадан Муңгуш уруусу жөнүндө үзүндү келтиребиз.

“Ак уулдун экинчи аялы,  
Кыз Муңгуш деп аталат.  
Мындан тууган тукуму,  
Ок үч уруу таркалат.  
Эрке кашка Төлөйкөн,  
Маңгыт менен Көк жатык,  
Бешинчиси Соколок,  
Андижандан жер алып,  
Алтынчысы Жапалак,  
Туруп калган чөлдү алып.  
Кодогочун, Жоош дейт,  
Кийген кийими кооз дейт.  
Тогузунчу баласы,  
Жыл келди деп айтканы,  
Жортулга күз кетчү экен,  
Жаз алды менен кайтканы,

Жылда ошентип жүргөндөн,
Жыл келди деп ат койгону
Бул атакты көбүнчө,
Андижандык сарт койгон.
Онунчусу Сарыала,
Он биринчи Итике,
Он экинчи Бөкөрү,
Он үчүнчү Чүтүкө.
Чүтүкенин наамын,
Татар дешип коюшат.
Он күлкү тамаша,
Ою менен болушат.
Кыз Муңгуштан тараган,
Уруулар ушу болуучу.
Мунун баары түштүктө,
Ата Мекен конушу".

Ал эми Ош шаарынан Жуманаалы Насиров көркөм сөз менен ыр түрүндө кыргыз санжырасын түзгөн. Мына ошол чыгармада Муңгуш урпактарын төмөнкүдөй баяндайт. Үзүндү келтиребиз.

Жагалмай менен Кош тамга,
Атагы кеткен далайга.
Жагалмайдан Соколок,
Көк жатык деген эл болот.
Булар улуу катындан
Сарайы кичүү катындан
Ушундай уруу атынган
Балдары баатыр жашынан
Чалдары тойго шашылган.
Ынтымак өскөн башынан,
Кош тамганын балдары
Кодогочун, Жыл келди,
Жапалак менен Тээкеси,
Сарылар болот иниси.

Бул жерде Жуманаалы Насиров Кош тамгага кирген урууларды Жагалмай тамгага киргендерди аралаштырып жиберген. Ал эми мен жогор жакта кош тамгага кирген Жагалмай тамгага кирген урууларды Табакал Айтназаров айткан вариант боюнча бердим. Бул башка санжырачылардын айтканына да туура келет.

**1. Жагалмай тамгага кирген-Жапалак уруусу.**

Жагалмай тамганын Эшболдунун Жабай деген уулунан Жапалак.

Жапалактан 4 уул болгон.

1. Айтмат
2. Меңиш
3. Арек
4. Ороке

Жапалак уруусу мына ушул төрт атадан тарайт.

**2. Төлөйкөн уруусу**-Төлөйкөндөн Жаманбай.

Андан Карасейит, Баткачы, Андагул, Туулма, Багачы, Онтагар.

Төлөйкөн уруусу Оштун үстүндөгү Ак-Буура дарыясынын боюнда. Мындан тышкары Аравандын Чек-Абадында, Өзгөндө ж.б. жерлерде да отурукташкан.

**3. Кодогочун уруусу**-Кодогочун уруусу Кытайдан келген. Алгач Кара-Суу районунун Чычкан-Кол деген жерине келип отурукташкан. Кийин Ак-Бууранын боюна келип жайгашкан. Түп атасы Канкошко. Андан Олжотай жана Бек, Абдал 4 уул. Кодогочун уруусу мына ушул 4 уулдан тарагандар.

**4. Жоош уруусу**-Кожожар, Балык, Ороз деген үч уулдан тараган. Алар Кара-Суу районунун мурдагы Фрунзе атындагы колхоздо, Алай районунун Эркештам, маданият айылдарында отурукташкан. Кытайдагы Кызыл-Ссуда да Жоош уруусу бар.

**5. Тээке уруусу**-Кара моюн, Калдар, Бетем чал, Уранкай, Бозчу, Тор уулу, Бука. Мына ушулардан тээке уруусу тарайт. «Тээке элдин тегизи» деген учкул сөз

калган. Жогорку уруулардын ичинен аксакалы Бетем чал болгон дешет. Эзелтен бери Тээке уруусу Жылкелди уруусу менен жанаша отурукташып келген.

Тээкелер Мадыда, Кара сөгөттө, Букада, Кеңеште отурукташкан. Ошондой эле Өзбекстандын булак-Башыда да тээкелер бар.

**6. Жылкелди уруусу**-Кара, Дубана, Жаныбек мына ушул үч атадан таркалат.

Жылкелди деп аталып калышынын себеби, Жагалмай тамганын кенже уулу жортуулга көп чыкчу экен. Күздө кетип жаз алды менен келип калчу. Ошондуктан жылкелди деп аталып калган деген пикир айтылат.

Жагалмай тамганын 1 эски булактарда айтылып жүргөн 6 уулу боюнча кыскача түшүнүк бердик.

**Муңгуштун Кош тамгасына**-Көк жатык, Соколок, Сарай, Эркекашка, Маңгыт, Сарылар, Улуу катын балдарына токтололу.

**1. Сары уруусу**-Мурда буларды «Коончу сарылар» деп аталып калган. «Сарыларда сагырдын акысы калган» деген ылакап ат айтылат. Анткени сагырдын жерин алып, анын акысын толук бербей койгондуктан айтылган дейт.

Сарылар-Эсебай балдары: Андан Бешберен, Сарыкашка, Таңыбек, Чоң катын дегендердин урпактары.

Булар Кара-Суу районунун мурдагы Большевик, Тельман, Агартуу аймактарында отурукташкан.

**2. Эрке кашка**-Өктөдөн тараган. Эрке кашка «Кашка» деген сөз белгилүүлүктү билгизген. Ошондой эле «кашка» деген сөз башка урууларда да колдонгон. Жети кашка: «ай кашка» деген урууларда да пайдаланылган.

Эрке кашка уруусу түптүү элдерден болуп эсептелет. Бул боюнча «Улуу эл» деген китепте да берилген.

Эрке кашка урууларынын басымдуулугу Араван районунда, Ноокат районунда отурукташкан.

**3. Маңгыт уруусу**-Маңгыттан 5 уул: Бактыбай, Жылантемир, Казыкул, Эсиркемиш, Сүйөркул деген уулдардан бардык уруусу таркаган. Жылантемирден бала жок экенин айрым санжырачылар белгилейт.

Азыркы мезгилде Араван районунун Алля Анаров атындагы айылда, Кара-Суу районунда жайгашышкан.

**4. Соколок уруусу**-Кош тамганын байбичесинен Көк жатык жана Соколок. Соколоктон тарагандар Өзбекстандын Кожо-Абад районунда отурукташкан; ал жерде Соколок айылы да бар. 1990-жылы Ош окуясынан улам Кара-Суу районунда жерлерине да көчүп келишкен. Соколок Нооруз молдонун Бердибек деген баласынын аты.

Кош тамганын кичүү аялынан Сарай. Булар да Кара-Суу районунда отурукташкан. Ал эми Көк жатык уруусу жөнүндө өзүнчө кеңири талдоого алабыз.

Соколоктон, Бердибектен-Мама, баатыр эки уул. Маманын Маңка деген баласы Анжиянда бек болгон.

**5. Улуу катын уруусу**-Айтназаров Табакал абадан Улуу катын уруусунун аталышы анын урпактарынын таралышын сурап, жазып да алган элем. Шайыктын эки уулу болгон Кунанбай жана Өктөм. Кунанбай улуу катындан ал эми Өктөм кичүү аялдан. Кунанбайды «Улуу катындан» деген ылакап атка кондурушкан. Кунанбайдын энеси Улуу катын сөзмөр, чечкиндүү, ар кандай маселелерди чече алган кадыр-барктуу аял эле. Кош тамга чейин Улуу катындан үч ата бар экенин белгилеген. Оозеки айтылып жүргөндүктөн кандайдыр бир уруу бир көрүнүш же бир окуяга байланыштуу кийинки муундагы балдарынын аты менен аталып кала берет. Башка урууларда да мындай көрүнүштөр айтылганын көп эле кездештирдим деген эле.

Кунанбайдан-4 уул: Алике, Кырк, Молдарын, Чоткара.

Аликеден: Максум, Бешкол, Көчөтугур, Тонарык, Жалпы Улуу катын уруусу ушул аталардан тараган. Улуу катын уруусу Араван районунун Кызыл-Абад айылында, Ноокат районунун Жар-Коргон айылында отурукташкан түптүү эл болуп эсептелет.

Белгилүү илимпоз тарыхчы этнограф Сабыр Аттокуров «Кыргыз санжырасы» деген көлөмдүү китебинде жана Талип Тойгонбай уулунун «Кыргыз санжырасы» деген кичинекей китепчелеринде Муңгуш уруусунун бир уругу Улуу катын экенин жана анын таралышын ишенимдүү көрсөтүшкөн.

**6. Көк жатык уруусу**-Кош тамгадан-Шайык.

Шайыктан-Өктөм.

Өктөмдөн-Азирети Көкөлташ.

Азирети Көкөлташтан-молдо Нооруз

Молдо Ноорuздан-Келдибек.

Келдибектен-Токто жана Шерим.

Токтодон-Күзүктар, Буйгалар, Майналар. Булардын көпчүлүгү Араван районунда жайгашан.

Шеримден-Атантай, Алдаяр, Андакул.

Атантайдан тарагандар көпчүлүгү Көк-Белде, Чеч-Дөбөдө жайгашан.

Алдаярдан тарагандар тоо көк жатыктар. Булардын көпчүлүгү ар жакка тарап кетти. Андакулдун балдарынын көпчүлүгү «айланма көк жатыктар» деген ат менен көпчүлүгү Кара-Суу районунда отурукташкан.

***

Көк жатыктар кайдан келген кандай тараган, анын көпчүлүгү кайсыл жерде, кандай белгилүү адамдары бар. Негизги максатыбыз болгондуктан кеңири токтолобуз.

## КӨК ЖАТЫКТЫН ЖЕРДИГИ - КӨК-БЕЛ

***(Сапар аганын суроолоруна жооптор)***

1980-жылдары. Көгүлтүр Ысык-Көл курортунда беш күн бир бөлмөдө жатып, шерик болуп жүргөн чүйлүк иним Айдарбекти эс алуу мөөнөтү бүткөндүктөн өз айылына таксиге салып келип, эс алып жаткан учурумда, орто бойлуу, кырдач мурун, жазы маңдай кыркма сакал, жылуу жүздүү, сөөлөттүү 70 жаштардын айланасында жашап калган аксакал:

- Ассалому алейкум, тууган!-деп мен жаткан бөлмөгө кирип келди.

- Ваалейкима ассалам!-деп жооп берип, кол алышып учураштык. Ал ушул бөлмөгө бөлүнгөнүн билгизип, ал мага ден соолук, узун өмүр, оорума Алла Таала шыпаа беришин тилеп бата кылды. Аты-жөнүбүздү сурашып тааныштык. Бир-эки күндүн ичинде эле ага-инидей болуп сүйлөшүп, пикир алышып, сырдашып жакын адамдардай болуп кеттик. Алайлык Сапар аганын тунук акылы, уйкаштыра сүйлөгөн сөзмөр экендигин билиминин бийиктигин, жөнөкөйлүгүн, санжыраны жакшы билгендигин, өрнөктүү өмүрү жаштарга үлгү экенин байкадым. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, көп жылдар бою билим берүү тармагында иштеп, партиялык кызматтарда жүргөн экен. Бөлмөбүздө санаториянын тамагынан тышкары чай кайнатып тамактанчуубуз. Мен кичүү болгондуктан, анын баарын мен даярдайт элем. Отура бериң дегенге болбой, такай жардам берчү. Сенин тарбияңа, билимиңе ыраазымын, жан иним деп ылакап ат коюп алгандай, дайыма «жан иним» деп кайрылчу.

Бир күнү дем алыш күнүнүн биринде бөлмөдө маңдай-тескей олтуруп, чай ичип олтурган мезгилибизде:

**- Сен кайсыл элден болосуң, жан иним?-деп сурап калды.**

- Кыргыз деген элденмин-деп басым менен жооп бердим. Анткени мурдатан эле урууга, урукка бөлүп сүйлөгөндү анчейин жактырчу эмесмин.

Сапар ага бир аз тике карап туруп:

- Жакшы, кыргыз экениңди сезип да, байкап да билип да турам. **Кыргыз элинин кайсыл уруусунан болосуң, жан иним?-деди.**

- Муңгуш деген уруусунан болом.

**- Муңгуш деген уруунун кайсыл уругунан болосуң, жан иним?**

- Муңгуштун Көк жатык деген уругунанмын.

**- Көк жатык деген кимге карата айтылып калган, жан иним?**

- Күн алкагынын айланасындагы жылдыздардын жайгашан ордун, мезгилдин убактысынын чегине карата жердеги боло турган аба ырайынын өзгөрүшүн, аба ырайынын кандай болушун байкаган, билген, астрономия менен жаратылыш таануу илимдеринин тармактарын билүүгө кызыккан жана ал илимдеринин натыйжасында «Эсеп Абжад» деген китеп жазган, мага пуштум болуп эсептелген Ноорузов Келдибек дегендин ылакап аты «көк жатык» деген сөз»-дедим.

**- Сага пуштум болгон Келдибек Ноорузов кайсыл жерди турак жай кылып мекендеген, жан иним?**-деп мыйыгынан жылмайып койду. Мен Келдибек бабабызды «ов» деп фамилия кылып айтканымды жактырбаганын сездим.

- Ош областынын Ноокат районунун №44 жылкы заводундагы «Көк-Бел» айылына отурукташып жайгашкан. Ал жер Ош темир жол станциясынан 87 км аралыкта турат.

Калкынын саны-5155, 750 түтүн, 2567 эркек, 2508 аял, 2455 шайлоочу жашайт.

Негизинен мал чарбачылыгы менен эмгектенишет. Эки орто мектеп, клуб, фельдшердик-акушердик пункт бар. Ноокат Папан автожолунун боюнда жайгашан.

Ноокат районунун күн чыгыш тарабындагы эң четки айыл, Кара-Суунун Папан айылы менен чектешип турат.

**«Көк-Бел» деген сөздүн маанисин чечмелеп бере аласыңбы, жан иним?-деди.**

«Көк» деген сөз көп маанилүү сөздөрдүн катарына кирет.

1-мааниси-Заттын өң-түсүн билдирет.

2-мааниси-«Көк» деген сөз асман, жалпы эле асман мелжиген бийик деген маанини берет.

3-мааниси-Айтканына, ойлогонунан кайтпаган өжөр сыпатты билгизет.

4-мааниси-малдын чылгый терисинен тилинип, бир нерсени көктөө үчүн тилинген тасманы билдирет.

Жалпы түрк тилдеринде түстү билдирүүчү сөз болуп, жердин жаратылыш түзүлүшүнө карата колдонула турганын бирок бир катар жер аттарына түстү көрсөтүүчү маанини гана бербестен, асман мелжиген бийиктикти түшүндүрө турганын да эске алышыбыз керек.

Ошондой эле экинчи жагынан айрым кыргыз жерлеринде иран тилиндеги «кух» деген сөз «көк» деген формага айланып кеткенин айрым алымдар белгилешет. «Кух» деген фарс тилинде «тоо» деген маанини билгизет. Буга мисал катарында Кыргызстандагы Көк-Жаңгак, Көк-Арт, Көк-Жар, Көк-Бел сыяктуу жерлердин атын көрсөтүүгө болот.

Көк-Жаңгак-жаңгактуу тоо

Көк-Арт-тоо ашуусу.

Көк-Жар-тоо жары.

Көк-бел-тоо бели деген маанилерди берет.

Чындыгында Көк-Бел аймагынын түзүлүшү бир топ белдерден турарын жаздын күндөрү белдердин көкмөк түстү берип турарын, экинчиден деңиз деңгээлинен 1800дөн ашык бийик жер экенин, үчүнчүдөн «тоо бели» экенин, анткени чыгыш жагынан дагы Папан айылы төмөн жак экени, батыш жагындагы Чеч-Дөбө айылы да, төмөн жак экени көрүнүп турат.

Натыйжада Көк-Бел жер түзүлүш табияты жагынан «тоо бели» экени талашсыз, ал эми түс берүү жагынан да белдердин жаз, жай, күз мезгилинде да көгөрүп турганын байкоого болот. Демек жер бетинин түзүлүшү жагынан да, түс жагынан да төп келгенин белгилөөгө болот.

***

**Көк –Бел менен Көк жатык окшош, уйкаштай. Көк жатык деген сөздүн маанисин айтып берчи, жан иним?-деди.**

«Көк»-деген сөз түстү билдирүүчү сөз менен бирге түстү гана берүүчү маанини билдирбестен Асман тиреген бийик жер маанисинде да колдоно турганын жогору жакта «Көк бел» деген сөздүн «Көк» деген маанисин түшүндүрүп бердим го. Ал эми «жатык» деген сөз кандайдыр бир ишке, же жерге көнүгүп кетүү маанисин билдирсе «жатак» деген сөз «түнөк», жата турган жер деген маанисинде колдонулат. Демек, «Көк жатык» деген сөз «бийик жерди, тоо белинде жашаган эл». «тоо белинде жашоого көнүккөн эл» деген маанилерди бере турганын байкоого болот. Көк-Бел-тоо бели деген маанини билдирсе, «Көк жатык» деген сөз «тоо, бийик жерде көнүккөн, жатак кылган эл»деген маанилерди билдирет. Көк жатык уруусунун таркалышы Көк-Бел айылынан таркаган. Азыркы мезгилде Ош, Ноокат, Араван, Кара-Суу райондорунда жашашат, ал эми негизги уюткулуу жери, көп жашаган калкы, алгачкы жери Көк-бел айылы болуп эсептелет.

**Көк-Жатык уруусу кайсыл мезгилдерде Көк-белге келип калган, жан иним?**

Фергана аймагынын Бухара хандыгынын карамагынан биротоло бөлүнүп чыгышы Ирдана бийдин тушунда болгон. Ирдина бий 1751-1870-жылдарда бийлеп турган. Биздин бубаларыбыз Азирети Көкөлташ, анын уулу Молдо Нооруз, анын баласы Келдибек XVI кылымдын аягы XVII кылымдын башында жашаган.

Келдибек эсепчи 1708 –жылдары Бухарадан Алике бийдин жардамы менен келген. Кийин Келдибек эсепчи Алике бийдин кызына үйлөнөт. Алике бий отурукташкан жердин күн чыгыш жагына бөлүнүп чыгат. Мына ошол жер Көк-Бел деп аталып, Келдибек жатак кылып отурган жердеги урпактарына «Көк жатык» деген ылакап ат берилип калган.

Бул боюнча өтө кеңири айтып берсем болмок, бирок сизди зериктирип коембу дейм;-деп токтодум.

**Ал эми Кокон хандыгы качан, кимдер тарабынан түптөлгөн, жан иним?**

Миң уруудан чыккан. Шорух бийдин тушунда жана Кокондун өзү чеп калаа түрүндө Шахруктун уулу Абдар Рахим бийдин тушунда түптөлгөн. Ал 10 жыл Коконду башкарып турган. Ал 1722-1732-жылдарга туура келет. Кийин Рахимдин мураскору Абды Карим бийликке келген. Кокон хандыгын Нарбото бий 1770-1800-жылдары башкарса 1800-1809-жылдары Алимхан бийликке келген. Алимхан өтө залим чыгып элине жек көрүндү болгон. Алимхандын аталаш иниси Шералыны 1792-жылдары хан көтөрүшөт. Ошол жылдары Кокондо бийлик талашкан канзадаларда күрөш башталат. Албетте бул боюнча көркөм чыгармаларда да, тарыхта да, санжыраларда да өтө кеңири ар түрдүү окуялар сүрөттөлгөндүгү белгилүү го.

Алимхандан кийин Мурад он бир күн бийликте болот. Мусурманкул Мурадды өлтүрүп, Шералы хандын 13 жашар өспүрүм уулу Кудаярды такка отургузган, кийин Муслманкул Кудаярды күйө бала кылып алганы белгилүү го.

**Мына ошол мезгилдерде көк белдик көк жатыктар кандай отурукташкан, эмне менен алектенген экен, жан иним?**

Келдибек Көк-Белге отурукташып калгандан кийин анын урпактары Көк-белдин күнгөй тарабына, теское тарабына жайгашкан. Улам урпактары көбөйүп,

өздөрүнүн кыштоолору болуп, жерлерди бөлүп-бөлүп алышып, мал чарбачылыгы менен алек болуп жашашкан. Азыркы мезгилде да Айтаминдин кыштоосу, Алаканын кыштоосу, Чекебайдын кыштоосу, Рахманбердинин кыштоосу, Султандын Алдаберди кыштоосу, Баштыктардын кыштоосу, Жакшыбайдын кыштоосу деген жерлери, алардын жашаган жер үйлөрүнүн томдору бар. Ал көк жатыктардын бийлери, байлары башкарган уруу аксакалдары болгон. Алардын көрүнүктүүлөрү боюнча, балбандары, чечендери, жетекчилери, башкаруучулары жөнүндө кеп аңыз сөздөр азыр да айтылып жүрөт.

Ар бир айылдын аймагында жерлердин, суулардын жана башка ушул сыяктуулардын аталыштары болот.

**Көк-Белдин аймагында кандай жерлер бар, жан иним?**

«Коргон Талаа» -деген аталышка ой жүгүртүп көрөлү.

«Коргон»-коргонуу үчүн курулган сепил, тосмону айтат, ал эми «талаа» деген сөз жайык, түз жер деген маанини түшүндүрөт. Мына ушул маанилердин негизинде жер бетинин түзүлүшүнө карата окшоштуруп, Ак-Булактан Бешик-Бооздун түштүк жагын башкача айтканда Карабаев Шабандын үйүнөн баштап Матазимов Иман Маматеминовичтин үйүнө чейинки түздүктү «Коргон Талаа» деп аташкан. Ал жердеги аралыктагы түздүктү мурда камыш жана ар түрдүү курайлар өсүп, аны аралап жүргөн төөлөр да көрүнбөй калат эле деп мурунку муундагы аксакалдар эскеришет эле. Арасындагы жана чекесиндени сокмо жолдор менен өткөн атчан адамдар атын чаап өтөр эле, эгер кенебестик жана кайдыгерлик менен ишенбей өтсөң жин уруп кетет деген ишенимде болушкан экен. Азыркы мезгилде «Коргон Талаа» деп аталган түздүктө эки мектеп, медпункт, клуб жана 800дөн ашык түтүн эл жайгашкан. Ал түтүн үйлөрдө 6 миңге жакын адам жашайт.

Чындыгында бийик жерден карасак төрт тарабында бийик бел менен тосулуп тургандай көрүнүп, «Коргон талаа» деген атты далилдеп, аныктап тургандай көрүнөт.

**2. Көк-Белдеги** эң кеңири жайыттын бири **Суулуу-Тоголой жана Курук-Тоголой** деген жерлер бар. Бул монгол тилинен кирген сөз «тоголой» деген көз караш бар.

**«Тоголой»** дегенде айрым бөлүнүп турган чокуну, көбүнчө учталып турган дөбөнү айтышат. Кээде «Кырка дөбө» деген маанини түшүндүрөт. Экинчи көз караштa «Тоголой» деген сөз «тогоол» деген сөздүн негизинен келип чыккан болуш керек. «Тогоол» деген сөз бир планета менен экинчи планетанын жакындашуусу деген маанини түшүндүрөт. Чындыгында кырка  дөбөгө чыгып көз чаптырып карасак бир кырка дөбөнүн күн батыш жагы Курук-Тоголой, ал эми чыгыш жагы Суулуу Тоголой деп аталат. Мына ошол  жер тогошкон, бириккен кырка тоонун негизинде Тоголой деп аталып калганын чечмелөө илимий жактан алып караганда туура дешке болот.

3. Тоголойдун түндүк жагы Бака-Чанак деп аталат.

«Чанак» дегенде көздүн чанагы, пахтанын чанагы. Баканын жана башка заттардын чанагы боло турганы белгилүү.

«Бака»-деген сөз арткы буттары секирип жүрүүгө ылайык узун, арт жагы жайык, баш жагы кууш кургакта да, сууда да жашоочу жаныбар.

Бака чанак деген жердин кырынан карасаң төр жагы жайык кең жер, ал эми ооз жагына көз чаптырсаң кууш көрүнөт. Эгер жердин түзүлүшүнө көз жүгүртсөң баканын чанагына жердин түзүлүшүн салыштырып карасаң баканын чанагына окшош экени талашсыз. Мына ушуга карата окшоштуруп, салыштырып «Бака чанак» деп айтылып калганы анык экени байкалат.

4. Бака-Чанактын түндүк жагы Ак-Булак деп аталат.

«Ак» деген сөз «чыныгы», «таза» деген маанини билгизет. «Булак» деген  сөз башат, жер алдынан чыккан

суу. Демек, «Ак-Булак» чыныгы, таза жер алдынан чыккан суу деген маанини берет.

5. Курук-Тоголойдун ичинде «Бел-Булак» деген жер бар.

«Бел»-деген сөз тоо кыркасынын, ашуунун кайкыраак жери, анча бийик эмес жону деген маанини түшүндүрөт. Демек «анча бийик эмес жондогу жер алдынан чыккан суу» деген түшүнүктү билгизет.

6. Тешик-Таш деген жер бар.

«Тешик»-тешилген, ачык болуп калган көзөнөк, оюк болуп калган көрүнүш, ал эми «таш» деген сөз эрип, бытырап кетүүчү касиети жок, тоо тектеринин тобуна кирүүчү ар түрдүү көлөмдөгү катуу зат. Демек Тешик-Таш көзөнөк оюк болуп калгандыктан, ал жердин түзүлүшүнө карай Тешик-Таш деп аталып калган.

7. Кара-Таш деген жер Суулуу Тоголойдон орун алган. Кара көмүргө окшош, көөгө окшош чоң кара таш өзүнчө бөлүнүп турат. Мына ошого карата «Кара-Таш» деп аталып калганы анык.

8. Ал эми Көк-Белдин күнгөң жагында Балбан-Таш, Кабырга, Бешик-Боз, Күдүр, Сырт деген аталыш жерлери бар.

9. «Балбан-Таш» сөздөгү - «Балбан» -күрөшкө, оодарышка, мелдешке жана башка күч сыноого колдонулган күчтүү адамды айтат, ал эми «Таш» деген сөз тоо тектерине кире турган катуу зат. Көлөмү жагынан чоңураак ташты адамдын айылдын балбан адамдары өз ара күч сынашып кетирүүгө аракет жасашат. Көпчүлүк адамдардын ичинен Ормон уулу Атабай аба жаш кезинде тизесине чейин көтөрүп жеткизген экен. Башка адамдардан эч кими ал деңгээлге жеткизген эмес дейт. Кийин Атабай аба көзүгүп көпкө чейин ооруп, кийин бир бутунан сылтып басып калган. Мына ошол ташка карата, ал турган таш Балбан-Таш деп аталып калган.

10. «Кабырга» - деген жерлер бар күнгөй тарапта. «Кабырга» - бир башы арка омурткаларга туташып,

экинчи жагы таш сөөгүнө бириккен иймегирээк ичке сөөк. Мына ушуга карата Көк-Бел айлынын күңгөй тарабы «Кабыргалар» деп аталып калганы байкалат.

11. «Күдүр» - айылдын күнгөй тарабынан орун алган. «Күдүр» деген сөз «түз, ой-чуңкурлуу жер, өйдө-ылдый, өңгүл-дөңгүл көп талаа» деген маанилерди берет. Мына ушуга карата жердин түзүлүшүнө, көрүнүшүнө карата «Күдүр» деп аталып калганы анык көрүнүп турат.

12. «Сырт» деген жер, бул да Көк-Белдин күңгөй тарабынан орун алган.

«Сырт» деген сөздүн мааниси кырка жондору бийигирээк өрөөндөрдү билдирет. Айрым илимпоздор Орто Азияда дегендин ордуна көбүнчө бел, кыр, адыр деген терминдерди колдонгонун белгилешет. Сырт деген да жердин түзүлүшүнө карата колдонулуп келе жатканы талашсыз экени белгилүү.

13. Көк-Белдин түштүк тарабында Эш деген жайлоосу бар. «Эш» деген сөз көп маанилүү сөздөрдүн катарына кирет.

«Эш»-караан, жолдош, таяныч, медер болуу маанисинде колдонулса, экинчи тарабынан жүндөн аркан, жип жасоо үчүн, чыйратуу маанисинде да колдонулат. Ал эми Эш жайлоосунун айтылышы уратуу шилеп куюлтуу, бир жагына каратып шилеп таштоо маанисинде айтылып калган. Андагы майда таштар. Шагалдар, эшилип сүрүлүп жаткандыктан «Эш» деп аталып калгандай байкалат.

14. «Эш» жайлоосуна чыгууда «Даван» деп аталат. «Даван» деген сөз жалпы кыргыз жеринде кеңири колдонулат. «Даван» деген сөз ашуу, бел деген маанилерди берет.

Мен өтө берилип сүйлөп жаттым, бир карасам алайлык Сапар ага көзү сүзүлүп уйку алып баратканын сездим. Мен бир азга токтоп кылсам, ал өзүн өтө ыңгайсыз сезип калды. Ал мага кайрылып:

Өз урууңду, алардын келип чыгышын, жайгашкан жерлерин жакшы билет экенсиң. Ушул айткандарыңды кагазга түшүрүп кой. Бул азыркы жаштар үчүн эң маанилүү материал, сен азыркы жаштарга айтсаң, ал жаштар өзүнөн кийинки жаштарга айтат. Ата-бабалардын изи өчпөйт. Рахмат жан иним деп каалоо сөздөрүн айтып батасын берди.

Ар бир адамдын өзү туулуп өскөн жеринин аты кандай маани берет, анын аталып калышынын негизги жагдайлары кызыктырат жана атайын түшүндүрүүнү талап кылат. Ал жерлердин аталышы, ал аттын келип чыгышы бир топ жылдардын ичинде окшоштурулуп, салыштырылып, такталып анан пайда болот эмеспи. Ошондой эле ал жерде кандай эл жашарын, алардын турмуш-тиричилиги, жер бетинин түзүлүшү, бир нерсеге окшоштуруу көрүнүштөр эске алынат. Ошентип ал жердин жаратылыш өзгөчөлүктөргө жараша, жердин түзүлүшүнө карата же ким жерде биринчи отурукташ-канына карата ат коюлуп келген. Мына ушундай жагдайларды эске алып, улуу муундардын айткандарына таянып Көк-Бел деген жердин атын жана ал жерде жашаган Көк жатык уруусунун, Көк-Белдин аймагында айрым жерлердин аталышынын кандай маани бере турганын илимий жактан ачып берүүгө аракет кылдым.

***

## КЕЛДИБЕКТИН АКМОНЧОККО ҮЙЛӨНҮШҮ

Бухара амири Насурулланын ишенимдүү, эң жакын пикирлеш, максатташ, тажрыйбалуу, теңдешсиз кол башчыларынын көрүнүктүүлөрүнөн болгон Азирети Көкөлташ баатыр Бухара амирине чоң эмгек сиңирген. Ошондой эле ал топтогон мал дүйнөсүнүн үчтөн бирин бей-бечараларга таркатып бир топ сооп иштерине ээ болду. Көкөлташ баатырдын уулу Нооруз болгон. Бул Ноорузду айрым санжырачылар казак Абылайхандын

уулу Нooруз көпөс менен же Солто уруусунун акын Нooруз менен байланыштырып чаташтырып жүрүшөт. Бул молдо Нooруз муңгуш уруусунан болуп эсептелет. Нooруздун балдары Келдибек менен Бердибек жаштар жөнүндө кам көрүп Медресе жана эсте каларлык таңданта турган «Азирети Көкөлташтын мечити» экени айтылып жүрөт. Молдо Нooруз Бухара амиринин казына башчысы болгон. Азирети Көкөлташ салган медресесин кайрадан оңдоп, аны чоңойтуп, өз мезгилинин талабына ылайык келечек муундарга медресе салдырууну максат кылат. Ал эми молдо Нooруздун уулу Келдибек жаш кезинен эле медреседе окуп, кат сабаты жоюлуп, табият илиминин сырларын да өздөштүрө баштайт. Ага амирдин да көзү өтүп билим алуусуна жакындан көмөктөшүп жүргөн. Келдибек эсепчи жылдыздардын аттарын, үркөрдүн чыгышы, жер бетиндеги аба, саманчынын жолу, күн менен түндүн алмашуусу күндүн батышы, күндүн чыгышы жер бетиндеги аба ырайынын өзгөрүшү, жан-жаныбарлардын абалы, өсүмдүктөрдүн аба ырайынын натыйжасындагы абалы, анын өзгөрүшү боюнча бир топ илимий жагынан ачылыштары боюнча астрономиялык илим боюнча жаңы ачылыштарды ачканы жөнүндө айтылат. Мына ушундай терең, бекем билим алганынын натыйжасында “Эсеп Абжад” деген көлөмдүү китеп жазгандыгы айтылат. Анын «Эсеп Абжад» деген китеби муундан муунга өтүп олтурган. Келдибектен Атантайга, Атантайдан Чекебайга, Чекебайдан Жакшыбайга, Жакшыбайдан Рахманбердиге, Рахманбердиден молдо Момолойго табарик катары сактап да, андагы илимдерден пайдаланып да келишкен экен. Рахманбердинин Өзгөндөгү жээндери да алган экен. Ал өлүм алдында жатканда «Эсеп Абжад» аманат китеп Рахманбердинин балдарына берип жибергиле деп осуят кылгандыгын айтышат. Китеп Өзгөндөн молдо Момолойго келгенби же Өзгөндө калганбы так маалымат жок. Совет бийлиги орноп коммунисттик партиянын саясатынан коркуп молдо

Момолой Чоңмурундун түндүк жагындагы отурган үйүнүн бурчуна кийизге ороп бир канча китептерди көмүшкөн экен. Муну өз көзү менен көргөн жана ал китептерди жерге көмүшкөнүн Жолдош уулу Калыбай көп айтып жүрдү. Кийин жетимишинчи жылдарда Карабеков Мажит, Умаров Мому, Чеч Дөбөдөн Анарбай сопу трактор алып барышып, сүздүрүп издешти, бирок үйдүн томун Калыбай ака так таба албай, максаттары ишке ашпай калганына күбө болгонмун.

Нооруз молдо атасынын медресесин чоңойтуп белгилүү усталарды чакыртып оңдото баштайт. Медресенин дубалынын бетине өз атын Келдибек жаздырып койгонун жана амирге каршы ою бар деп ортодогу чагымчылар Бухара амирине Нооруз молдо жөнүндө чагымчылар ар түрдүү сөздөрдү айтып көрөалбастык, ич күйдүлүк менен Нооруздун көзүн тазаламак болушат. Бул окуянын болушун алдын ала билген Нооруздун жакын адамы Нооруз менен анын кичүү уулу Бердибекти түнү менен качырып жиберет. Ал эми Келдибек ордодо барымтада калып калат. Ошол мезгилде күз айларынын акырында Алике бий Бухара амири Насуруллого салык төлөө боюнча барат. Бул салык бир жыл бою элден топтолгон мал. Алтын-күмүш, баалуу терилер жана башка ушул сыяктуу мал-дүнүйө менен барат. Алике бий Бухара амири менен жакшы мамиледе болуп, анын сый-урматтуу, кадырлуу адамдарынан болгон жана сыйлуу коногу да болуп калды. Алике бий жакын тууганы молдо Нооруз менен да карым-катышта болгон. Ал Нооруз молдонун баласы Бердибек менен белгисиз жакка кеткенин сүрүштүрүшөт. Аны да куткарууга дагы күч-аракети жете турганынан ишенер эле. Ал Келдибек менен бир топ убакытка чейин сүйлөшөт.

Келдибек кетеринде Алике бий аба, аттын токумдарын буюм-кечелерди далиске алып келип койдум, бүгүн түнү кар аралаш жамгыр жаашы мүмкүн»-деп

эскертип кетти. Алике бий бул жигиттин шагы сындырбайын, асманда бир да булут жок, чайыттай ачык болуп турганын көрүп, ишенген да жок, жооп айтпастан унчукпай отуруп калды. Алике бий да кетерине аз калганын ойлоп, керектүү буюмдарын, үй-тиричилигине байланыштуу нерселерин даярдап койду да, уйкуга кетти.

Эртеси Келдибек эрте келип, Алике бийге «Аба, менин кийинки күндөрүм мен үчүн караңгы жана кооптуу болуп турат. Кандай жол менен болсо да мени өзүңүз менен кошо алып кетүүңүздү өтүнөмүн»,-деп кайрылды. Алике бий башын ийкеп тим болду.

Алике бий коштошуу максатында Бухара амирине кирди. Бир топко чейин элдин абалы, келечек максаттары боюнча сүйлөшүп олтурушту да Амирге кайрылып: «Сизге бир өтүнүч-сураныч бар, эгер макул десеңиз айтайын, жок десеңиз айтпай эле койгонум оң го»-деп өтүндү.

Кандай өтүнүч болсо да, аны аткарууга күч-аракети жетерин билгизди-Амир.

Аталаш тууганымдын баласы Келдибекти алып кетейин деген оюм бар эле, эгер сизден уруксат болсо»-деди.

Бухара амири муну күткөн эмес. Келдибекти бергиси келбесе да сөзүм эки болбосун деген ойдо башын ийкеди. Бул анын макулдугун бергени эле.

Ошентип, Алике бий жандап жүргөн адамдары менен кошо Келдибекти да ала келди. Албетте бул туугандык милдеттеринин бири жана уруунун ар-намысы сыяктуу көрүнүш эле.

Келдибек эсепчи Алике бийдин үйүнө келгенден бери бир топ убакыт өттү. Анын сүйлөгөн сөзү, өзүн алып жүрүүсү, билими, динге болгон ишеничи өтө жогору экени байкалды. Келдибек айланасындагы адамдар арасында кадыр-баркка, ишеничке ээ боло баштады. Айрыкча быйылкы кышта суук болорун, кардын оор түшүшү, мал-жанды кандай алып чыгуу жөнүндөгү айткандарынын дал

келип жүргөнү Алике бийди таң калтырып жүрдү. Ошондой эле Келдибектин атасы Нооруз молдо да өтө терең билимдүү адам экенин, адамдарынан экенин билчү. Бир атанын балдары катары Алике бий туугандык касиетти сактап, бутакташ туугандарына сыймыктанаар эле. «Аккан арыктан суу агат» дегендей Келдибектин 2-3 жылдан бери анын билимине там берип, анын келечегине ишенип жүрдү. Келдибек эсепчи аталарынын билим тажрыйбаларына таянып, медреседен алган билимдеринин негизинде «Эсеп Абжад» деген китеп жазарын, аны бир тартипке келтирип жатканы боюнча Алике бий менен кеңешип да көргөн.

Келдибек Бухарада бийлик бир топ өзгөргөнүн аймактагы чагымчылардын, ич күйдүлөрдүн жүргүзгөн иштеринин натыйжасында тополоң болгонун атасы молдо Ноорuздун бул ааламдан өткөнүн жана анын сөөгү Андижандын үстүндөгү Сейид-Булак мазарына коюлганын, иниси Бердибектин түндүк тарапка кеткенине кайгырды, ага баруу бир топ кооптуу экенин Алике бийден уккандан кийин, ушул жерде калууну чечти. Келдибек бул жылдардын ичинде бул аймактын жер шартын жылдыздардын күн менен тогошоорунун натыйжасында аба ырайынын кандай болушун жана ай жаңыргандагы өзгөрүүлөргө ой жүгүртүп баамдап жүрдү. Олокон тоосунун, Алтын-Казык чокусунун, Муздак тоолорунун чокуларынын төбөлөрүн булут ороду дегиче жамгыр жаайт. Чай кайнамга жетпей айланат. Кыш мезгилинде да аба ырайынын суук болорун, кардын оор түшөрүн, дарактардын жалбырактарынын эрте же кеч күүлөрүн, жапайы текелердин кеч же эрте жүгүрөрүн байкап, жан-жаныбарлардын канаттуулардын, ал гана турсун пияз, сарымсактардын кандай кабат аларынан бери байкап, талдап аба ырайынын бул жылы кандай болушун айтып берип жүрдү. Айрым адамдар: Күндүн кандай болушун, бир Алла гана билет» -дешип ага анча маани бербегендер да болду. Бирок көпчүлүгү Келдибек

эсепчиден дыйканчылык жагдайында үрөөндү кайсыл мезгилде сээп, кайсыл мезгилде жыйнап алуу жөнүндө андан кеңеш сурап жүргөндөрү арбын болчу. Мына ушундай жагдайлардын негизинде Келдибек эсепчинин кадыр-баркы эл арасында жогорулап, оозго алына баштады. Ал жөнүндө жакшы пикирлер, аңыз сөздөр айтылып жүрдү. Эл жайлоодон көчүп келгенден кийин кышкы камылга көрүлө баштады. Дарактардын, канатулардын, курт-кумурскалардын кыймыл-аракеттерине, жылдыздардын жайгашкан ордун мезгилдин убактысынын чегине карата быйыл кыш суук да болорун, кар да өтө оор түшөрүн, мал-жандыктын абалы оор болорун жуттан малдар кырылып калар бекен?-деген ой көңүлүн өйүп турат. Бир-эки жумадан кийин Алике бийге келип:

- Быйылкы жыл кар өтө оор түшүп, мал жуттан кырылып калуу коркунучу бар. Ошондуктан жылкыларды чөл тарапка айдап, кыштан аман алып калуунун бир гана жолу деп эсептейм. Эгер макул болсоңуз жылкыларды ошол жакка кыштатып келейин»-деп кайрылды. Алике бий Келдибектин айткандарына макул болду да:

Кайсыл мезгилде кайтасың?-деп сурады.

Кыш чыгаарда сары кар жаайт, сиздер аны күрөп күрөктү кардын үймөгүнө сайып койгула. Ошол күндөрдүн бириде жылкычы кычкач келет. Мен жылкычы кычкач менен тең келип калам»-деди Келдибек эсепчи.

- Мейли балам, жолуң шыдыр болсун, жолдошуң кызыр болсун! Жылкыларды сага, сени кудайга тапшырдым»-деп жакшы ниет-тилектерди айтып батасын берди. Чындыгында бул жылы Келдибек айткандай кыш оор болду. Кардын калыңдыгынын ат бура такыр баса албай, адамдар бири-биринин үйүнө каттоо кыйын болуп, эл бир топ жүдөө тартты. Жут болуп адамдар мал-жандыктары, жылкылары көтөрөм болуп эсепсиз кырылды. Адамдардын маанайы пас, көңүлдөрү суз, бир топ жүдөө тартты. Колдо кармаган бир аз малдары азын-оолак даярдаган тоюттун жардамы менен карларды

күрөп мал-жандыктарын оттотуп жазга араң чыгышты. Ала-шалбырт мезгилинде сары кар да жаады. Алике бий терең ойдо, карды өзү күрөп, үйүлгөн карга күрөгүн сайып коюп, бир үшкүрүп коюп, ичтен сызып, терең ойго батып, үйүнө кирип жатты. Бир-эки күндөн кийин Алике бийдин кызы Акмончок эшикте жүргөн мезгилде жылкычы кычкачтын күрөктө конуп турганын көрдү.

Түлкү-Дөбө жакты караса көп жылкынын карааны көрүндү. Жүгүрүп үйгө кирди да: Ата атаке! Тээ ылдый жакта жылкылар келе жатат-деп зор кубаныч менен атасына кабарлады. Алике бий үйдөн чыгып караса жылкылардын алдында үйүрдү баштап келе жаткан чабдар бээсин жазбай тааныды. Конуштагы адамдар да бала-чакалары менен үйлөрүнөн чыгып, жалпы карап турушту. Аңгыча Келдибек да жетип келди. Атынан түшүп абасына салам берди. Алике бий саламына алик алып, кучактап учурашып кубанганын, сүйүнүчүн билгизбөөгө аракет кылып суроо узатты.

- Балам, бу сен, жылкычы кычкач менен бир келем дебедиң беле?

- Түлкү-Дөбөнүн наржагына келгенде касиеттүү Сары бээңиз кулундап калды, кулун телчикенче кармалып калдым, болбосо жылкычы кычкач менен бирге келмекмин.

- Сен айткандай быйыл кыш абдан оор болду, жут болгондуктан мал аябай чыгашага учурады, эл бир топ кыйынчылыктарга учурады. Менин жылкыларым элим-дики, сен калктын сообуна калдың. Айланадагы эл да алкышын айтып, жакшы ниет-тилектерин билгизишти. Ошол мезгилде Алике бий: Келдибек каалаганын сурасын анын ар кандай талабын аткарамын»-деди. Келдибек да учуру келгенде айтып калайын- деп көптөн бери айталбай жүргөн оюн айтты.

«Чыгыш тарап берекелүү, касиеттүү деп аталат. Көңүлүңүзгө туура келсе, ошол жакты конуш кылайын. Акмончок экөөбүз максат коюп, убадалашып да

жүргөнбүз, анын колун сурайын дедим эле»-деп өтүндү. Алике бий бир топ унчукпастан туруп, айтканымдан кайткан болбос деп макулдугун билгизди. Курчап турган эл да жакшы каалоо-тилектерин айтышып бата беришти.

Келдибек эсепчи Акмончок менен баш кошуп аларга Көк-Бел тарапка ак өргө тигишип. түтүн булатышып жашап калышты. Ырым катарында сунушу менен Келдибек кайынатасынан козу-улактардын байланган көгөндөрүнүн жарымын сурады. Ошентип тоо белин жатак кылган Көк-Бел көк жатыктардын жери болуп Келдибектин урпактары тукум улап жашап калышты. Келдибек эсепчинин билими, анын аткарган иштери муундан-муунга өтүп эл оозунда айтылып жүрөт.

***

Азыркы мезгилде 2014-жылга карата Көк-Бел айыл өкмөтүндө 8069 гектар жер кайрак, анын 3225 гектары айыл чарба багытындагы жер, Шут жайлоосунда 1814 гектар жер Кайыңдыда отурукташкан 29 үй-бүлө, ар бирине 15 сотыхтан жер бөлүнгөн, ал эми Байдам-Талда Ак-Буура дарыясынын жээгинде 17 гектар жери бар. Көк-Бел айыл өкмөтүндө 1093 түтүн, 7 миңден ашык адам жашайт. Күн батыш жагындагы Чеч-Дөбө айылынын жери карарып, ала-телек  болуп калганда Кө-Белди карай өрдөгөн сайын аппак кар козголбой жата берет. Айтор Көк-Белге кыш эрте келип, жаз 15-20 күндөй кеч келет. Көк-Бел айылына тушташ Алтын-Казык чокусунун үстүнөн эзели мал чарбачылыгына ылайыктуу, малга жайлуу жер. Күнгөй тарабындагы Балбан-Таш, Кабырга, Сырт тараптар күздө күнгө күйүп, саргайып калган убакта да Көк-Белдин тескей тарабы жап жашыл бойдон тура берет.

Бул жерлерди бир убактарда Калмактар басып алып бийлик жүргүзүп келишкен. Калмактардын көптүгү ушунчалык экен дубалга чыгып алган улак түшө албай калчу экен дешет. Түптүү элдин учу куру калбайт эмеспи эл арасынан ар-намыстуу мекенди коргоо боюнча эл

арасынан баатырлар чыгып, калмактар менен катуу салгылашып жеңишке ээ болуп, келген жагына сүрүп айдаган экен. Калмактар кетеринде Көк-Белдин суу аккан булактардын көзүнө кырк кулактуу казанды көмкөрүп, көөмп кетишкен.

«Көк-Бел ай, Боз-Бел ай,

Атаны биздин Ай-Көл ай»-ырга кошуп боздоп-сыздоп кеткен экен деп айтылат эл арасындагы уламыштарда. Бул боюнча Кош-Чан, Шаң-Кол сыяктуу жер аталыштары да ошолордон калганбы деген пикир бар. Азыркы мезгилде түптүү эл Көк-белде басымдуулук кылат.

## ЧЕКЕБАЙДЫН АЙКАШКАНЫ СОЛТОЛОРГО БЕРГЕНИ

Белгилүү тарыхчы, этнограф илимпоз Сабыр Аттокуров өзүнүн «Кыргыз санжырасы» деген көлөмдүү китебинде Тагай бийдин Көк-Белде жашап кеткендиги жөнүндө минтип жазат:

«Эгерде Тагай бий XIV кылымдын экинчи жарымында XV кылымдын биринчи чейрегиде жашаган Эмир Темирдин кол башчысы экендиги кооп туудурбаса, анда ал тарыхта болгон инсан. Кыргыз санжырасынын көрүнүктүү каарманы, орус окумуштууларынын ою боюнча кыргыздардын түп атасынын бири-Тагай бий «Маджму ат Таварихте»-Көк-Белде азыркы Ноокат районунун чыгыш жагында, Ош шаарынын түштүк батышында жашаган. Санжырада Тагай бий кыргыздын экинчи курактагы урууларынын түпкү чоң атасы катары көрсөтүлөт»-(40-бет) деп жазган. Бул үзүндүнү көрсөтүп жатканыбыздын максаты алгачкы мезгилдерде кыргыздын аталары жашап кеткен касиеттүү, берекелүү, куттуу жер экенин белгилөө болуп эсептелет.

Андан ары айрым санжырачылар Тагай бийдин Ош шаарынын түштүк батышынан кийин Аксыга барып жашап

турганын, андан кийин Ысык-Көл тарапка барып жашап калганын белгилешет.

Кокон хандыгынын тушунда колот-колотко жайгашып, уруу-урууга бөлүнүп, калктын жонуна шор кайнап, так, бийлик үчүн ата-баласын, бала атасын, бир туугандар бири-бирининин көзүн тазалап, адамдык асыл касиеттерине доо келтиришти. Абдырахман Кокон кандыгын түптөгөн болсо, Шералынын тушунда кан башкарбай эле, ички кара ниет амалкөйлөр, айлакерлер башкарып келгендиги анык го. Кудаяркан такка отурганда да баш аламандык болуп, айлакерлер, караөзгөйлөр таасир көрсөтүп, ордодо чатак өкүм сүрүп Малаканды такка отургузушту эле, Кудаярдын тыңчылары биротоло анын көзүн тазалашты. Кийин ордодогулар Исхак Асан уулун бул кан тукуму Алимкандын небереси Полоткан деп такка отургузушту. Бул мезгилде орустар да Кокон хандыгын жок кылып Николай пашанын карамагына алууну көптөн бери максат кылып жүрүшкөн эле. Мына ошентип эки кылым өкүм сүргөн Кокон хандыгы кулап, Николай пашаанын өкүмү, бийлиги Орто Азия элдеринин үстүнөн бийлик жүргүзө баштады.

Эки кылым Кокон хандыгынын тушунда Көк жатык уруусунун башында өзүн эл менен бирге койгон эл ичиндеги аксакалдардын акылман сөзүн уга билген, байыртан ата-бабалардын салтын бекем сактаган Ислам динин, Алланын сөзү болгон Куранды терең түшүнгөн, жан дүйнөсү таза, акыйкатты чындыкты баалаган, эл ишеничине ээ болгон, саяпкер, мүнүшкөр адам болгон Чекебай Көк жатык уруусун бириктирип, башка уруулар менен байланышта болуп ынтымакчылыкты сактаган, эл жүгүн көтөргөн башкаруучу катары санжырада айтылат. Кокон хандыгынын башчылары менен да тыгыз байланышта болуп. бөлүнгөн милдеттерди абийирдүүлүк менен аткарып келген. Ошондой эле Чекебай саяпкер экендиги боюнча да көптөгөн аңыз сөздөр айтылып келет. Ал атты жанындай көргөн, аттан турушунан, анын

көзүнөн, кылык-жоруктарынан, аттын эмнени каалап турганын байкаган, сезген адам эле. Атка сүйлөп мамиле кылганын, аттын көзүн карап турушун байкап, чабандестерине көрсөтмө берип турган. Анын Ак туяк, Керкашка, Көктулпар, Айкашка деген күлүк тулпарлары жөнүндө эл арасында кызыктуу аңыз сөздөр айтылып жүрөт.

Бир жолу арка тараптагы туугандар даңазалуу тоюна кабар айттырат. Мына ошондо Чекебай палвандарын, күлүк аттарын, өнөр адамдарын, акылман аксакалдарын жанына алып барат. Той бир жумага созулат. Палвандардын күрөш, улак тартыш, жамбы атыш, эр эңиш, кыз куумай, аламан байге оюндары өткөрүлөт.

Адигине, Тагай, Мунгуш урууларынын ортосунда мелдеш сыяктуу тирешүүлөр өтүп жатты. Ал гана турсун элдин кыраан каткырык күлкүсүнө дуушар болгон аялдын өз абийирин жыйыштырган «Төө чечмей» оюнун да өткөрүштү. Палвандардын оюнуна кумарланган күйөрмандар «көтөр», «чап» деп бакырык-кыйкырык чыкса, экинчи жерде «тарт», «айда»-деген улакчылардын кыйкырыктары уу-дууга түшүп эл бир жерден экинчи жерге сүрүлүп жүрдү. Акыры аламан байгеге сайылган Ак боз ат, ээр башына илинген үкүлүү кундуз тебетей жасалгаланган атка көп адамдардын үмүтү түшөт. Ак боз ат менен үкүлүү тебетейди кийген кыз ким аламан байгеде биринчи келген күлүктүн ээсине туртууланат. Мындан тышкары тогуздан тогуз түрдүү мал жандыктар сайылган. Бул ата-балалардан бери келе жаткан салт эле. Ал кезде мындай сооруңдар, анын даңкын көтөрүп бийлик менен байлыкка чиренгендердин гана колунан келчү көрүнүш эле. Аламан байгеге Чекебай Айкашка деген атын байгеге кошордун алдында Чотонго мингизип бир аз байкап туруп, кыска аралыкка катуу чаап чукул кайрып көрчү деген экен. Кыска аралыкка катуу чаап чукул кайрыганда Айкашка бир аз убакыттан кийин бир тезек таштайт экен. Мына ошондо Чекебай эми байгеге

кошо бергин деп буйрук берди дейт. Бул байгеде Айкашка башка күлүктөргө караганда ат чабым алдыда келип, жер-жерлерден барган палвандардын алп күрөшүндө Чоготой уругунан чыккан, Толкун палван күрөшкө чыгып чоң мөөрөй алган экен. Ошентип Чекебай байгеден да, палвандардын күрөшүндө да чоң ийгиликке жетишип, абийир алып, аябай чоң олжого ээ болуп, аты аталып сый-урматка ээ болгон. Солтолордун Акмат бийи «Айкашкадай ат чанда жаралат, ушул атты кандай жол менен болсо да алып калуубуз керек» деген сөздөрүн от жагып эт бышырып жаткан Гобо уругунан Сарымсак чабандес угуп калат да болгон окуяны Чекебайга айтып келет. Ошол эле түнү Толкун балбанды баш кылып Чотонду, Сарымсакты кошуп олжого алган малдары менен кошо Айкашканын кашкасын билгизбей көөлөп түн ката жөнөтүп жиберет. Бир күндөн кийин аркадагы туугандар бул окуяны билгенден кийин өкүнүчтө кала берет. Бир жылдан кийин атайын чоң тартуу алып келип, сураныч-өтүнүч менен Айкашканы алып кетишкен экен.

***

## КӨК ЖАТЫК УРУУСУНУН ТАРАМДАЛЫШЫ

Белгилүү тарыхчы, этнограф илимпоз сабыр Аттокуров Түрк нааманын атасы Хиванын жана Абдулгазынын «түркмөн шежереси» эмгегин, молдо Сайфаддин Аксикентинин «Маджму ат-таварих» китебин О.Сыдыковдун «Тарых кыргыз шадмания» санжырасын жана С.М.Абромдун, Я.Винниковдун санжыра изилдөө-лөрүнө таянып кошмо кыргыз санжырасын түзүп Нух пайгамбардан таралган генеологиялык таблицаны түзгөн жана Аналхактын эки уулу Багдат калифатынын кара кытайларга каршы жасаган жүрүшүнө катышканын, Лурбузуруг аскердин оң канатын жана Лурхан оң канатын

башкарган, ошондон тартып оң жана сол канат болуп бөлүнгөн деп белгилейт.



Молдо Сайф ад-дин Аксикентинин «Маджму ат таварихте эмгеги боюнча Аналхактын эки уулу болгон. Алар Багдад халифатынын Кара кытайларга каршы согушушат. Мына ошондо Лурбузуруг аскердин сол канатын, ал эми Лурхан оң канатын башкарышат. Мына ошондон тартып кыргыздар оң канат жана сол канат болуп экиге бөлүнгөн деп белгилешет. Бул VI-X кылымдарга туура келет.

**Сабыр Аттокуров кыргыздардын генеологиялык таблицасын төмөндөгүдөй көрсөткөн**

| К-н | Сол канат | Оң канат |
|---|---|---|
| 1 | Аналхак | Аналхак |
| 2 | Лурбузуруг | Лурхан |
| 3 | Г.Кылыч | Гухан |
| 4 | Доло бий | Арслан бий |
| 5 | Күчүк бий | Кулу бий |
| 6 | Мунун бий | Шафар бий |
| 7 | Дербиш бий | Темиш бий |
| 8 | Кемин бий | Арстан бий |
| 9 | Норус, Нори | Темин бий |
| 10 | Махран | Мари бий |
| 11 | Назар бий | Мари бий |
| 12 | Сүйүндүк бий | Кабылан бий |
| 13 | Сары Мухамбет | Санкин бий |
| 14 | Бай Мухамбет | Сары бий |
| 15 | Кенже Мурат | С.Мурат |
| 16 | Нааш | Телкозу |

| | | |
|---|---|---|
| 17 | Конкатты бий | Калпак бий |
| 18 | Кулу бий | Көктемиш |
| 19 | Абул бий | Гази бий |
| 20 | Атан бий | Домбул |
| 21 | Лаклан бий | Долон |
| 22 | Сары бугу бий | Бос уул |
| 23 | Куу уул | Ак уул |

**Ал эми айрым санжырачылар XIV-XV кылымдарда экинчи жолу оң, сол жана ичкилик болуп үч канатка бөлүнгөнүн төмөндөгүдөй тарамдалышын белгилейт.**


Кыргыз
Оң канат
Багыш
Адигине
Тагай
Муңгуш
Азык
Бугу
Солто
Сарыбагыш
Моңолдор
Кара чоро
Сол канат
Базыс
Жетиген
Кылыч тамга
Кытай
Мундуз
Кара багыш
Саруу
Кыпчак
Ават
Ичкилик
Канды
Дөөлөс
Теит
Найман
Жөөкесек
Бостон
Нойгут

## Миңгуш уруусунун тарамдалышы



## Көк жатык уруусунун тарамдалышы




Муңгуш
Кош тамга
Жагалмай тамга
Соколок
Сарай
Көк жатык
Эрке кашка
Маңгыт
Сарылар
Улуу катын
Шайык
Өктөм
Коколташ
Нооруз
Келдибек


Токто
Шерим
Күзүк
Майнаш
Буйга
Атантай
Андакул
Алдаяр
Чекебай
Чоготай
Баштык
Алак
Пычы
Кечүбай
Жакшыбай
Алдаберди
Какы
Карабала
Айбаш
Султан
Полот
Алымкул
Орто
Гебө
Досназар
Рахманберди
Намаз
Борбодой
Молдобала

## ЖАКШЫБАЙ МҮНҮШКӨР

Жакшыбай-Чекебайдын чыкма уулдарынын бири экендиги жана көп кырдуу инсан экендиги жөнүндө кеп аңыз сөздөр айтылып келе жатат. Кызыл койлуу Жакшыбай бир гана Алланы таанып, ага сыйынып, анын буйруктарын бекем карманган, атасы Чекебайдын саяпкерчилигин уланткан, дыйканчылыктын. Мал чарбачылыктын сырларын өздөштүргөн ички руханий байлыгы кенен, эң жогорку адамгерчилик сапаттарга ээ болгон инсан эле деп эскерилет.

Башка улуттардай эле кыргыз элинин ата-бабадан бери келе жаткан асыл баалуу үрп-адаттары каада-салттары, нарк-нускалары болгондугу белгилүү. Албетте, адат дегенде тийиштүү жагдайларга карата жалпы эл тарабынан кабыл алынып, жүрүм-турум нормаларынын жашоо-тиричиликтин жол жоболорунун жыйындысы экенин түшүнөбүз. Ал эми каадада жалпы адамзаттын күндөлүк үй-тиричилик турмушундагы маанилүү учурларда жакындары менен бирге өткөрүлгөн ар кандай жөрөлгөлөр болуп эсептелет. Ошондой эле нарк-насилде бул жашоодогу жүрүм-турумдагы жол-жоболор, адеп тартибиндеги шарттар, үлгүлөр болуп эсептегени белгилүү. Кызыл койлуу Жакшыбай да элдин каада-салтын, нарк-насилин, нускаларын бекем сактап, эл менен тыгыз байланышта болуп, элдин биримдигин, ынтымагын, намысын бекем сактап Көк жатык уруусунун башында турган белгилүү инсан экендиги айтылат. Атасы Чекебайдын чечендиги, мүнүшкөрлүгү, саяпкерлиги өтө жогору болгон. Ал ат топтоонун, ыкмаларын, куш тилин колдун беш манжасын билгендей эле өздөштүргөн. Ушинтип жүрүп көзүм өтүп кетсе, билген өнөр сырларым ичимде кетпесин, Жакшыбай улантып кетер деген ниет менен ага мүнүшкөрлүктүн сырларын, жылкынын кандай оорулары бар экенин, кандай аттар байгеге чабыларын, улактын аты кандай болорун, аларга мамиле жасап, кандай таптарын айтып

берип. Өзү менен Жакшыбайды жаш мезгилинен ээрчитип кулагына куюп жүрдү.

Күндөрдүн биринде Чекебай уулу Жакшыбайды, амаки инилери Бөлөкбайдын Эшимин, Майнаштын Жанботосун алып Алтын-казык тоолоруна ууга чыгышат. Эш жайлоосунун төрүндө жетишкенде бүркүттүн добушун угушуп, шумкурулуп шашып учуп бараткан бүркүттү көрүштү. Артынан эки ителгинин бирөөсү төбөдөн чабыттап барып шумкурулуп тездик менен бүркүттү тээп өттү. Экинчи жолу да ошондой тездик менен кайрадан тепти. Муну көргөн Жакшыбай ушундай да болобу! Бүркүт абдан чоң, ителги андан кичине болуп туруп, бүркүттү өлтүргөнүнө таң калды. Анда Чекебай ителги куштардын кырааны ал өтө шамдагай болуп, тез учат. Мында ителгинин өчөшкөнүн, кандайдыр катуу ызаасы болуш керек, кээ бир чабал бүркүттөрдү оңой эле тынчытат-деп Чекебай уулуна түшүндүрдү. Андан ары жолун улантып болжогон жерге жетишкенде, мен тээтиги Алтын-Казык тоосунун чыгыш тарабындагы чокуга чыгам. Силер тиги жерде тургула, мен жетип белги бергенде, үн чыгаргыла, таш кулаткыла деп көрсөтмө берди. Анча өтпөй эле наркы коодон үч-төрт элик чыга калып качып жөнөдү. Чекебай бүркүтүнүн томогосун тартты. Бүркүт дароо көрүп, жапысыраак эле учуп, кууп жөнөдү. Бир кезде жетип, бир буту менен чатпаяк жагынан мыкчып, экинчи буту менен баш жагынан тутамдай куушура алып басып калды. Шаңшыган үнү угулуп, канаттары жайылып турат. Ошол мезгилде Жакшыбай барып бүркүттү ажыратып бугуну дароо мууздап, өпкөжүрөгүн чыгарып бүркүтүнө сугунтуп, топук тилетип отуруп калышты. Чекебайдын бул бүркүтү илбирсти илип, аюуга тырмак салган бүркүт мындай олжолорду жүздөп аткарган. Чекебай, Жанбото, Эшим өз ара сүйлөшүп алгыр куштардын тилин мүнүшкөр гана биле тургандыгы жөнүндө, аны семиртүү, арыктатуу, түлөккө отургузуу, тапка киргизүү сыяктуу ыкмаларды өтө этияттык менен так аткарсаң гана ийгиликтерге жетише тургандыгы жөнүндө

Чекебай айтып, бир топко чейин отуруп калышты. Ал эми Жакшыбай бул мезгилде бүркүттү алып андан ары кеткен эле. Бир топ убакыттан кийин тоодак, кекилик, коен алдырып Жакшыбай да келип калды. Менин өнөрүмдү ушул Жакшыбайдын улантарына көзү жетип өз ичинен ага ыраазы болуп, Жакшыбай баралына келип жылкылардын кандай ооруларга дуушар болорун жана аны айыктыруунун жол-жоболорун да жакшы өздөштүргөн. Жылкынын сакоо, маңка. Какма, тели, таңдай сыяктуу ооруларынын пайда болушун, аны айыктыруунун жолдорун жакшы билгендиктен ага көбү кайрылчу. Күндөрдүн биринде Токой абасынын минип жүргөн атынын кыр аркасы тайып, бүжүңдөп калганда, аны балбандарга бекем байлатып бакан менен сыдырып жатып калыбына келтирет, ал эми Айтамын агасынын аты от жебей өтө арыктап баратканын айтып Жакшыбайга кайрылып калат. Аттын оозун ачтырып, таңдайын карап шибеге менен үч-төрт жерине сайып койду. Аттын оозу канап, тилин чыгарып бир-эки жөткүрдү. Бир аздан кийин атты көк отко койгондо ат айыгып оттой баштады.

Ал чабандестерине да кеп кеңештерин айтып, көрсөтмөлөрдү берип, күнүмдүк милдеттерин дайындап анын аткарылышына көз салып турар эле деп эскеришет. Күлүктөрдү таптоодо арпаны каныга жеген күлүк арыбайт, кубаттуу да болот, алдан, күчтөн тайыбайт, ал гана турсун илдети болсо, аны арпа сүрөт. Байгеге чабыла турган күлүккө жем берүүнү токтотот. Кургак чөпкө коюп, орулган жаңы бедеге коюп, аны суутуп минип турат. Ат табына келиш керек, табына келгенде денесинде арам тери майы калбагандай деңгээлде болот. Эгер күлүк семиз болуп тери калса, аны чапканда анын табын бузуп аласың, ал эми табына келген күлүк тайган аттай кыржыйып, бүткүл бою тарамыш, чымыр туяк, мойну түз болуп, ордунда туйлап, ооздуругун кемирип турат деп саяпкерчиликтин сырларын ачып турар эле деп эскеришет. Мына ушундай билими, мүнүшкөрлүгү, саяпкерлиги, күч-кубаттуулугу

менен эл арасында зор кадыр-баркка, урмат-сыйга ээ болуп, жалпы көк жатык уруусунун ар намысын, абийирин бийик көтөрүп, жалпы уруунун биримдигин, ынтымакчылыгын сактоого эбегейсиз күч жумшаган. Кудай берип анын Рахманберди, Гөбө, Борбодой. Намаз, Досназар, Молдобила деген балдарынан да элге кызмат кылган уулдары өсүп, кеңири таркаган, анын урпактары өлкөбүздүн ар кайсы жерлеринде ар түрдүү тармактарда эмгектенип келишүүдө.

***

## РАХМАНБЕРДИ БАЙ

Жакшыбайдын тун уулу Рахманберди бай Бухарадан билим алып, алымдыгы бар кызыл койлуу Жакшыбайдын сүйүктүү чыкма уулдарынын бири эле. Алдында эбегейсиз бийлиги бар, артында сансыз байлыгы мол, адилет менен чындыктын, акыйкаттын туусун бийик кармаган, соопчулук иштерин көп жасаган. Карыларга, жетим-жесирлерге камкордук көргөн, инилерин илим алууга көмөк көрсөткөн, илимге жогору баа берген, ата сөзүн эки кылбаган, ата осуяттары көкүрөгүнө түйүп аны турмушка ашырган инсан экендиги белгилүү. Көк жатык уруусун башкарып, ар кандай маселелерди чечүүдө калыс, адилет жыйынтык чыгарып келгендиги жөнүндө көп жакшы пикирлер айтылат. Ал кийин Кокон хандыгын башкарган Нарбото бий менен тыгыз байланышта болгон. Нарбото бий менен жаш чагынан тааныш болуп, карым-катнашын үзбөй бирибирине өтө кадырлуу, сыйлуу адамдардан болушканын санжыраларда айтылып жүрөт. Кийин Шералы хан башчы болуп тактыкка отурганда да өзүнүн кадыр-баркын кетирген эмес. Айрыкча анын алым экендиги, билиминин жогору экендиги жана бул чөлкөмдө теңдешсиз байлыкка ээ экендиги, Көк жатык уруусунун башкаруучусу экендиги көптөгөн жерлерге маалым эле.

Ичкилик туугандардын Акбарак бийдин кызы Зулайка энебиз Рахманбердинин экинчи аялы болгон. Мына ошондой жагдайлардын натыйжасында тыгыз байланышта болушкан Ичкилик туугандар да ар кандай мааракелеринде башына алып турган жана алардын арасында да чоң кадыр-баркка ээ эле. Рахманберди бай, «Молдо Рахманберди», «Рахманберди эсепчи», «Рахманберди бий» деген кошумча эпитеттер айтылып жүрөт.

Шералы ханга куттук айтып баруда да Рахманберди бай менен макулдашып, аны башына алып барган экен. Рахманберди бай инилери Султанды, Полотту, Каримбердини, Көчүбай абасы баш болгон бир топ адамдар менен баргандыгы айтылат. Байдөөлөт бий башыда турган ичкилик туугандар өтө баалуу белектерди алышып, өз аттарын чыгармак болушат. Ал эми Рахманберди бай Шерали хандын табитин, эмнени жакшы көрөрүн байкачу. Айрыкча кыргыздардын арасында чоңойгон, мүнүшкөрлүккө кызыкканын да угуп жүргөн. Шералы хандын энеси да, эки аялы да кыргыз болгон. Рахманбердинин ак шумкары жөнүндө да көп аңыз сөздөр таркаган. Мына ошол ак шумкары менен бирге бир топ белектерди тартуу кылган экен. Рахманбердиден бубасы Келдибектин «Эсеп Абжад» китебин алдыртып, айрым жерлерин Шералы хан ордого жаздыртып алгандыгы жөнүндө да санжыраларда айтылып жүрөт.

***

## СУЛТАН, ПОЛОТ ЖӨНҮНДӨ

Чекебайдын экинчи уулу Пычы. Ал өтө бош. Жоош, минайым, жөнөкөй адам болгон, бирок да өз турмушуна тың экендиги айтылат. Пычыдан 4 уул болгон. Биринчи аялынан Султан менен Полот ал эми экинчи аялынан Алымкул менен Өктө. Пычынын Султан менен Полотту өтө курч, чечкиндүү адилеттүү, чыйрак уулдар болуп жаш кезинен эле оозго алына баштайт. Мына ошондо

Жакшыбай «Жакшыдан бөөн, жамандан жаан» деген макал айтып баа бергенин айтып жүрүшөт. Мында «жаан» деген сөз-«өткүр», чечкиндүү деген маанилерди билдирет. Айрыкча Рахманберди Пычы уулу Султанды жанына алып, көптөгөн маарекелерге бирге алып жүргөндүгү айтылат. Султандын чечкиндүүлүгүнө курчтугуна, адилеттүүлүгүнө карап: «Аты да Султан, заты да султан» -деп баа берген экен. Анткени феодалдык коомдо бийлик жүргүзгөн башкаруучу акимди султан деп аташкан. «Бирөөнүн элинде султан болгончо, өз элиңде ултан бол» деген макал «султан» деген сөздүн маанисин ачып турат. Элдик накыл сөздө атадан үч уул туулат деп айтылат.

Биринчи, атадан кем бала, бул атага наалат келтирет, эл алдында кадырын түшүрөт, жалкоо, ууру, сыяктуу жаман сапаттарга ээ бала болуп эсептелинет.

Экинчи, атага тең бала, атасынын жолун жолдоп, кесибин улантып өнөр, билимге ээ болот, азели атанын атын булгабайт. Үчүнчү, атадан артык бала-бул атанын атын чыгарат, ал бир гана атанын уулу эмес, элдин уулу деген атка ээ болот, элге пайдасын тийгизет. Мына ушул сөз Пычыдан туулган Султан менен Полот атадан артык бала болуп, эл жетектеген, эл башкарган деңгээлге жетип, элдик уул катары бааланып жүрүшөт. Чындыгында эл башкарган адамда үч касиет болуусу шарт. Ал акыл билим, адилеттүүлүк-мына ушул үч сапат айкалышканда гана жетекчиликке барган кишинин ишинин натыйжасы, ийгилиги болоруна шек жок. Башкаруучу чечкиндүү, катуураак болсо, эли тартиптүү болот, тартип болсо, ал жерде ынтымак, биримдик да болот. Көк жатык уруусунун биримдигин, ынтымакчылыгын сактап, элдин турмушун жакшыртууда көп эмгек жумшаган Султан менен Полот жөнүндө көп жакшы багыттагы аңыз сөздөр, икаялар айтылып жүрөт. Султандын улуу баласы Каримберди деген белгилүү Алымбек датканын жездеси болгон. Каримберди да өтө бай адам болгонун айтышат. Каримберди да Көк

жатык уруусунун кадыр-барктуу, сыйлуу адамы болуп, элдин кызматын көп кылган чыгаан инсан болгон экен.

Азыркы мезгилдеги Өзбекстандагы кыргыздар жөнүндө кеп болуп сүйлөшүп калган учурларда кыргыздар ал жакка кантип барып калган?-деген суроо менен көп эле кайрылып калышат. Жер жүзүндө кыргыз жаралгандан бери эле кыргыз эли ошол жерлерди киндик каны тамган жер, өз мекеним деп эле жашап келишкен. Андижандан Бухарага чейинки аралыктагы тоолуу жерлерди XV кылымдан бери эле жердеп, көчүп жайлап эле келишкен. Бул боюнча айрым эмгектерде көрсөтүлгөн жана ата-бабалардын санжыраларында айтылат, ошондой эле ошол жерлердеги жер-суулардын аттары нак кыргыз сөздөрү экендигин байкоого болот. Кыргыз эли көчмөн эл болгондуктан жайында тоолордо жайлоолордо көчүп-конуп, ал эми кышында ысык жактарда кыштап төрт түлүк малы менен жашап келишкен. Азыркы мезгилде расмий эмес маалыматтарга караганда Өзбекстанда бир миллиондон ашык кыргыздар бар. Совет бийлигинин тушунда чек араларды туура эмес бөлүштүрүүлөрүнүн натыйжасында Кытайда, Өзбекстанда, Тажикстанда, Казакстанда жалпы эки жарым миллион кыргыз ээлтен жердеп келген жери менен кошо өз мекенинен сыртта калгандыгы өкүнүчтүү. Ошондой эле Кокон хандыгынын тушунда да кыргыз эли далай жеринен ажырап, башка өлкөлөрдүн ичине кирип жашап жатканын тарыхтан жакшы билебиз. Жалпы Кокон хандыгын Мадалы хан бийлеген учурда да көп кыйынчылыктарды алып келгендиги белгилүү. Суугат жерлерди башка улуттарга сатып, кыргыз калкы тоолорго жакын жерлерде жашоого туура келген. Салыктын көп салынышы жалпы элди мөгдүрөтүп көп кыйынчылыктарга дуушар кылган. Жер жайытынан, малдан. Жан башынан ал гана турсун жапайы дарактардан алынып келинген мөмө-жемиштерден. Бир бечара адам отуналып күн көрсө, андан да салык талап кылып, жалпы элди оор абалга дуушар кылган. Мындай оор абал көкбелдик Көк жатык

элинин маңдайына да туш келди. Мындай көрүнүштөр элдин нааразычылыгын, кыжырдануусун пайда кылды. Алардын катарыда элдин кыйналып жатканын көрүп, алардын таламын жактап Пирназар Кокон хандыгына барып элдин атынан нааразычылыгын билдирген. Пирназардын чечкиндүүлүгү, курчтугу, адилеттүү талабы Мадалы хандын шайын кетирген. Ызаасына чыдабай Пирназарды адилетсиз өлүмгө өкүм чыгарды. Ошентип, Полот уулу Пирназар да жазыксыз өлүмгө дуушар болгон. Анын ээгине, аркасына тирөөч коюп, сөөгүн атка мингизип алып келишип, шеит кеткен абабызды азыркы Көк-Белдин мазарына биринчи коюлгандыгы жана ага карата эстелик тургузулгандыгы жалпы элге маалым.

**Байлары.** Бай деген сөз-мал-мүлкү ошол дүнүйөсү көп, ар тараптан жетиштүү, оокат-тиричилиги мыкты, табигый жана башка байлыктарга ээ болуп, бирөөлөрдү кол алдында иштетип, жигит күтүп, жылкычы, отунчу, аштыкчы, койчу өңдүү адамдарды иштеткен адамдарды бай деп айтып келишкен. Эгерде укум-тукумунан бери мал-мүлкү көп болуп, ал байлыкты андан ары өркүндөтүп кармап келсе, андай байларды «ордолуу бай» же болбосо «уюткулуу бай» деп барктаган. Мындай байлар ата-бабасынан көргөн жакшы салт, үрп-адат, элдин каада-наркын сактаган. Ошондой эле атасы менен байланышта болгон бий, манаптар менен байланышып, өздөрү да жаңыдан чыгып келе жаткан бий, болуш, байлар менен достошуп, тамырлашып эл журтка кеңири таанылa баштаган. Өзүнүн айылындагы жетим-жесирлерге, муктаж болгондорго малынан зекетин берип, андан тышкары турмуштан өтө муктаж болгондорго жакындан жардам берип келишкен. Ошондой эле элдин ынтымакчылыгын, биримдигин сактоодо да өз салымдарын кошушкан. Мына ошондуктан мындай байлар кийинки муундарга чейин айтылып, даңкталып, баркталып алардын жасаган эмгектери аңыз сөз кылып айтып келишүүдө. Андай «Ордолуу бай» деп санжырада Шерим уулу Атантайды,

Атантай уулу Чекебайды, Чекебай уулу Жакшыбайды, Жакшыбай уулу Рахманбердини, Пычы уулу Султанды, Султан уулу Каримбердини, Полот уулу Сайкенди, Гөбө уулу Шананбайды, Мама уулу Осмонбайды, Рахманберди уулу Абдыкалыкты. Абдыкалык уулу Молдо Момолойду, Чомо уулу Кожоярды, Жандай уулу Турдугулду, Жумабай уулу Айназарды жана башка ушул сыяктуу байлар мырзадай кийинип, үй-бүлөсүнө кара жумуш кылдырбай, белгилүү бай-бийлер менен кудалашып, элдин жүгүн мойнуна алып келген. Булар жөнүндө эң бир сонун икаялар, болумуштар азыркы мезгилде да эл оозунда айтылып келүүдө. Ал эми «саран байлар», «сасык байлар», «жеке мерез байлар» бир тууган сөөк-тамырларына да эч нерсе бербей, байлыгынын берекеси да болбой, бул дүйнөдө унутулуп кете берди го.

Кийинки мезгилдерде Кыргыз мамлекети Эгемендүүлүккө ээ болуп жаңы түзүлүштүн чоо-жайын эрте түшүнүп, ири ишканаларды түзүп, баш-оту менен ишкердүүлүккө киришкен жаш байлар өсүп келе жатышат. Алар бир канча жумуш орундарын түзүп, кыргызстандын экономикасын көтөрүүдө бир топ алгылыктуу жумуштарды аткарып келишүүдө. Айрыкча айылдардагы жолдорду оңдоодо, көпүрөлөрдү салууда, муктаж үй-бүлөлөргө жакындан жардам берүүдө жана мектептер менен байланышып мектеп муктаждыктарына да жардам беришип жалпы элдин сезиминин түпкүрүнөн орун алышып келүүдө.

Чеч-Дөбө айылынан жаңыдан баштап ден соолугуна байланыштуу иши да жүрүшпөй 25 миң ача карыз болуп калат жана оорусунун айынан ал бала каза да болот. Ал мезгилде 25 миңге 25 ийри мүйүздүү мал келе турган убак эле. Жаш ишкер Чалов Алмаз Абдышович кайтыш болгон баланын карызын төлөп, алардын бала-чакасынын шартын түшүнүп, мечитке келип: «Урматтуу абалар! Мына сиздер күбө мен 25 миң акчаны өз ыраазычылыгым менен кечтим, мага бата берип коюңуздар»-деп кайрылганда аксакалдар жамааты чын ниетинен ыраазы болушуп,

алкап, жакшы каалоо-тилектерди айтышып бата беришет. Мындан тышкары руханий ички дүйнөсү кең ишкер Алмаз «Сырдуу күлүк», «Көк жатык баяны» деген Имамидин Кашкариевдин китептерин чыгарууга да өз салымын кошуп келди. Мындан тышкары Чеч-Дөбө айылындагы көйгөйлүү муктаждыктарга да жардам берип келүүдө. Ошондой эле жаш ишкер Умаркулов Абдымомун Абдыкаарович Көк-Бел айылындагы мечиттин курулушуна жана анын жабдылышына, Насирдин Исанов атындагы орто мектебинин эң алдыңкы 15 окуучусуна Насирдин Исанов атындагы стипендияны уюштуруп, он жылдан ашык убакыттан бери ар бир окуучуга ай сайын 200 сомдон берип келди. Ошону менен бирге айылдагы зарылдыгына карай муктаж маселелерин чечүүдө өз салымдарын кошуп келе жатат. Мына ушундай балдарга нысап-топук, иштерине рываж, өмүр-ырыскыларына барака-пайиз берсин деп Алладан гана тилейбиз.

**Балбандар**. Балбан-күрөшкө, оодарышка, мелдешке жана башкаларга түшүп, күч сынашкан, карылуу, күчтүү, чыдамкай, күжүрмөн адамды балбан деп айтабыз. Кыргыз эли да байыртан бери эчен-эчен кылымдарды басып өтүп, ат жалында жүрүп, мал артынан калбай бир жерден экинчи жерге көчүп-конуп келишкени карт тарыхта маалым экени белгилүү. Тарыхтын мына ушундай татаал жолунда жашоо үчүн, бар болуш үчүн жанын сайып, төгүлгөн канды кечип, сырткы душмандар менен эчендеген салгылашууларды өткөрүп келишкен. Мына ушундай салгылашууларга эр жигиттердин машыгуу өнөрлөр тынчтык мезгилинде жалпы элдин сынынан өтүп турат. Айрыкча «жоокердик оюндарда» машыккан эр азаматтар аш-тойлордо, белгилүү жыйындарда эл ортосуна чыгып күрөшкө, эр сайышка эр эңишке жана башка мелдештерге чыгып өз күчтөрүн жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүп келишкен. Мунун өзүнчө негизги максаттары да болгон. Биринчиден, эл, жерди коргоого ыйык милдеттерине даярдык болуп эсептелсе экинчиден бай-бийлер үчүн атак-даңк алып

келсе, үчүнчүдөн ич ара келишпей жүргөн душмандарына сыр, күч көрсөтүп, сестентүү көрүнүштөрүнө да ээ болгон. Ошондой эле аш-тойлордо, атайын жыйындарда байлыгына манчыркагандарга атак-даңк алам деген максатта мындай оюндарга көп сандаган жылкыларды, ийри мүйүздүү малдарды жана кой-эчкилерди соорунга коюшкан.

Эр эңиш-кыргыз элинин салтында ашта, тойдо бир уруу менен экинчи уруунун балбандары эр эңишке чыгышкан. Эңишке чыккан адамдар өтө күчтүү, чабандес болуусу керек. Анын кийими да, аты да, ат жабдыгы да эрегиштин талаптарына ылайыктуу болушу зарыл. Оодарыштын жүрүшүндө тартибин, эрежелерин сактап келишкен. Тактап айтканда, жеңден, чачтан, жакадан, беттен алууга, колун толгоого жол берилген эмес. Бирибирин билектен, колдон алып ат үстүнөн тартып жерге түшүрсө, ал адам жеңишке ээ болот. Ошону менен бирге өзүнүн гана эмес, ошол уруунун чөлкөмдүн намысы, абийири, жеңиши катары карашкан. Ошондой эр эңишке түшүп өзүнүн жүзүн күчүн, элдин абийир. Намысын сактап мөөрөй алып жүргөн ондогон балбандарын атоого болот. Алака балбан, Баштык балбан, чоготойлордон Толкун балбан, Досназардан Шайымкул балбан, Таштемир балбан, Гоболордон Шабан балбан, Жангара уулу Төрөкул, Садык уулу Чал, Камал уулу Марак, Кабыл уулу Маматкарим сыяктуу балбандар элдин намысын сактап, уруунун атын чыгарып, өздөрү да чоң кадыр-баркка, урмат-сыйга ээ болушуп келишкен.

Толкун балбан кичинесинен эле алп денелүү, чыйрак, чечкиндүү, курч бала болгон экен. Жаш мезгилинен баштап эр эңишке, бел күрөшкө чыгып, машыгып жүргөн. Толкундун балбандыгын, анын шыктуулугун Рахманберди бай байкап чоң аш-тойлорго алып барып, сүрөөнчүлүккө алып жүргөндүгү айтылат. Мурунку мезгилде аркасында белгилүү сүрөнчүлөрү болбосо, ошол жердин бийлери жер үстүлүк кылып соорунун бербей да коюшкан.

Толкун күрөштүн түрлөрүн, ыкмаларын жакшы өздөштүргөн жана артынан Шайымкул, Шабан, Таштемир балбандардын өсүп чыгышына зор салым кошкондордон болуп эсептелет.

Айрыкча Шайымкул балбан да бел күрөштүн «какма», «шыгырма», «кайтарма», «силкип таштоо», «жамбашка алуу», «айлантып чабуу» деген ыкмаларын жакшы өздөштүргөндүгү айтылат. Алайда жай мезгилинде азыркы мезгилиндеги айланма Көк жатыктардын белгилүү байы Базибай чоң той берет. Мына ошондо Теит уруусунан чыккан Токтобай балбан бел курчоосунан өйдө жылаңач, бука моюн, чың денелүү, кабагын карыш салып, ордого чыгып сыңар тизелеп отурду. Сыртынан караганда колуна тийген адамды майып кылып койгудай түрү бар. Рахманберди Шайымкулдун балбандыгы кең далылуу, булчуңдары да чың, шамдагайлыгы да бар экенин, күрөштүн ыкмаларын да жакшы биле турганын, бул балбанга тең келе турганына көзү жетип: «Шайымкул, даярданып чыккын»-деп кайрылды. Ушул эле сөздү күтүп тургандай шап ортого чыкты. Эки балбан көпкө кармашты. Шайымкул балбан ичке кирип, өйдө силкип, жогору көтөрдү, чабарда Токтобай балбан буту менен түшүп, моюн бербеди. Экинчи жолу ичке кирип, белден катуу тартып силккенде Токтобай балбан тең салмагын жоготуп, теңселе түштү. Кайрадан көтөрүп, аягын жерге тийгизбей жамбашка алып чапты. Токтобай балбан чалкасынан түшүп жатып калды. Адатта жөө күрөштө балбанды, намыс алган тараптан адамдар жүгүрүп келишип, балбанды жыгылган адамдын үстүнөн «балбан көтөр» деп кыйкырышып, Шайымкул балбанды алышып кетишти. Мына ушунан кийин Шайымкул балбандын аты эл арасына кеңири тарап, ондогон маарекелерге мөөрөй алып келди.

***

**«Көк бөрү»** - биздин диалектиде «Улак» деп аталат. Ашта, тойдо, белгилүү даталарда ат үстүндө ойнолгон оюн, маараке. Бул оюнду күчтүү, шамдагай. Чабандес, бакубат адамдар өздөрүн улакчы катары көрсөтө алышат. Мында башы муздалып алынган така же торпок болот. «Улакты» алгачкы мезгилде жаштар чоң улакчылар келгенге чейин чаап ойноп турушат. Оюндун башкаруучулары болушат. Улак жерге ташталгандан кийин ат менен галага кирип, көпчүлүктүн ичинен мыкты улакчысы улакты эңип галадан алып чыгат. Той ээсинин бир туугандарына, куда-сөөктөрүнө, досторуна, уруу аксакалдарына, жээк-жааттарына ашыра турган адамдардын аттары кезек менен аталып ким аларга улак ашырса, соорундун аты аталып берилип турулат. Акырында «чубатмай», «прабардиси» дегендер жарыяланат жана ага чоң соорундун аты аталат. Улакчылардын аттары да улак чапкандын ыкмаларына ылайык күчтүү, чуркай турган аттар болот. Ким эмнеге таштаганы, кандай соорунга ээ болгондугу, анын шамдагайлыгы, күчтүүлүгү, чабандестиги, аттарынын жөндөмдүүлүктөрү айтылып макталат, даңкталат. Ал гана турсун кайсыл жерден, кайсыл уруудан экендиги айтылып, ошол элдин абийири, намысы катары да каралат. Ошондой кадыр-баркка, сый-урматка ээ болуп, кийинки муундарга айтылып келе жаткан улакчылардын аттарын атоого болот. Осмонбай уулу Адик, Сайпи уулу Арзыбай. Сайкен уулу Чекебай, Асан уулу Мамадияр, Түкөлү уулу Шайымкул, Шананбай уулу Баймурат, Айтназар уулу Эндеше, Садык уулу Чал, Топчубай уулу Аттокур, Ати уулу Абдырахман, Өтөн уулу Абжалан, Камал уулу Марак, Кабыл уулу Канчыбай жана башкалардын аттарын сыймыктануу менен атоого болот. Булардын ар бири жөнүндө аңыз сөздөр айтылып келе жатат, ар бири жөнүндө чоң чыгарма жазса да болор эле.

***

**Молдолор.** Орхон–Енисей жазуулары, андан кийин уйгур жазууларын колдонуп келишкен. Уйгур жазууларын колдонгон мезгилде кыргыз уруулары да уйгур эли менен саясий, экономикалык, маданий байланышта болгондугу белгилүү. XI кылымдарда түрк элдери уйгур алфавитине өтүп, эски түрк алфавитин унута баштаган. XIV кылымдан баштап уйгур алфавити басмага түшүрүлгөн. XI жылы Юсуп Хос Хаджиби «Кудатку билик» араб графикасы менен жазган. Уйгур алфавити араб алфавити менен катар көп жылдар бою колдонулуп келген. Арабдар келгенге чейин Орто Азияда үстөмдүк кылган жана кеңири тараган тил фарс тили болгон. Кийинчерээк арабдар басып алган жерлерине мусулман дини менен бирге өздөрүнүн алфавитин да таркатышкандыгы белгилүү. Мына ушундай жагдайларга карата кыргыз эли мусулман динин кабыл алуу менен бирге алардын алфавитин да терең үйрөнүп, өз билимдерин жогорулаткан.

Муңгуш, Көкөлташ, Нооруз, Келдибек сыяктуу бубаларыбыз өз заманында араб тили менен бирге араб графикасында жазылган түркий китептерди окушуп, ал гана турсун Келдибек, Нооруз уулу өзүнүн «Эсеп Абжад» китебин да араб графикасынын негизинде жазылгандыгы айтылып жүрөт.

Кийинчерээк Рахманберди жана алака уругунан чыккан Сайдахмат уулу Абдикерим чоң молдо дегендер Бухарадан билим алышып келип, өз уруусунун балдарынын сабатсыздыгын жоюда чоң салым кошушканын жана алардын таасиринин натыйжасында Түмөнбай уулу Жума, Абдыкалык уулу Молдо Момолой, Маткасым уулу Таши, Мамадияр уулу Кулмат, Садык уулу Абдылда, Молдо Била, Чомо уулу Мурат, Жума уулу Айткул, Ормонбай уулу Атабай, Али уулу Нуртажи, Ормон уулу Рахман, Жолдош уулу Анарбай, Карыбек уулу Мажит сыяктуу молдолор ыйманга чакырып, дин жана шариат, ыйман жана ислам, исламдагы амалдар, Алла таалага ыйман келтирүү, Алла

Тааланын мукаддас китептери андагы өкүмдөр жана милдеттер жөнүндө түшүнүк беришип, дин жолуна жаштарды багыттоодо өтсө жемиштүү жумуштарды жүргүзүп келишти жаны аны азыркы муундагы Шакир уулу Мухаммад, Анарбай уулу Кайрат, Бакташ уулу Сабыржан өңдүү жаштар улантып келе жатышат.

***

**Кол өнөрчүлөр.** Илгертен бери эле көркөм кол өнөрчүлүктүн ыкмаларын терең үйрөнүп, буюмдарды жасоонун аны кооздоонун сырлары муундан-муунга уланып келинди. Ат жабдыктары, бешик, бай теше, билерик, пишкек, боз үй, бычак, жаргылчак, жыгаччылык, зергерлик, мүйүз уста жана башка ушул сыяктуу турмушута колдонулучу буюмдарды жасаган кол өнөрчүлөр эл оозунда айтылып келе жатат.

Жараткан адам баласына тагдыр, талант, өнөр жогор жактан берилет окшойт. Жөнөкөй ички руханий байлыгы кенен, акыл-эси тунук, эл арасынан чыккан усталар, көркөм кол өнөрчүлөр сейрек жаралат окшойт. Назар уулу Асан, Түмөнбай уулу Байзак зергерлерди, Омор уулу Дубана, Козубек уулу Кудайберди мүйүз усталарды, Абдалим уулу Сасыкулду, Жумабай уулу Кайназар, Кожомжар уулу Мансур сыяктуу өнөрчүлөрдү, Эшим уулу Эрмамбет, Али уулу Турдумамат, Эркебай уулу Иматали, Карыбек уста, Жоро уулу Мита сыяктуу жыгач усталардын жасаган буюмдарын азыр да пайдаланып жүрүшкөнүн, айрымдары табарик катары сактап жүрүшкөнүн айтып келишүүдө.

## ЖАҢЫ ДООР

1917-жылдан кийин элдин турмушу башка нукка өзгөрдү. Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде жеке-жеке болуп иштешип келишкен жана жерди буурсун, соко менен айдап кол орок жана чалгы менен оруп жыйнап, ат, өгүз менен жанчып келишкен. Натыйжада эмгегинин

өндүрүмдүүлүгү аз болгон. Мына ошондуктан жаңы багыт алып өлкөдө коллективдештирүү дыйкандардын турмушунда зор бурулуш болду. Колхозчу дыйкандардын жашоосунун негизги булагы артель чарбасы жана анда дыйкандардын өздүк эмгеги боло баштады. Колхоздордо мурда кол менен аткаруучу иштер болсо, эми дыйкандар жаңы техникалар менен камсыз боло башташты.

Совет бийлигин орнотууда жана анын өнүгүшүнө салым кошкон алгачкы муундар пайда боло башташты. Алардын айрымдары ЛИКБЕЗден окуп көпчүлүгү сабатсыздыгын ачкан. Окууга дилгир жаштар өз алдынча билимин жогорулатып, мектептерде окуп эркин жаза да, окуй да алгандар биринин артынан экинчиси чыгып элдин сабатсыздыгы жоюла баштады. Мамлекет совет чарбаларды уюштуруп, башка жактардан атайын билим бар башка улуттардан жетекчилерди жөнөтүшүп совхоз уюшула башташты. Алардын айрым кызматтарына жергиликтүү калктын сабаттуу адамдарынан ала башташты. Сулайман уулу Жоробек, Маткасым уулу Таши, Карабек уулу Абдыпатта, Мамыр уулу Умар, Гүлжигит уулу Бакы, Атасары уулу Карим, Пирмат уулу Беки, Жума уулу Айткул, Али уулу Эргеш, Матмуса уулу Исан, Арзыбай уулу Кочкор, Эрмамбет уулу Кыдырбай, Шеркул уулу Абдибаит, Көчкөнбай уулу Мусурманкул, Көчкөнбай уулу Аттокур.

Алгачкы жергиликтүү калктан чыккан Мырзакулов Мөнөкбай, Калбаев Тойчу өңдүү эр азаматтар Совет бийлиги жер-жерлерде салтанат куруп өз таасири күчөп, жаңы заманды колдоп, ага өзүнүн салымын кошуп жандили менен кызмат кылгандар арбып баратты. Ошондой болсо да «чолок тон кийген каапырлар» деп орустарга, совет өкүмөтүнүн түзүлүшүнө жергиликтүү бай балдары каршы чыгышты жана күрөшүштү. Кийин контурчулар деп кулакка тартышты. Алардын катарында Абдыкалык уулу Абдикаримди, Осмонбай уулу Адикди, Аланов Акимбайды, Каримберди уулу Тойчу жана башкалар кайсыл жерде,

кандай өлтүрүлгөнү белгисиз бойдон калды. Кийин алар жөнүндө акталды деген кагаз келди.

***

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында фашисттик Гремания дүйнөлүк үстөмдүккө багыт алып, биздин жерлерибизди басып алууну, Совет элин анын жетишкендиктерин бардык ийгиликтеринин ажыратууну, биздин социалисттик мамлекетибизди жок кылууну алдыларына максат кылышкандыгы белгилүү эле. Ошону менен бирге кыргыз эли сыяктуу элдеринин улуттук маданиятын, мамлекеттин талкалап жок кылууну аларды зордоп немецтештирүү, кулдукка айландыруу негизги максаттарынан эле. Фашисттик Гремааниянын мындай максатын түшүнгөн эл жана кол салгандыгы жөнүндө кабарды укканда кыргыз элинин да кыжырын кайнатып, каарын келтиришти. Көз каранды болбош үчүн эркиндикти сактап калуу үчүн Улуу Ата Мекендик согушка түп тамырынан бери көтөрүлүштү. Жалпы Совет эли үчүн бул эң чоң сыноо болду. Согуштун оор жылдарында жаш балдарынан тартып, чачтары аппак болгон карыяларга чейин адамдар кайгыга батты, сезимдерине эстен чыккыс из калтырды. Миңдеген ата-энелер сүйүктүү уул-кыздарынан, ата-энелеринен ажырап шору катты, бирок бул сыноодо моралдык жана материалдык жагынан да абийирдүүлүк менен өтүп, бүткүл дүйнөдөгү коомчулуктун алдында биримдүүлүтү, эркиндүүлүтү, эрктүүлүктү, баатырдыкты көрсөтүшүп зор даңкка ээ болушту. Алардын ичинде көк жатык эр жүрөк азаматтар алардын көпчүлүгү согуштун кандуу талааларында биздин жыргал заманыбыздын бүгүнкү күндөрү үчүн курман болушту жана көпчүлүгү өздөрүнүн патриоттуулугун көрсөтүшүп, киндик каны тамган жерге кайтып келишти.

Алардын ысымдарын түбөлүккө калтыруу максатында Көк-Бел айыл өкмөтүнүн имаратынын жанына эстелик орнотулган. Алардын ысымдары эстелик тактайга

бадырайта жазылып коюлган жана жыл сайын 9-Майда атайын иш чара түзүлүп, эскерилип турат.

Алар:

1. Абдыкалыков Бакир
2. Алиев Эсен
3. Айткулов Абдибаит
4. Айткулов Абдывап
5. Алимсеитов Таабалды
6. Абдырахманов Абарали
7. Абдыкалыков Бекенбай
8. Асанов Таабалды
9. Айтназаров Эндеше
10. Ашимов Абил
11. Бакыев Өмүрзак
12. Байтокоев Садык
13. Дубанаев Абдывап
14. Жакшыбаев Али
15. Жаанбаев Жаңыбай
16. Жолдошев Бөрү
17. Маматалиев Мамыт
18. Мамышов Аматбек
19. Молдобаев Толубай
20. Казанбеков Акмат
21. Кудаяров Абдылда
22. Касымов Курганбай
23. Көчкөнбаев Аттокур
24. Пирматов Курбанбай
25. Полотов Абдыраман
26. Турдубеков Сейдали
27. Сарыков Жоро
28. Сарыков Бекмурза
29. Сарыков Жээнали
30. Султанов Жумабай
31. Ысаков Мамат
32. Эргешов Калмамат
33. Ураимов Боро

34. Чоңмурунов Адим
35. Шерибаев Ысак
36. Шайимкулов Табакал

Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондор

1. Абдырахманов Умаркул
2. Абдикеримов Сарымсак
3. Атасариев Карим
4. Арыкбаев Эргеш
5. Арзыбаев Жоро
6. Атасариев Рахман
7. Асаев Маматали
8. Алдаев Мадан
9. Асанов Кулуш
10. Асанов Алмамат
11. Асанов Турат
12. Айтбаев Саркар
13. Абдикеримов Баатыр
14. Боронбаев Жолчу
15. Бекмуратов Бедел
16. Байтокоев Али
17. Гүлжигитов Бакы
18. Гүлжигитов Кара
19. Дадаев Бадал
20. Жолдошов Аттокур
21. Жолдубаев Базарбай
22. Масытов Ашир
23. Маматжумаев Камчы
24. Мамытов Жати
25. Мамытов Мала
26. Мамажакыпов Жумабай
27. Маткасымов Жолубай
28. Мамыров Умар
29. Матмусаев Исмаил
30. Касымов Мамат

31. Карабеков Абдыганы
32. Карабеков Абдипатта
33. Кадыров Сейдали
34. Паязов Базарбай
35. Пирматов Беки
36. Пирматов Усаин
37. Пирматов Бедел
38. Ташиев Асан
39. Токтошев Муса
40. Тажибаев Жусуп
41. Токонов Ганы
42. Сасыкулов Бедел
43. Сулайманов Мурат
44. Сулайманов Жоробек
45. Ысаков Самтыр
46. Шадиев Иса
47. Шадиев Кадыр
48. Шадиев Рапык

Чеч-Дөбө айылынан Улуу Ата Мекендик согушка барып кайтпай калгандар

1. Айтиев Айдарбек
2. Айтиев Жапар
3. Айтиев Али
4. Каипов Калбай
5. Сейитбеков Эргеш
6. Таабалдыев Бакир
7. Чалов Түрк
8. Байдөлөтов Шермат
9. Эшиев Таңатар
10. Карагулов Мойдун
11. Муратов Арал
12. Токтогулов Абдыразак
13. Султанов Тагай
14. Чекебаев Беки

15. Муратов Бекен
16. Чекебаев Маматали

Улуу Ата Мекендик согуштан кайтып келгендер

1. Ормонов Рай
2. Сарымсаков Камал
3. Садыков Бакир
4. Эрбаев Сейдали
5. Боронов Ысакбай
6. Шеркулов Абдибаит

## КӨК ЖАТЫК БААТЫР ЖООКЕРЛЕРГЕ

Эстеликке көңүлүмдү бурамын,
Көңүл толкуп, ойго батып турамын.
Жүрөгүмдү жарып чыккан бул ырды,
Ыр десте деп баатырларга сунамын.

Калың жоону кайрат менен кайтарган,
Кан кечишип күнү-түнү жатпаган.
Тандалган Көк-Белимдин жигиттери,
Калкы үчүн берген антын аткарган.

Көк-Белдин жоокерлери катарлашып,
Өлүмдөн тайманбастан катар басып.
Эсени, Таңатары, Таабалдысы,
Эрдикти көрсөтүшкөн таң калтырып.

Чоң сыноо каргашалуу кан майданда,
Эр жүрөк, эр көкүрөк 90 адам.
Катылган жоону жеңип келбиз деп,
Элүү беш баатырларча кайтпай калган.

Эрдиктерге капырай жүрөк тердейт,
Эрдигиң эстеликтен эч бир кетпейт.
Жеңишчил эр көкүрөк агаларды,
Бала эстейт, кары эстейт баары эстейт.

***

**Чечендер**. Байыркы гректерде көрүнүктүү башкаруучусу бир акылман адамга мындай тапшырма берген экен.

- Сен дүйнөдөгү эң таттуу тамакты таап, мага алып келип бергин»-деди.

- «Эң таттуу тамак тил»,-деп тилди алып келип берет.

- Эми дүйнөдөгү эң ачуу тамакты алып келип бергин-деди.

- Эң ачуу тамак тил-деп кайрадан эле тилди алыпкелип берет.

Демек мындан «Тил-уудан ачуу, тил-балдан таттуу»-деген накыл сөз ушунун негизинде айтылгандыгы байкалат. Эл арасынан чыккан сөзгө чечен адамдар элдин азабын, эрдин кунун кээде бир таамай сөз менен чечкен жана сөздөн бийик, сөздөн курч башка нерсе болбосо керек. Элдин арасында «чечен», «чечен сөздөр», «чечендик» деген сөздөр кеңири эле колдонулуп келе жатат.

«Чечен» - деген сөз сөзгө чебер, мыкты, көркөм жана шартка ылайык таамай сүйлөгөн адамга колдонулат. «Баатырдын көркү маңдайда,чечендик көркү таңдайда» деген накыл сөз ошондой чечен адамдарга карата айтылса, «чечен сөздөр» деген сөз элдик оозеки чыгармачылыктын талабына жооп берген, шартка, ошол учурга карата сөздүн таамайлыгы, маанисинин курчтугу, тереңдиги менен айырмаланып турган сөздөрдү чечен сөздөр десек, «чечендик» деген мыкты, өз орду менен курч, маанилүү сүйлөгөндүктү айтабыз. Мына ушундай жагдайларды эске алып ата-бабалар чечендик менен сүйлөгөн адамдарды «кургак чечен», «жөө чечен», «тил чечен», «акыл чечен» деген сөздөрдү колдонуп келген.

«Кургак чечен» - бул сүйлөгөн сөздөрүндө мааниси жок, көп сүйлөгөн адамга карата айтылса, «жөө чечен» - деген сөз-сөз бербеген, маңызы, мааниси жок сөздөрдү

көп сүйлөгөн адамдарга колдонулат. Ал эми «акыл чечен» - аз сүйлөйт, акылдуулук менен тыянактуу жыйынтык чыгарат, алаканга салгандай кыска, нуска болот.

«Чечен жигит эп сүйлөйт, көпкөн жигит көп сүйлөйт» - деген накыл кеп ушундай адамдарга карата колдонулат. «Тил чечен»- дегени бардык жагынан төп келген, шартка ылайык курч, таасирдүү болот. Сөздөрү да уккулуктуу, орундуу, курч айтылат. Ал сүйлөгөндө адамдар муюп, дагы уккусу келип турат. Акыл чечен тил чечендей уккулуктуу, кеңири сүйлөй албайт.

Бардык эл билген окуяны, көрүнүштү башкалардан айырмаланып көркөм сөздүн күчү менен салыштырып, уккулуктуу, түшүнүктүү кылып айткандарды «сөзмөр» адам деп айтышат. Ошондой эле «жорго» деген сөз да орундуу, таамай, курч мааниде сүйлөгөн адамдарга да эпитет катары колдонгон учурлар болот «Жакыр да болсом мен өзүм, Жаандан чыккан жоргомун»-деп Токтогул Сатылганов колдонгон экен.

Кызыл-Суулук датка өзүнүн сүйкүмдүү кызын турмушка узатууда чоң той берет. Кызын атка мингизип узатарда кыздын этек-жеңи желбиреп, көздүн жаш агып, муңканып, ээрге жабышып, кирпигине чейин чаңга бөлөнүп, көпчүлүктүн алдына келип токтоду. Бул кезде кыз минген күлүк ат да ооздуругун кемирип, бир ордунда туралбай туйлап жатты. Датканын кызынын ат үстүндө жүдөп, өзүн жакшы эптей албай турганын байкаган Тойгонбай уулу Жапаркул атты тизгинден алып, кызды колтуктап аттан түшүрүп, жеңелеринин арасына киргизип жиберет. Бул көрүнүштү байкап турган сары томолок киши: Жапаркулдун маңдайына келип: «Эй Жапаркул, кыз кармаган колуңду бери сунчу, биз дагы изаарат кылып алалы»-деп тийишип калат. Анда Жапаркул: «Ошончолук эле изаарат кылгың келип турса кыз минген күлүктүн эгарынын кашын сыйпала»-дегенде жанындагылар каткырык салып күлүп жиберишти. Сары тоголок киши: «Эй, жорго сенден сөз качып кутулбайт экен» деп сөзгө

сынып жер карап калды. Мына ушунан кийин Тойгонбай уулу Жапаркулга коюлган «жорго» деген эпитет сөз, анын баласы Мамага. Анын баласы Алиге, жорго деп, андан Алинин баласы Турдумамат жорго деп урпактарынын да сөзмөрлүгүнө чукугандай сөз тапкычтыгына баа берип «жорго» деген ылакап ат катары колдонулуп келе жатат.

Каримберди уулу Тойчу Султан уулу Субанкулдун кара атын чаап келе жатып жолдо өлтүрүп алат Субанкул чыр чыгарат. Ал арызданып атасы Султанга атты төлөп берүү үчүн арызданат. Султан болгон окуяны угуп: Ажалы жетсе ат эмес, адам өлөт эмеспи. Атың чаап келгенден эмес ажалы жеткенден өлдү да деп балдарын кайра ынтымакка, биримдикке үндөп жолго салган экен. Адамдын жашоосунда талаш маселелерде туура чечим чыгарып, айткан сөз таамай болсо, курч болсо экинчи тарапка эм болот. Элдин арасында сүйлөгөн сөздөрү таасирдүү, таамай, түшүнүктүү айткан сөзмөр адамдарды сыймыктануу менен атасак болот. Атантай уулу Чекебай, Жакшыбай уулу Рахманберди, Пычы уулу Султан, Полот уулу Пирназар, Матмуса уулу Жоро, Самидин уулу Казыбай, Абдыкалык уулу Бакир, Али уулу Эсен, Карабек уулу Мажит, Умар уулу Мому, Дубана уулу Абдувап, Карагул уулу Жолон, Салымсак уулу Жалан, Али уулу Турдумамат, Шермат уулу Курбан, Карабай уулу Рахман жана башкалардын атын сыймыктануу менен атоого болот.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жана өлкөнү калыбына келтирүү мезгилинин алгачкы жылдарында жети жылдык билимге ээ болушуп, техникумдарда, училищаларда, бир жылдык кесиптик курстарда окуп, бүтүрүп келишип, айылда жергиликтүү калтын арасынан интеллигенциялык катмар пайда боло баштады. №44 жылкы заводунун эконмоикасын, социалдык маданий турмушун көтөрүүдө айыл чарба тармактарында, социалдык кызматтарда жетекчилик иштерде үзүрлүү эмгектене башташты. Мамышов Аматбек, Дубанаев Абдувап, Умаров Мому, Матмусаев Баба, Чоңмурунов Адим, Карабеков

Орунбай, Жолдошбаев Сали, Сарымсаков Жалаң, Боронбаев Сатыбалды, Айткулов Нуркамил, Абжапаров Муса, Жумабаев Алаң, Тагаев Жоошбай, Калбаев Тойчу, Токтосунов Асамидин, Маторов Төлөмүш, Боронов Ысакбай, Карабеков Мажит, Матмусаев Малик, Шеркулов Бедел, Карагулов Жолон, Атиев Абдырахман, Кудаяров Абдылда, Чоңмурунов Козубай, Тилекеев Мамасадык өңдүү жетекчилик жөндүмдүүлүктөрүн көрсөтүшүп чоң урмат сыйга, кадыр-баркка ээ болушуп алгачкы кадрлар катары элдин эсинде калды. Кой чарбасында көйгөйлүү жагдайлар-мал кыштатуу туут-куут. жүн кыркып алуу, жай мезгилинде жайлоолорго чыгып койлорду багып семиртүү, малдын ар кандай ооруларына каршы күрөшүү маселелерин чечүүдө кажыбас кайрат менен өз тажрыйбаларын райондук, областтык деңгээлде жайылткан чабандар элдин сыймыгына бөлөндү. Өтөнов Досон, Кулмаматов Абсатар, Эрмаматов Сали, Өтөнов Абжалаң, Камалов Марак, дарбанов Эркин, Атиев Абдырахман, Маматалиев, Жумабаев, Апашов сыяктуу чабандардын эмгегин айтып түгөтө албайсың.

Техниканын тилин билип, механизацияда коллективдүү подряд түзүп, чарба цехтик система менен иштөөгө өтүп, чарбанын ар бир тармагында техниканы пайдалануу, адоо аянттарын жакшыртуу жана кеңейтүүдө механизаторлор бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, бир максатты көздөп ак ниеттүүлүк менен, жоопкерчилик менен мамиле жасашып иштеген механизаторлордун катары өстү. Кебеков Шермат, Абдылакимов Митал, Муратов Ками, Чоңмурунов Токтобай, Жаанбаев Абдирашит, Бакиев Абип, Абдылдаев Шарап, Жумаев Арап, Абдибаитов Нооман, Анарбаев Ысмайыл, Мусурманкулов Абдылда, Чалов Абдыш техниканын тилин таап, өздөштүргөн көрүнүктүү механизаторлор менен сыймыктанышкан.

Көк-Бел айылы №44 жылкы заводу болгондугуна байланыштуу чарбада жылкылардын асыл тукумдуулугун

жогорулатууда жана жайын-кышын жылкы артынан жүргөн жылкычылардын эмгеги кадырлуу да, жооптуу да, ары түйшүктүү экендиги белгилүү болгондугу баарыбызга маалым. Эл-журтка жемиштүү жана өрнөктүү эмгектери менен таанылган, алдыдагы асыл иштерге көзү каныккан жылкычылары менен эли сыймыктанып келишти.

Абдикеримов Абдылаким, Пирматов Курбанбай, Абдыкалыков Бакир, Топчубаев Аттокур, Маманов Амир, Матмусаев Жоро, Дадабаев Дубана, Сасыкулов Жали, Умаркулов Абдыкаар, Айтназаров Ормош, Ашимов Абил, Бакыев Өмүрзак, Маманов Сатыбай, Маманов Байдылда, Айтиев Сапар сыяктуу жылкычылар урмат-сыйга бөлөнүп, эмгекке эки эселенген күч-кайрат менен берилип, шаңданып иштеп келишкен. Кийинчерээк карыганда да өз баркынан ажырабай, өзүнөн кичүүлөргө билген жакшы насаат сөздөрүн айтышып, ар кандай маселелерди чечүүдө адилет, калыс болушуп, кийинки муундардын сезиминин түпкүрүнөн орун алышып калышты.

1945-жылга чейин туулган Көк жатык уулдарынын жогорку окуу жайын бүтүп, өз айылында жана өлкөбүздүн булуң-бурчтарында элдин жүгүн көтөрүп, адилеттик менен чындыктын, акыйкаттыктын туусун бийик көтөрүп карман-ган, элдин, жаш муундардын келечегин терең ойлоп камкордук көргөн, башкаруучулук кезинде артында из калтырган, элдин сүймөнчүлүгүнө, ишеничине ээ болгон мамлекеттик жетекчилик кызматтарда иштеп келген алгачкы интеллигенция кызматкерлер менен сыймык-танабыз.

1. Алиев Эсен
2. Айткулов Абдывап
3. Боронов Капар
4. Сапиев Ираим
5. Шеркулов Бедел
6. Жусуев Сатыбай
7. Чоңмурунов Козубай
8. Тагаев Жоошбай

9. Моторов Төлөмүш
10. Таабалдыев Токтосун
11. Жаанбаев Дади
12. Айткулов Рысмамат
13. Эргешов Малик
14. Таңатаров Колдош
15. Бекиев Меңдибай
16. Рахманов Токтор
17. Исанов Насирдин
18. Мырзаятов Таштемир
19. Кулмаматов Момун
20. Шерматов Курбан
21. Айткулов Амангелди
22. Муратов Абыт
23. Жороев Таштемир
24. Токтосунов Мийзан
25. Карабаев Рахман
26. Турдубаев Аттокур
27. Сапиев Эрмек
28. Амиров Анарбай
29. Айткулов Эсен
30. Бакиров Аман

Көк-Бел жана Чеч-Дөбө айылдарында туулуп орто мектептерди бүтүргөндөн кийин Кыргызстан мамлекеттик techинститутун жана башка шаарлардан медучилища-ларды бүткөргөн өмүр сакчыларынын эмгектери да эл сезиминде кала турган иштерди жүргүзүп келишти. Алгачкы студент мезгилдеринде орус тилин өздөштүрүү бир топ кыйынчылыктарга дуушар болушса да көп окушуп, көптү үйрөнүп, натыйжалуу ийгиликтүү аякташкан Апиза Боронбаева, Жороев Өмүрбек Митаевич, Ташиев Марип Үсөнович, Анарбаев Ибрагим Исмаилович, Атиев Разак, Турдубаев Ысак, Абдылдаев Аттокур, Усеев Азат Абдибасирович, Матмусаев Абдыжапар Маликович, Бекиев Жеңиш Шарабидинович, Абдикеримов Атай жана

башкалар Гиппократтын антын алган дарыгерлер адал иштеп, саламаттык тармагында үзүрлүү эмгектенишип, эл оозуна алынып, чоң урмат-сыйга ээ болушуп үзүрлүү эмгек өтөп келишти.

Ооруканага ар түрдүү оорулуу адамдар кайрылышат. Ташиев Марип иштеп жүргөн мезгилде өтө сейрек кездешкен башынан өткөргөн бир окуяны айтып берди. Бир жаш келинди кайын энеси төрөтканага алып келет. Абалы өтө оор. Кыйналып жаны тынчыбайт. Бир гана жол баласын хирургиялык жол менен гана баланы алууга боло турганын тактайт. Көрсө төрөлө турган бала келиндин жатынына бүтпөстөн жатындын сыртында ичегеге жабышып өскөндүгүн аныктайт. Өтө кылдаттык менен операция жасап, баланы аман-эсен ичегиден ажыратып өз кесибинин устаты баланын да, эненин да өмүрүн сактап калат. Келиндин үй-бүлө мүчөлөрү мындай ишке ыраазы болуп, алкышын айтышып, кийин балага өмүр сакчысынын ысымын берген экен. Өмүр сакчыларыын ишинде мындан да татаал операцияларды жүргүзүп жүздөгөн оорулуу-лардын өмүрүн сактап калганына күбө болуп жүрөбүз го.

***

**Мугалимдер.** Мугалим- кандайдыр бир окуу предметинен мектепте сабак берген адам, окутуучу.

Мугалим-араб сөзү - окутуучу, тарбия берүүчү деген маанини түшүндүрөт.

Мугалим билими күчтүү, тарбиялык чеберчилиги өркүндөгөн, жогорку идеялуу, социалдык адилеттүүлүккө болгон ишеними терең, адеп-сезими бийик, турмушту терең түшүнгөн, баланы жан дили менен сүйгөн, ыйманы пакиза, таза адам болууга тийиш.

Мугалим менен окуучунун талыкпаган чыгармачылык ишмердүүлүгү аркылуу билим-тарбия алуучунун таанып билүү процессин уюштуруу жана аны багыттоо өнүктүрүп өстүрүү, окутуп жаткан балдарын оюн багытка буруу, окуучуларды көпчүлүктүн ичинде аракеттенүүсүнө жетиш-тирүүнүн кыймылдаткыч күчү мугалим менен окуучу болуп

эсептелет. Мугалимдин баскан турганы, сырткы көрүнүшү, өзүн алып жүрүүсү, сүйлөгөн сөзү, ички дүйнөсүнүн тазалыгы, билиминин жогору болушу, эл арасында жашоосу балдар үчүн өрнөк, үлгүлүү, суктанарлык көрүнүштө болууга тийиш. Анткени окуучу аны туурайт, ага окшошууга атайын аракеттерди жасайт, мугалимдей болууга дилгирлегет. Мугалим улуу адам, мектеп ыйык жай болуп эсептелет. Мугалим дагы мектепти ыйык жай катарында көрүп, бийик сезим менен чын ыкластуу ызаат менен үлгүлүү жагдайларда таасир көрсөтүп зор даярдык менен барууга тийиш. Ошентип улуулукка өмүр бою умтулуу керек. Мугалимдин өз кесибине байланышкан иши күнү-түнү бүтпөйт. Күнүмдүк сабакты өтүп, класстан жана мектептен тышкаркы тарбиялык иш жүргүзүп, ата-энелер менен сүйлөшүп, сабагынан жетишпеген окуучулар менен жекече иш алып барып, кечкисин план-конспект түзүп, дептер текшерип, төшөгүнө жамбаштап жатканда да окуучулардын сабакка жетишүүсүн, тартибин, анын деңгээлин көтөрүүнүн жолдорун ойлойсуң. Мына ошондой мугалимдерге карата төмөндөгүдөй эл арасында накыл сөздөр айтылып жүрөт:

«Эгер бир жылдык пайданы көздөп түшүм алгың келсе, эгин эк, эгер он жылдык пайданы көздөп түшүм алгың келсе, дарак тик, а жүз жылдык пайданы көздөп түшүм алгың келсе, бала окут»-дейт Хадисте мындай жазылган: «Эгер атаң менен устатың бир мезгилде чакырып калса, анда алгач ирет устатыңа жооп бер»-дейт.

«Акылман адам гана чыныгы мугалим болот»

«Залкар адамдын окутуусунан гана залкар инсандар чыгат», «Мугалим-акыл-эсти жетилтүү, туура ыкчам ойлонууга үйрөтүүчү», «Кудайдын назары түшкөн адам гана мугалим болот», «Мугалим кандай болсо, коом ошондой болот», «Мугалим-Сенин мугалим деген атыңдын алдында багынуу менен тизе бүгүүгө уруксат бериңиз», «Мугалимди унуткан эл келечегин да унутат»-деген учкул сөздөр эл арасында сыймыктануу менен аталса, бир акын:

«Келечекке муундарды чакырып,
Мугалимдин аты улук, заты улук.
Мугалимди түшүнгөнү азамат,
Мугалимди түшүнбөгөн макулук»-деп мугалим жөнүндө ачык, так, таамай айткан экен. Элде айтылып келе жаткан жогоркудай накыл сөздөрдүн ар биринде мугалим жөнүндө өтө кыска, терең, асыл ойлор айтылып жатпайбы.

«Биринчи мугалимдеги»- Дүйшөн 1962-жылы жазылып элдин калың катмарына кеңири таанылды. Чынгыз Айтматов коммунисттин жаркын образын түзгөн 1920-жылдын баш ченинде кызыл армиядан анча-мынча сабатын жоюп кайткан кедей уулу Дүйшөндүн мектебинен алиппе тааныган Алтынай сыяктуу кыргыздын улан-кыздары академикке чейин өсүп жетти. Биздин да Көк-Бел жана Чеч-Дөбө айылдарында мурда өлкөбүздүн ар жеринен мугалимдер келип балдарды окутса, кийин жергиликтүү калк арасынан алгачкы чыккан чыгаан уулдары атайын орто жана жогорку окуу жайларынан мугалимдик кесипке ээ болгон агайлар эмгек жолун агартуу майданынан башташты. Айткулов Абдивап, Сапиев Ираим, Шеркулов Бедел, Алиев Эсен, Боронов Капар, Рахманов Токтор сыяктуу мугалимдердин катары пайда болду. Алардын издемчилдигинин, иштемчилдигинин талыкпаган эмгектеринин натыйжасында илимий даражаларга ээ болгон окумуштууларыбыз өсүп чыкты. Насирдин Исанов экономика илимдеринин кандидаты, Абдылакимов Кенжемат педагогика илимдеринин кандидаты, Казыбаев Абдыкаар математика илимдеринин кандидаты, Абдылдаев Апсамат математика илимдеринин кандидаты, Алиева Фарида Эсеновна филология илимдеринин кандидаты, Абдылакимова Бегай Кенжематовна социология илимдеринин кандидаты жана башка илимпоздор өсүп чыкты.

Жетимиш жылга созулган социалисттик коом мезгилинде мамлекеттик жогорку кызматтарда, илим-

билим даражасына ээ болгон. Жогорку Кеңешке депутаттыкка шайланган, республикалык, областтык, райондук деңгээлдерде жетекчилик кызматтарда иштешкен, колхоз, совхоздордо башкы адистерде, газета-журналдарда, радио-телеберүүлөрдө, мектеп жетекчилигинде, саламаттыкты сактоо бөлүмдөрүндө жетекчилик кызматтарда эл арасында төбөсү көрүнүп, таанымал болуп калган көк жатык уруусуун тургундарынын ысымдарын сыймыктануу менен атаса болот. Ошондой эле эгемендүүлүк мезгилинде жаңы түзүлүштүн чоо-жайын эрте таанып, ири ишканаларды түзүп, кийинки муундагы ишкерлер өсүп чыкты.

1. Алиев Эсен - Ош обкомунун бөлүм башчысы, Лейлек, Алай райкомдорунун секретары, Чечме-Сай колхозунун башкармалыгынын төрагасы.
2. Жороев Таштемир - Ноокат, Чаткал райкомдорунун секретары.
3. Исанов Насирдин - Ысык-Көл аткаруу комитетинин төрагасы, Кыргыз Республикасынын курулуш министри, Кыргыз Республикасынын премьер-министри, экономики илимдеринин кандидаты, мамлекеттик жана коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты.
4. Дубанаев Абдывап - Көк-Бел айыл кеңешинин төрагасы.
5. Жусуев Сатыбай - Ош областтык байланыш бөлүмүнүн башчысы.
6. Айткулов Абдывап - «Көк-Бел» орто мектебинин директору, жергиликтүү калктан чыккан биринчи мугалим.
7. Шеркулов Бедел-Ноокат районунун элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы.
8. Токтосунов Асамидин-Ноокат районунун аткаруу комитетинин бөлүм башчысы.
9. Умаров Мому-Көк-Бел айыл кеңешинин төрагасы.

10. Мамышов Аматбек - №44 жылкы заводунун биринчи бөлүмүнүн башчысы.
11. Айткулов Абдибаит-Ноокат районунун аткаруу комитетинин бөлүм башчысы.
12. Карабеков Орунбай - №44 жылкы заводунун финансы бөлүмүнүн башчысы.
13. Моторов Төлөмүш - №44 жылкы заводунун профсоюз комитетинин башчысы.
14. Карагулов Жолон-Чеч-Дөбө колхозунун башкы бухгалтери.
15. Шеркулов Абдибаит-Чеч-Дөбө колхозунун башкармасынын төрагасы.
16. Көчкөнбаев Мусурманкул-Чеч-Дөбө колхозунун айыл кеңешинин төрагасы.
17. Жаанбаев Дади-Баткен районунун айыл чарба департаментинин башкармасынын төрагасы, №44 жылкы заводунун башкы инженери.
18. Айткулов Рысмамат-Ленинизм колхозунун башкармасынын төрагасы.
19. Шерматов Курбан - Баткен районунун Рават колхозунун башкы бухгалтери, Көк-Бел асыл тукум чарбасынын директору.
20. Карабаев Рахман - Өзгөн, Базар-Коргон райондорунун ички иштер бөлүмүнүн начальниги, полковник.
21. Гайыпкулов Искендер Төрөбаевич-Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, Эсептөө палатасынын төрагасы.
22. Исанова Мария Насирдиновна-Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, президенттик аппаратта каттар бөлүмүнүн башчысы.
23. Калдаров Эсенбай - «Кыргыз тили», «Эркин Тоо» газеталарынын редактору, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, журналист.
24. Исанов Алмаз Насирдинович-Малайзияда элчи, Президенттик аппаратта кызматкер.

25. Осмонов Шарабидин - Араван райондук КГБнин начальниги.
26. Алиев Абдыганы Турдумаматович-Ош областтык администрациясынын аппарат жетекчиси, Ноокат районунун администрациясынын акими.
27. Мурзаятов Таштемир - №44 жылкы заводунун башкы бухгалтери.
28. Таңатаров Колдош - №44 жылкы заводунун башкы агроному.
29. Тагаев Жоошбай-№ 44 жылкы заводунун биринчи бөлүмүнүн башчысы жана башкы агроному.
30. Айткулов Амангелди-№44 жылкы заводунун жана Чапаев колхозунун башкы ветврачы.
31. Сапиев Ираим-Токтогул атындагы орто мектебинин директору, орус тили жана адабияты мугалими, айылдын алгачкы мугалими.
32. Кулмаматов Мому - №44 жылкы заводунун башкы бухгалтери.
33. Эргешов Малик-Араван районунун ветеринария бөлүмүнүн башчысы.
34. Таабалдыев Токтосун-№44 жылкы заводунун башкы агроному.
35. Абдылакимов Кенжемат-Ош мамлекеттик университетинин филология факультетинин деканы, Ош мамлекетинин педагогикалык колледжинин директору, педагогика илимдеринин кандидаты.
36. Казыбаев Абдыкаар-Кыргыз гуманитардык университетинин кафедра башчысы, математика илимдеринин кандидаты.
37. Абдылдаев Апсамат-математика илимдеринин кандидаты, илим изилдөө академиясынын бөлүм башчысы.
38. Дадабаев Асан-Ноокат районунун социалдык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы, Көк-Бел айыл өкмөтүнүн башчысы.

39. Сапиев Эрмек - №44 жылкы заводунун башкы зоотехниги.
40. Амиров Анарбай-Чапаев колхозунун башкы зоотехниги.
41. Муратов Абыт - №44 жылкы заводунун башкы ветврачы.
42. Айткулов Нуркамил №44 жылкы заводунун инженеринин орун басары.
43. Жаанбаев Коргонбай-Салиева атындагы колхоздун башкы ветврачы.
44. Мажитов Рахманберди - №44 жылкы заводунун башкы инженери.
45. Дуванаев Мамырайым - «Ош жаңырыгы» газетасынын башкы редактору, ЭлТРнын директору, КТРдин башкы директорунун орун басары.
46. Айткулов Маматкарим Нуркамилович – Ош областынын прокурорунун орун басары.
47. Дубанаев Аблаз - Ош шаарынын ПМКсынын башчысы.
48. Жумабаев Алан (Турдумамат) - Көк-Бел айылынын байланыш бөлүмүнүн башчысы.
49. Эргешов Мажит-Ош областтык айыл чарбасынын ветеринария бөлүмүнүн башчысы.
50. Айткулов Латип Абдибаитович-Ноокат районунун аскер комиссариатынын 2-бөлүмүнүн башчысы.
51. Мадиев Бек-Кызыл-Кыя шаарындагы кыш чыгаруу заводунун директору.
52. Кочкоров Жусуп-Араван районундагы Төө-Моюн совхозунун башкы зоотехниги.
53. Эрмаматов Аби-№44 жылкы заводунун башкы ветврачы.
54. Чоңмурунов Козубай-Республикалык деңгээлдеги белгилүү юрист
55. Бекиев Меңдибай - «Көк-Бел» орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы.

56. Турдубаев Ысак - Ноокат районунун санэпидстанциясынын начальниги.
57. Турдубаев Аттокур - райондун эң алдыңкы математик мугалими.
58. Боронов Капар - жергиликтүү калктан чыккан алгачкы математика мугалими.
59. Мөнөкбаев Абдикерим-белгилүү художник, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун ага окутуучусу.
60. Адимов Келдибек - Көк-Бел орто мектебинин директору, математика мугалими.
61. Турдумаматов Кутбидин - Н.Исанов атындагы орто мектебинин директору, физика мугалими.
62. Абдибаитов Жеңиш - Ноокат районунун ДСШнин тренери, шахмат боюнча областык чемпион.
63. Карабеков Аип - К.Абдылакимов атындагы Көк-Бел орто мектебинин директору.
64. Жороев Өмүрбек - Жаңы-Базар поликлиникасыын тиш боюнча башкы врачы.
65. Абдылакимов Ибрагим Кенжематович-финансы министрлигинде бөлүм башчы, эсептөө палатасында бөлүм башчы.
66. Ташиев Марип Үсөнович-Бишкек шаарындагы Мамакеев атындагы №2 больницанын торакальный бөлүмүнүн башчысы, Ноокат районунун хирургия бөлүмүнүн башчысы.
67. Карагулов Субанкул Жолонович-Бишкек ПМКсынын начальниги.
68. Абдылакимов Бектурсун-Генпрокуратурада бөлүм башчы.
69. Боронбаева Апиза-Ноокат районунда аялдардан чыккан биринчи хирург, Ноокат райондук ооруканасынын хирургия бөлүмүнүн башчысы.
70. Алиева Фарида-Ош мамлекеттик университетинин кафедра башчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент.

71. Абдылакимов Куттубий Абдырахманович-финансы министрлигинде бөлүм башчы.
72. Абдылакимов Курманбек Абдырахманович-КРнын Улуттук коопсуздук комитетинин бөлүм башчысы.
73. Алиев Абдинабий Турдуматович-Ош шаарынын аэропортунун начальниги.
74. Алиев Разак Турдумаматович-Ноокат районунун социалдык камсыздандыруу бөлүмүнүн начальниги.
75. Алиев Бекболот Абдыганиевич-Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинде бөлүм башчы.
76. Арыкбаев Абсалам-Республикалык «Бакай» банктын Түштүктөгү аймагы боюнча начальниги, «республикалык банкирлердин мыктысы» алтын төш белгисинин ээси.
77. Адимов Нурлан Келдибекович-Кара-Кул шаарындагы аскердик бөлүмдө бөлүм башчы, полковник.
78. Адимов Акыл Акматович-Ош шаардык сотунда иштейт.
79. Жороев Атабек Митаевич-Ош технологиялык унивеситетте улуу окутуучу.
80. Жороев Акылбек Митаевич-Көк-Бел айыл өкмөтүнүн башчысы.
81. Алиев Ибрагим Эсенович-Токтогул ГЭСинде башкы инженер, Нарын ГЭСинин директору.
82. Өтөнов Досон-чабан, бир канча орден-медалдар менен сыйланган, депутат.
83. Абдылакимова Бегай Кенжематовна-социология илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик университетитин окутуучусу.
84. Чалов Алмаз Абдышович-бизнесмен. Белгилүү ишкер. Чеч-Дөбө мечитине, А.Осмонов атындагы мектебинин муктаждыктарына жардам берип, эки китеп чыгарууга салым кошкон.
85. Умаркулов Абдымомун Абдыкаарович -бизнесмен, белгилүү ишкер

86. Бакиров Каримжан - бизнесмен, белгилүү ишкер, айылдагы көйгөйлүү маселелерди чечүүдө көп жардамдарды берип жүрөт.
87. Сапиев Жеңиш-полковник, ички иштер бөлүмүндө кызматкер.
88. Шеркулов Апсамат-полковник ички иштер бөлүмүнүн кызматкери.
89. Мамытов Талант-полковник, райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги.
90. Анаров Самат-подполковник, чек ара аскер бөлүмүндө кызматкер.
91. Мусурманкулов Самат-полковник, ички иштер бөлүмүнүн кызматкери.
92. Карагулов Мырзапаяз-Москвадагы КРнын элчилигинин башкы юристи.
93. Дуванаев Абдырайым Абдувапович - Кыргызпочтасынын Көк-Бел бөлүмүнүн башчысы
94. Мажитов Мубарак-Ноокат районунун администрациясында бөлүм башчы.
95. Казыбаев Ибрагим-Ноокат районунун госрегистринде кызматкер.
6. Жото-алтынчы муундагы ата. Бул кубардын атасы болуп эсептелет. М.: Акмакка жотодон калган акыл да жукпайт.

7. Жете-жетинчи муундагы ата, башкача айтканда жотонун атасын жете дейт. М.: Мунун жетеден берки аталары айкөл болушкан.

8. Кылы-сегизинчи муундагы ата. Ал жетенин атасы болуп эсептелет. М.: Кылымдан бери кур аякка бата жүрбөйт.

9. Кыштым-тогузунчу муундагы ата, ал кылынын атасы кыштым болуп эсептелет. М.: Ээ, кырк көйнөк кылы-кыштымдан бери айтылып келет.

10. Пуштум-онунчу муундагы ата, бул кыштымдын атасы пуштум деп аталат. М.: Пуштумга чейин ата-тегиңди айта аласыңбы? –деди байкем.

Мына ушул вариант эл арасында кеңири колдонулуп жүрөт жана бул туура деп эсептеймин.

Ал эми уул аталыктары дагы айрым жерлерде өзгөртүлүп кеткен учурлар кездешет. Эмесе төмөнкү эки вариантка көңүл буралы.

| | |
|---|---|
| 1.Бала | 1. Бала |
| 2. Небере | 2. Небере |
| 3. Чебер | 3. Чебере |
| 4. Кыбыра | 4. Кыбыра |
| 5. Шыбыра | 5. Эбире |
| 6. Тыбыра | 6. Зебире |
| 7. Томпок | 7. Жебире |
| 8. Тоңгок | 8. Жалт |
| 9. Жат. | |

1. Бала-атанын баласы, атадан калган туяк, атанын мураскору, атанын тукумун улоочу.

2. Небере-Балаңдын баласы, экинчи муундагы баланын баласы. М: Небере ширин көрүнөт экен.

3. Чебере-Неберенин баласы, Үчүнчү муундагы тукум чебере же чөбүрө деп да аталат. М: Чунагым чеберем мени тааныбайм дейт.

4. Кыбыра-төртүнчү муундагы туяк, тукум. Башкача айтканда чеберенин баласы.

5. Шыбыра-Бешинчи муундун тукуму болуп эсептелет. Кыбыранын баласы. Шыбыраны көргөн кубар элге чыкпай үйдө тумчугуп жатып калган кези болот.

6. Тыбыра-алтынчы муундун баласы, башача айтканда шыбыранын баласы болуп эсептелет. Кары адамдын кулагы укпай, кулак кычуусу канып бүтүп, көзү үлбүл көрүп калган кезге байланыштуу айтылган. М: Ээ, тыбыраны көрмөк кайда?

7. Томпок-Жетинчи муундун тукуму. Ал тыбыранын баласы. Жете үчүн жетинчи муундагы жаңы төрөлгөн

бөбөк томпойгон бирдеме көрүнөт.М: Томпок көз жаздымда калат да.

8. Тоӊгок-сегизинчи муундун тукуму. Бул томпоктун баласы. Кыштын күнү тоӊуп калган тоӊго карата айтуудан келип чыкса керек. Эгер тоӊгогун көргөн адам болсо, чындыгында анын чөккөн кези.

9. Жат-тогузунчу муундун тукумуна карата колдонгон сөз. Бара-бара жат болуп калган кези болот.

Мына ушул уул аталыштары эл арасында кеӊири жайылган, бирок кайсыл гана вариантын айтпайлы буларды көпчүлүгү биле бербейт жана ыгына жараша кеӊири пайдаланбайт.

## АТ МҮНӨЗДӨРҮ

«Ат - адамдын канаты», «Ат-аткан октой» деп ата-бабаларыбыз атка өтө жогору баа берип келишкен. Адам өз турмушунда ат менен 300дөй чакыырм жолду басып өткөндүгү боюнча айтымдар бар. Аттын да аты бар. Кээ бир белгилүү күлүк ат үчүн эки эл чабышып, ортодон бир канча адам мерт кеткен учурлар болгондугу белгилүү. Атка кыргыз эли өтө этият мамиле жасаган жана айбандардын ичинен атка карата көӊүл буруп сындап келишкен. Кээ бир адамдар атка сүйлөп мамиле кылган учурлар болгон. Баатырлар эр эӊиште, эр сайышта, көк бөрү тартууда, жоо менен беттешүүлөрдө өз жанын атына тапшырган жана атына гана ишенген учурлар болгон. Кээде аттын ээси уктап калып сырттан жылан, кара курт өӊдүү зыянкечтер же сырткы душмандар кандайдыр бир коркунуч туудурса, аны аты минип жүргөн ээсин чапчып же тумшугу менен түрткүлөп ойготкон учурлары болгон. Айтылуу Чекебай сыяктуу саяпкерлер күлүк ат болорун тай мезгилинде эле сынап билишкени жөнүндө аӊыз сөздөр айтылат. Ал гана турсун үйдө олтуруп сырттагы аттын басыгынын дабышынан кандай

ат экенин билишкен. Мына ошондой эле ат жөнүндө эл ичинде эң бир баалуу накыл сөздөр айтылып келген.

«Ат эрдин канаты», «Аты жакшы азамат качса кутулат, кууса жетет», «Атты тайында такшалт, кунанында куурат, быштысында бышыр, асыйында асыра», «Аты жоктун буту жок», «Жакшы аттын жалын сакта, жакшы эрдин кадырын сакта» - деп атка жогору баа берген. Атты таптаганда да өз ыкмалары бар экени белгилүү. Мына ошондуктан күнү-түнү менен карашып. Саяпкерлердин айткандарын так аткарып келишкен жана атты мүнөздөрүнө карай төмөндөгүдөй топторго бөлүп ажыраткан.

1. Жүйрүк-алыска чуркай турган, талбаган күлүк ат.
2. Тулпар-жылкы тукумунун эң күлүгү, мыктысы.
3. Дулдул-чарчап чалыкпаган күлүк, талбаган тулпар.
4. Жүрүмөл-басымы жакшы, жакшы жүрүштүү ат.
5. Жорток-дөңкүлдөп желе жүргөн жүрүш, минген адам үчүн жайсыз, жорто жүргөн жүрүш.
6. Жорго-эки оң жак, эки сол жак буттарын тең таштап чайкала, теңселе жүргөн ылдам басык, жылкынын чуркоо ыгы.
7. Чарс-азоо чалыш, кыялы чатак жылкы.
8. Какбаш - ээнчил. Жанына жылкы жолотпойт.
9. Чымкор-чөп тандап аз оттойт, эттенбейт, арык болот.
10. Жалакай-чыдамы жок, акырына чейин чыдабайт.
11. Улактын аты-көк бөрү тартууга, улак чабууга ылайык ат,анын сырын да билет.
12. Тиштээк-тиштегич, тиштеп көнүккөн ат.
13. Тарпаң-байыркы мезгилде жашаган жапайы ат.
14. Качкы-кишиден качкан, кишини жакын жолотпогон, карматпай качкан ат.
15. Чакар-кыйды, митаам, «Ээси арамза болсо, аты чакар болот»-деген накыл сөз бар элде.

## АТАНЫН ӨЗ БАЛДАРЫНЫН АЛДЫНДАГЫ АЛТЫ ПАРЗЫ

1. Баласына тандап, жакшы ат коюу.
2. Баланы энесинен ажыратпоо керек.
3. Балдарды ак эмгеги менен тапкан адал аш-оокаттарын берип багуу.
4. Кызы тогуз уулу, он эки жашка чейин ислам ибадаттарын үйрөтүү, оң менен солду таанытуу, адал эмне, арам эмне экенин билдирүү.
5. Мектепке берип, илим үйрөтүү, бир кесипке ээ кылуу.
6. Уулун үйлөп, кызын күйөөгө чыгаруу.

## БАЛАНЫН ӨЗ АТА-ЭНЕСИНИН АЛДЫНДАГЫ ОН МИЛДЕТИ

1. Ата-энесинин эч унутуп калтырбоо.
2. Аларды кийим-кечеден, аш-оокаттан кемсинтпөө.
3. Ата-эненин ал-абалынан тез-тез кабар алып туруу.
4. Чакырса дароо баруу.
5. Иш буйруса тез өз убагында аткаруу.
6. Ата-энени экөөнү тең бирдей көрүп, алакчылабай тең кароо.
7. Ата-энесинин өмүрлөрүнүн узун болушун тилөө жана ага дайыма дуба кылып туруу.
8. Ата-эненин алдында дайыма адептүү болуп, сылык-сыпаа болуп сыйлоо.
9. Ата-эненин аттарын атап чакырбоо жана башка тилде «папа», «мама» сыяктуу сөздөрдү колдонбоо.
10. Чогуу бир жакка бирге барышкан болсо, дайыма ата-эненин артында жүрүү.

# УУЛ БАЛАНЫН АТА-ЭНЕСИНИН АЛДЫНДА ӨТӨЙ ТУГАН 80 МИЛДЕТ ЖӨНҮНДӨ

**40 милдети ата-эненин бирге жашап жүргөн тирүү кезинде аткарууга милдеттер болуп эсептелет.**

**Ал эми 40 милдети ата-эне дүйнөдөн өткөндөн кийин аткарууга тийиш болгон милдеттер.**

Эмесе ата-энеси тирүү мезгилде бирге жашап көзү барда аткара турган 40 милдетке токтололу.

1. Ата-энеге дайыма кызмат кылуу, ызат-урмат менен мамиле жасоо, сыйлоо болуп эсептелет.
2. Эгер чакырып калса ошол замат кечикпей баруу.
3. Баласы намаз окуп жатса, ал намазы парз намаз болбой, напил намаз болсо аны бузуп болсо да баруу зарыл.
4. Ата-энелерден бир эле убакта экөө тең чакырып калса, адегенде апасына баруу керек, анын тапшырмасын аткаргандан кийин атасынын буйругун аткаруу милдет. Албетте ал тапшырмалар шариатка каршы болбогон иштер болсо баарын аткарууга тийиш.
5. Бир жакка сапарга чыга турган болсо, ата-энеден уруксат сурап баруу керек. Мейли даватка барса да. ажылыкка барса да, окууга барса да.
6. Ата-эне үйгө келгенде ордунан туруп, урмат көрсөтүү менен тосуп алуу, алардан мурда отурбоо керек.
7. Ата-эне отура турган орунга олтурбоо.
8. Эгер бир жакка чогуу баруу керек болсо, анда жол караңгы болсо жол баштап же алды жакта коркунуч болсо алдыда болуп коргоо керек, ал эми жайчылык убактарда артында гана басуу керек.

9. Чогуу отурганда ата-эненин алдында жинденбей, кабагын бүркөбөй жакшы маанайда отуруу.
10. Эгерде бла бөлөк жашса, ата-эненин үйүнө тез-тез келип, ал-абалын сурап туруу.
11. Ата-эненин алдында дайыма адептүү, сылык болуп жүрүү.
12. Ата-эненин алдында минайым, ширин сөздүү болуу керек.
13. Сүйлөшүп отурганда ата-эненин үнүнөн доошун бийик чыгарбай, бакырып сүйлөбөй, минайым сүйлөшүү.
14. Ата-эненин алдында маанисиз сөздөрдү көп сүйлөбөө зарыл.
15. Ата-энеге азил, тамаша, ашыкча сөздөрдү айтпоо.
16. Ата-эненин сөздөрүнө ортодон чыга калып сөз кошпоо, каяша сөз айтпоо.
17. Буйрук иретинде сөз сүйлөбөө, же кекерленип кекейип сүйлөбөө керек.
18. Ата-эненин алдында үшкүрбөө, ох-ух деп кейинбөө.
19. Кандайдыр кейиштүү иш болсо ата-эненин алдында кыжаалаттанганын билдирбөө.
20. Ата-эненин ат айтып, же башка тилдерде анын атын айтып чакырбоо.
21. Ата-энеге ырайымдуу, боорукер болуу.
22. Аларды өзгөчө урмат-сый көрсөтүп сыйлоо.
23. Ата-энени өзгөчө Алладан кийинки эле жакын адамдар катары көрүү.
24. Алардын кубанычын тең бөлүшүү, кайгысына кошо кайгыруу.
25. Эгер ата-энең ооруп калса абалын сурап, анын дартына ортоктош болуу.
26. Эгер ата-энең көп сүйлөсө жактырбагансып өңүңдү өзгөртпөгүн.
27. Аларга карата кыжырланбоо, жиниңди келтирбөө керек.
28. Ата-энеңе азар бербегин, зыян келтирбегин.

29. Аларды эч убакта таарынтпайын, капа кылбайын деп ниет кылгын.
30. Алардын ден соолугуна кам көр, өмүрлөрүнүн узун болушун тиле.
31. Адал иштеп тапкан мал-мүлкүн. олжосун, дүйнөсүн акчасын ата-энесинин колуна алып келип берүү.
32. Өзүнөн мурда ата-эненин керегине сарптап ыраазы кылуу.
33. Ата-энеге жакшы жана жылуу кийим-кечелерди камдап берүү.
34. Адал жагымдуу тамак-аштар, ширинддиктер, жана башка азыктар менен камсыз кылуу.
35. Кышка карата отун-суусун камдап, ыңгайлуу шарт түзүп берүү.
36. Аларга аш-тойго, сапарга чыкса, каада-салт жолунда иш кылчу болсо камын көргүн.
37. Эгер ата-энең карыз болуп калса, анын карызын төлөп, карыздан куткаргын.
38. Өзүнүн балдарынан мурда ата-эненин тамагын бер, тамактын жакшысын берип курсагын тойгоз.
39. Ата-эненин макулдугу менен тапкан тутканын өз керектөөсүнө жумша, ата-эненин тапканын өз керегине жумшоого акысыз. Качан гана ата-эне бергенде гана керектөөсүнө жумшоого акылуу.
40. Ата-эненин көз алдында акырет иштерине сарпталуучу керектөөлөрүн бала камдап коюу керек.

## УУЛ БАЛАНЫН АТА-ЭНЕСИНИН КӨЗҮ ӨТКӨНДӨН КИЙИН АТКАРА ТУГАН 40 МИЛДЕТТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

1. Жасатты тез мүрзөгө алып барып шарият жолу менен көмүүгө аракет жасоо, анткени акыркы ызаат-урмат болуп эсептелет.

2. Ата-эненин кабырын шарият жолу менен жакшылап каздыруу.
3. Ата-энеси өлгөндө кайгыруу, бирок өкүрүп-бакырып бетин-башын тыткылабоо. Албетте кымбат кишиден айрылуу оор, ыйлайт, сыздайт, бирок сабырдуулук менен кайрат кылуу керек.
4. Тажиясында жана андан кийинки ариет-расмийлерде ысырапкерчиликке, курулай намыска жол бербеш керек.
5. Өлүктү шариат жолу менен жуудуруп, ак кепинге оротуу ыкмалары менен жасоо.
6. Ким сөөктү жууса-ыраазы кылуу жана алардын ыраазычылыгын сурап коюу.
7. Эгерде бала дин жагынан илимдүү болсо, ата-энесинин жана намазына өзү өткөнү ылайыктуу, анткени бул сүннөт Адам ата алейхи салам саламдан өткөндө жаназасын уулу азирети Шейх өзү окуган.
8. Ата-энесинин сөөгүн кабырга уулу өзү коюу.
9. Бала ата-энесине биринчи болуп топурак салуу, анткени уул баладан топурак буйруса ата-эненин руху шат болот.
10. Кабырстанда сөөк коюлуп жатканда тажияга катышкандарга садага берүү.
11. Ата-энесине мүрзөгө коюлгандан кийин шариат жолу менен куран окутуу.
12. Ата-энеси мүрзөгө коюлгандан кийин жалпы катышкан элден «Менин атам кадай киши эле?»-деп сурап коюу керек.
13. Мүрзөдө кабырын казгандарды ыраазы кылуу жана ыраазычылыгын сурап коюу.
14. Эгер ата-энесинин тирүү чагында кимден эмне карыз болсо, аларды уулу төлөп берүүсү зарыл.
15. Ата-эненин осуяттарын балдары аткарууга тийиш.
16. Дайыма өз мезгилинде ата-энемди Алла рахматы кылгын деп Алла Тааладан тилеп дуба кылып туруу.

17. Атайын нафил намаз окуп, нафил орозо тутуп сообун ата-энеге багыштап туруу керек.
18. Дуба кылгада алгач ата-энесинин рухун шат кылгын деп Алладан сурап, тилек айтуу зарыл.
19. Мезгил-мезгили менен ата-эненин кабырына зыяратка барып куран-тилават кылып, тагбир, салават айтып багыштап туруу.
20. Кабырга зыярат кылган мезгилде бөтөн сөздөрдү айтып, тиричилик жөнүндө алагды болбой олтуруу анткени оюн онго, санаасын санга бөлүп, болбогон нерсеге алагды болсо, ата-эненин руху азап чегишет.
21. Ата-эненин тирүү кезинде дилине катуу тийип, көңүлүн ооруткан учуру болсо, кечирим суроого үлгүрбөй калган болсо, баласы алар өлгөндөн кийин үзбөй дайыма куран окуп, алардын акыретин абад кыл деп Алла Тааладан кечирим сурап турууга милдеттүү экенин унутпоо керек.
22. Ата-эненин тирүү кезинде берген жакшы тарбия таалимин өмүр бою аздектеп жүрүү.
23. Жакшы насаат сөздөрүн көңүлдөн чыгарбай, айткан осуятын аткаруу милдет экенин унутпоо.
24. Жаман жоругуңду таштa, жаман жолго барба десе аны баласы убагында аткарбаган болсо, алардын көзү өткөндөн кийин эсине кирип аткарганга милдеттүү. Эгер бала туура эмес жолдо жүрө берсе, ата-эне кабырында жатып да руху азап чеге берет.
25. Эгер кимдир бирөө менен урушса, тилдешсе, мушташса бири-биринин ата-энесине акарат кылбоо жана ата-энеси жөнүндө жаман сөздөрдү айтпоо керек.
26. Ата-эненин досторунан кол үзбөө, жакшылык-жамандыктарда жанында болуу жана анын балдары менен жакшы мамиледе болуу.
27. Ата-эненин туугандарын сыйлоого, урматтоого милдеттүү жана карым-катнашта болуу, кол үзбөө.

28. Орозо айтта, Курбан айтта ата-эненин рухуна атап садага берүү.
29. Колунан келсе курман айтта ата-эненин рухуна атап садага берүү, ата-эненин рухтарына багыштап курмандык чалуу, куран окутуу.
30. Ата-эненин жакшы көргөн тамактарын жасатып туугандарын, досторун, кошуналарын чакырып сыйлоо менен аларга атап дуба кылып туруу.
31. Кудурети жеткен мезгилде ар бир адам ата-энесине катмы куран окутуу.
32. Адамдын бардыгы жетишкен болсо, ысырапкерчиликсиз эскерип жолго, жетим-жесирге, мектепке садага катары демөөрчүлүк кылып, ата-энесине сооп иштерин багыштоо.
33. Ата тууганын да, эне тууганын да бирдей көрүп алардын тойлоруна, каада-салттарына катышып туруу.
34. Ата-эненин туугандарынан кайтыш болсо, тажиясына баруу.
35. Ата-эненин досторуна, жакын адамдарына андайдыр бир жакшылык же жамандык иштерине көңүл айтып көңүл улоо.
36. Ата-эненин жакшы сапаттарын баалоо, урматтоо, эгер терс жактары болсо аны колдонбоо.
37. Ата-эненин жакшы өнөрүн улантуу, өстүрүү.
38. Эгерде жаман иш кылып өлгөн ата-энеге наалат айттырбоо.
39. Жагымсыз иш кылып коюп, ата-энесинин рухун ортого салып актанбоо керек.
40. Ар бир адам ата-эненин мүлктүү аспаптарын колдонуу жана аны табарик катары алып жүрүү ыйык сактоо зарыл.

## АТА-ЭНЕ ӨЗ БАЛАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЭМНЕЛЕРДИ БИЛҮҮ КЕРЕК?

1. Ар бир баласынын кулк-мүнөзүн терең билүү.
2. Бала эмнени жактырарын эмнени жактырбашын.
3. Бала эмнеге жөндөмдүү экенин байкоо.
4. Анын чыдамы канчалык деңгээлде.
5. Эмнелерге абдан кызыгат, эмнелерге кызыкпайт.
6. Ден соолугу, кайраты канчалык деңгээлде.
7. Коомдук жайларда кандайөзүн алып жүрөт.
8. Чөйрөдө кандай оң сапаттарга ээ, кандай терс сапаттарга ээ экенин билүү.
9. Балдарынын ортосунда кандай чечилбеген жагдайлар бар.
10. Балдардын ортосундагы чечилбей жаткан маселелерди чечүүдө бир тарапта болбой туура чечимге келүү.
11. Балдарынын коомдогу мамилеси канчалык деңгээлде.

## АТА-ЭНЕНИН МЕКТЕПТЕ ОКУГАН БАЛАСЫ ЖӨНҮНДӨ КАМКОРДУГУ

1. Эркек жана кыз баланын бөлмөлөрүн жаңыча шартта түзүп берүү.
2. Ар бир баласынын сабак даярдоо бөлмөсүн түзүү жана анын шарттарына көңүл буруу.
3. Китеп, саат, календар, сөздүктөр, карта жана башка окуу куралдары менен камсыз кылуу.
4. Ар бир үйдө үй-бүлө өздүк китепканасын түзүү.
5. Радио, телевизордогу маанилүү маселелер боюнча анализдеп баарлашып туруу.
6. Баланын ой-пикирин угуу жана аны туура багытка буруу.

7. Балдардын бири-бири менен жакшы мамиледе болушун, бири-бирин сыйлоону жана тартипке чакырып туруу көрүнүштөрүн жүргүзүү.
8. Мектепке барып баласынын окуусун, адеп-ахлагы жөнүндө маалымат алып, класс жетекчиси, предметтик мугалимдери менен тыгыз байланышта болуу.
9. Үй-чарба иштерин терең үйрөтүү, аткара ала турган иштерин такай аткарып туруусуна көңүл буруу.
10. Улам жаңы терминдерди үйрөтүп туруу өз бет алдынча сөздүктөр менен иштөөсүнө көңүл буруу.
11. Жакшы сапаттарды өздөштүрүүсүнө көңүл буруп, жөнөкөй болуусун талап кылуу.
12. Баланын жакшы сапаттарын белгилеп, анын ийгиликтерин баалап туруу.
13. Кроссворддорду чечүү жана чеберчилик иштери менен машыгуусуна көңүл буруу.

## КЫРГЫЗДЫН ЖЫЛ СҮРҮҮСҮ ЖАНА АЗЫРКЫ КАЛЕНДАРГА ЫЛАЙЫК ЖАДЫБАЛЫ

Ата-бабалардан бери айтылып келе жаткан икая мындай айтылат. Айбанаттар, канаттуулар жылдын аталышына кирүү жөнүндө чогулушат. Чычкан менен төөнүн ортосунда айбандардын атынан түзүлгөн он эки жылдык жыл эсебине кирүү үчүн талаш жаралат. Экөө тең жылга кирүү тирешип талашып калганда айбанаттар мындай жыйынтыкка киришет. «Эртең күндүн чыкканын кимиңер мурун көрсөңөр, ошол жыл аталышына кирсин»- деген чечимге келишет. Мына ошондо чычкан булар адилеттүүлүк кылышпады, анткени төөнүн бою узун, ошого ылайыкташтырып айтышты деп түнү менен ойлонуп бир айла табат. Күн чыгарда чычкан төөнүн кулагына чыгып, күндүн чыкканын биринчи көргөнүн айтат. Ошентип эски эсеп боюнча айбадардын атынан

түзүлгөн он эки жылдык жыл эсебинен биринчи жылынын атын алган экен.

1. Чычкан-тумшугу ичкерээк келген узун куйруктуу көбүнчө боз түстөгү кемирүүчү жандык. Чычкандардын «нар чычкан» жана арс чычкан деген түрлөрү бар. Нар чычкан зыян келтирүүчү чычкандарды жок кылууга жөндөмдүү болот. Ошондой пайдасы бар үчүн жана анын жогорку амалкөйлүгүнө карап жыл эсебинин орунга киргизилгени айтылат.
2. Уй-төрт түлүк малдын бир түрүнө кирүүчү жаныбар. Ал адамзатка пайдалуу бир жылда 9 айга жакын мезгил ичинде сүт берет, башка малдарга окшоп талаада калбай үйгө өзү келет. Дыйканчылыкта өгүздү да күч катары иштетишкен. Куранда да экинчи сүрөөнүн аты уйдун атында айтылат. Уй биринчиден төл берсе, экинчиден сүт берет, эти да адамга жагымдуу болуп эсептелет. Ошондуктан он эки жылдык эски жыл эсебинин экинчи жылы катары кирген.
3. Жолборс-Жол –жол темгилдүү мышыктар тукумуна кирүүчү чоң жырткыч айбан, ал эми өтмө маанисинде эр жүрөк, эч нерседен коркпогон тайманбас маанисинде да колдонулат. Жолборсту бүткүл айбанаттан баатыр деп белгилегендиктен жыл эсебинен үчүнчү жылы катары айтылат.
4. Коен-Кемирүүчүлөр тобуна кирүүчү, кулагы менен арткы буттары узун, анча чоң эмес бакма жана жапайы жаныбар. Жапайыдан баксаң коен бак, ал ондогон бөжөк тууйт деп чарба иштерине да пайдасы бар. Ыгы келсе коендой коркок бол деген накыл сөз бар. Коендун териси деле бир күн чарыкка чыдаптыр дейт.
5. Балык-бакалоору менен дем алып, канатчалары, куйруктары аркылуу кыймылдап, сууда жашоочу омурткалуу жаныбар. «Балыктын күнү көл меен,

жигиттин күнү эл менен», «Балык менен акындын ойноок мүнөзү окшош» деген накыл сөздөр айтылат. Айрым жерлерде бешинчи жыл эсебинен ажыдаар-улуу деп да аташат. Бизде он эки жылдык эски жыл эсебинин бешинчи жылын балык деп айтышат.

6. Жылан-ийрелеңдеп сойлоп жүрүүгө ылайыкталган узун, жумуру денелүү, буттары жок көбүнчө чагып алууга жөндөмдүү уулуу жаныбар. Бабалар жыланга да табынган, ал эстүү, сак, куу жүргөнүн билгизбеген жан, бүткүл курт кумурскалардын чоңу, башчысы болгондугу себебинен жыл эсебине кирген. «Жылан ийри сойлосо да, ийине түз кирет», «Жылан кээде чагат, ушакчы күндө чагат» деген сыяктуу накыл сөздөр бар. Жыл эсебинен алтынчы жылы жылан.
7. Жылкы-Күч унаа каттарында пайдалануучу жал куйрутуу, сам туяк үй жаныбары, төрт түлүк малдын бир түрү. Чарбалык жагынан кыргыз эли көчмөн болгондуктан, жылкысыз жашоо кыйынга турган. Жылкы жыттуу деп, жылкынын эти, күчү, кымыз жогору бааланган. Жылкы-берен, жылкы баккан-эрен. «Жылкы, жылкы, жылкыдыр, жылкы эрдин мүлкүдүр»-деген накыл кептер бар. Мына ушундай жагдайларды эске алып он эки жылдык эски жыл эсебинин жетинчи жылы катары кирген.
8. Кой-Эт, сүт, жүн берүүчү, үй айбандарына кирүүчү майда жандык. Чарбалык малда кой эң пайдалуусу болуп эсептелет. «Койду барга сарт келди, койу жокко дарт келди», «Кой баккан конок күтөт» деген макал бар. Мындай жагдайлар менен эски жыл эсебинен сегизинчи жылы катары кирген болуу керек.
9. Маймыл-мечин-Мүчө түзүлүшү жагынан адамга бир кыйла жакын болгон сүт эмүүчү жаныбар, ал эстүү, адамга окшош жактары бар. Мына ошондуктан он эки жылдык эски жыл эсебинен тогузунчу жылы маймыл болуп эсептелет.

10. Тоок-Жумуртка алуу үчүн жана эт үчүн багып өстүрүлүүчү үй кушу. Уй сүтүн бергендей тоок жумурткасын берет, эти таттуу. Убактыны да билдирип турат. Канаттуулардын ичинен бир гана тоокту жыл эсебинин онунчусу болуп эсептелет.
11. Ит-Адамдар үй, короо кайтаруу үчүн мергенчиликке алып чыгуу үчүн жана башка максаттарга пайдалануучу үй жаныбары. Ит адамга жолдош ошон үчүн атын койгон «Жолборс»деген деген накыл сөз бар. Эски жылэсебинен он биринчи жылы Ит болуп эсептелет.
12. Кара кийик-Жапайы чочко же жалпы эле чочко. «Камандай качырганынан кайта тартпа» деген макал бар. Чечек оорусунан айыгуу үчүн анын этин дары катары колдонушкан. Ошондуктан он эки жылдык эски жыл эсебинин он экинчи жылы катары кирген.

Кыргыз биринчи мүчөлдү 13 жаштан мүчөтөт, ичте калганын эске алынат. Андан 12 жыл айланып келгенде бир мүчөтөт. Ошондо 13 бир мүчөл, 25 эки мүчөл, 37 үч мүчөл, 49 төрт мүчөл, 61 беш мүчөл,73 алты мүчөл, 85 жети мүчөл, 97 сегиз мүчөл, 109-тогуз мүчөл.

| К-н | Араб тилин-де | Кыргыз-ча | Календардык жадыбал | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Муш | Чычкан | 1924 | 1936 | 1948 | 1960 | 1972 | 1984 | 1996 | 2008 | 2020 |
| 2 | Бакар | Уй | 1925 | 1937 | 1949 | 1961 | 1973 | 1985 | 1997 | 2009 | 2021 |
| 3 | Фаланг | Жолборс | 1926 | 1938 | 1950 | 1962 | 1974 | 1986 | 1998 | 2010 | 2022 |
| 4 | Харгуш | Коен | 1927 | 1939 | 1951 | 1963 | 1975 | 1987 | 1999 | 2011 | 2023 |
| 5 | Наханг | Балык | 1928 | 1940 | 1952 | 1964 | 1976 | 1988 | 2000 | 2012 | 2024 |
| 6 | Мор | Жылан | 1929 | 1941 | 1953 | 1965 | 1977 | 1989 | 2001 | 2013 | 2025 |
| 7 | Асг | Жылкы | 1930 | 1942 | 1954 | 1966 | 1978 | 1990 | 2002 | 2014 | 2026 |
| 8 | Гусфанд | Кой | 1931 | 1943 | 1955 | 1967 | 1979 | 1991 | 2003 | 2015 | 2027 |
| 9 | Хандуна | Маймыл | 1932 | 1944 | 1956 | 1968 | 1980 | 1992 | 2004 | 2016 | 2028 |
| 10 | Мург | Тоок | 1933 | 1945 | 1957 | 1969 | 1981 | 1993 | 2005 | 2017 | 2029 |
| 11 | Сак | Ит | 1934 | 1946 | 1958 | 1970 | 1982 | 1994 | 2006 | 2018 | 2030 |
| 12 | Хуж | Кара кийик | 1935 | 1947 | 1959 | 1971 | 1983 | 1995 | 2007 | 2019 | 2031 |

# КАРЫСЫ БАРДЫН ЫРЫСЫ БАР

Кары адамдарды ата-бабалар аткарган иштери, сүйлөгөн сөздөрү, сый-урматтары боюнча көргөндөрүнө байкоо жүргүзгөндөрүнө карата үч түргө бөлүп жүрүшөт.

1. Эл аксакалы. Адамдык касиетиндеги чоң адамгерчилик сапаты бар, кара кылды как жарган калыстыгы, жүйөөлүү аргументтер менен былкылдатпас далилдер менен камырдан кыл суургандай талашсыз чындыкты айтуу менен айырмаланып турган, көптү көргөн, көптү билген, өмүр бою калыс сөзүн сүйлөгөн чынчыл адам. Эл аксакалы ыймандын, абийирдин, намыстын, калыстыктын, чынчылдыктын, көсөмдүктүн үлгүсү болууга тийиш. Жаш кезинен аздыр-көптүр эл бийлеп, элдин салт-санаасын, наркы-беркисин билген, карыганда айылындагы өзүнөн кичүүлөргө билген жакшы насаат сөздөрүн айтып, ар кандай маселени чечүүдө адилет, калыс, туура чечкен адам. Аксакалдардын сөзүн угалы, аксакалдардан кеңеш сурайлы деп эли баалайт, кадырлайт. Кан калыстыктан кетсе кеткен, эл аксакалы калыстыктан кеткен эмес. Караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан журт атасы деген мааниге ээ болгон адамды айтышкан. «Карынын сөзүн капка сал», «Кары адам билет кааданы», «Кары адам үйдүн куту» деген сыяктуу макалдар ушундай аксакалдарга айтылгандыгы жөнүндө шек жок деп ойлойм.
2. Айыл аксакалы-Жаш кезинен эле тың, үй-бүлөсүнүн да кем-катыгын өз убагында толуктап, өз турмушуна бекем, сүйлөгөн сөздөрү да оорундуу, сабырдуулукту, токтоолукту, оор басырыктуулукту өзүнө сиңире алган, ар дайым жолдошторуна, тугандарына жакын болуп, башкаларга өз жардамдарын тийгизген, алардын ийгликтерине сыймыктанып, кубанычтарын тең бөлүшкөн кары

адамды айтабыз. Өзүнүн чөлкөмүнө көптөгөн элге атагы чыгып эмгек өтөбөсө дагы, бир айылдын элине кадыр-баркы бар карыя. Негизинен ушул айылга эмгеги сиңген, сый-урматка ээ болгон, аны ошол айылдын жашы да, карысы да урматтаган, сыйлаган деңгээлдеги адам. Карыганда да өз баркынан ажырабай, жакшы карыптыр деген баага татыктуу болуш керек. Ал нарктуу, нускалуу, калыс адилет сөзү бар, таза карыны айыл аксакалы деп аташат. «Кары жаш болбойт, баш таш болбойт», «Карысаң мендей бол, кара жердей бол», «Карысы болбой эл болбойт, тулаңы болбой жер болбойт2 деген макалдарга ылайыктуу карыган адамды айыл аксакалы деп айтышат.

3. Үй аксакалы-Өзүм дегенде очогуна күл тарткан, адамдык ариетин таза сактабаган, кыйды, кылтыйма, куу чирен, өзүнөн бөлөктү теңсинбеген, өзүн башка адамдардан бийик койгон, адамдын жек көрүмүнө ээ болгон карыя. Чындыгында жашынан карыганча өз камын ойлогон, өз кызыкчылыгы үчүн күйпөңдөп дүйнө жыйууну көздөгөн, кара өзгөй, кошоматчы болуп айланасындагы көпчүлүк адамдарга жек көрүнгөн. Ал жаш кезинде бирди экиге айткан, карыганда да өз баркы менен отурбай, үй-оокатка киришчээк зекип турат. Какчаңдабай эле отурбайбы, как баш чал!-дедиртип элге жаман көрүнүп каарыйт. Ал чалдын баскан жолу, аткарган иштери, кыял-жоругу жаштар үчүн да жииркеничтүү. Андай карынын калыстыгы, адилеттүүлүгү, ар-намысы жоктой көрүнөт. Өзүмчүлдүгүнөн эл аралап алыс чыкпайт, аны кастарлап аш-тойлорго да көп чакырышпайт. Корунуп үйүнөн да чыкпайт, бала-чакасы да барктабайт. Мындай карыны акыркы мезгилдерде «дежур чалдар» деп аташат. «Жаман адамга ишиң түшпөсүн, токойго кушуң түшпөсүн», «Жаман адамдын кесепети бир чакырым алдыда

жүрөт». «Жаман адамдын барынан жогу, ачынан тогу» деген макалдар ушундай адамдарга айтылганында шек жок.

## АЯЛДАР ДА ҮЧ ТҮРДҮҮ КААРЫЙТ

Аялдарда үч түрдүү карыгандыгы жөнүндө ата-бабалар эзелтен айтып келишет. Албетте мында да аялдардын карыганына байкоо жүргүзүп, аларга баа бергенине карата айтылган го деп ойлойм.

1. Байбиче-Улгайган аялдарга карата урматтап кайрылуу иретинде айтылат, ошону менен бирге үйдөгү оокат-тиричиликти башкарып, калк ичинде кадыр-баркы бар, нарктуу, адилет боорукер, калыс, урмат-сыйга ээ болгон кары аялга айтылат. Экинчиден бир нече аялы бар адамдын адилеттүү, калыс, кадыр-барктуу биринчи аялына карата да байбиче деген сөз колдонулуп келген. Байбиче карыганда үй-бүлө мүчөлөрүнө, келиндерине, кыздарына жана айыл-ападагы акылдуу көрөгөч, адилет болуп, акылман кеңешин берген кары аялды айтат. «Байбие айтты», «Байбичеден кеңеш сурайлы» дешип, кыз-келиндери, үй-бүлө мүчөлөрү, ал гана турсун, айылдагы кары-жашы баары сыйлаган кары аялды байбиче деп сыймыктануу менен аташат. «Аял жакшы-эр жакшы», «Жакшы аял бир айыл элди агартат» деген макалдар байбичелерге карата айтылганында шек жок.
2. Кемпир-албетте жашы улгайган. Карыган аял. Айыл-ападагы кыз-келиндерге, жаштарга кеңеш бере албаса дагы, кичи пейил, жоош карып, үй-бүлө мүчөлөрүнө кадыр-баркы бар, сыйлуу, өзүнө тың болуп бийликти чыкма келинине берип, замандын талабына, мезгилдин оор жүгүн жоопкерчилик меен сезген, үй-бүлө мүчөлөрүнүн тагдыры жөнүндө ойлоп, ал жөнүндө кам көргөн кары аялдарды

кемпир деп аташат. «Жакшы аял үй ээси», «Жакшы аял жандын азыгы», «Жакшы кемпир жарым ырыс» деген макалдар ушундай кемпирлерге айтылган го.

3. Мастан-Ашкан митаам, куйту кемпир. Ал чакчаңдап өтө эле чыйрак карыйт, шылуун. Үй-бүлөсүнө, келиндерине, айылындагы адамдарга жаман көрүнүп, куйтуланып, ар кандай ишке киришип, өзүнүн сый-урматын жоготуп алган улгайган аял. «Какчаңдап мастан кемпир келе жатат» деп айыл-ападагы келиндер жаман көрүшөт. Кыз-келиндин акылын уурдап өз кадыр-баркын жоготуп алган аялды жомоктогудай «мастан кемпир» деп аташат. «Жаман болсо катының, качып турат жакының, жаман болсо катының, келе берет акылың, чакырсаң келбейт жакының»-деген учкул сөздөр ушундай аялдарга айтылган.

Кымбаттуу акылман аксакал карыяларыбыз, ак элечек кадырман байбичелерибиз акыл менен ой токтотуп, «аксакал», «байбиче» деген аттардын атын да, затын да бийик сактап, кадырман карылыкты ыйык тутуп, элибиздин биримдигин, ынтымакчылыгын чыңдоо максатында ниетти түздөп натыйжалуу иштерди жүргүзсөк деген ойду айтмакчымын. Айрыкча, «аксакал», «байбиче» деген сөздөр адамдын урматына, ээлеген коомдогу ордуна карата берилген ыйык ат, сый ат урмат ат, кадырлуу ат болуп эсептелет. Канткенде биз «аксакал», «байбиче» деген аттын кадыр-баркын өз ордуна алып келебиз. Эгер аксакалдар менен байбичелер өмүр бою кара кылды как жарган калыс, сөзүн сөйлөсө, адилеттүүлүгү чынчылдыгы, эл камын көргөн журтчулдугу, жер камын көргөн мекенчилдиги, караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан акылгөйлүгү болсо ал чыныгы аксакал, ал чыныгы байбиче деген атка ылайыктуу го. Андайларды журт атасы, журт энеси дешет.

Чындыгында аксакал аксакалдыгынан тайбашы керек. Эгер аксакал аксакалдыгынан тайып, адилет, калыс болбосо, сакалың өрттөнгүр!-деп наалат айтат. Мындай сөз аксакал адам үчүн уят, өлүмгө тете, жер караткан деңгээлге жетет. Анткени сакалың өрттөнгүр дегени ал адамдын ыйманынын, ариет намысынын, кадыр-баркынын, сый-урматынын өрттөнгөндүгү, жок болгондугу менен барабар.

Кан, жетекчи калыстыктан, адилеттүүлүктөн кетсе дагы кутмандуу аксакалдар, байбичелер адилеттүүлүктөн, калыстыктан тайган эмес. «Аксакал», «байбиче» деген сөздөргө татыктуу адам ыймандын, абийирдин, намыстын, калыстыктын, мекенчилдиктин туусун бийик кармап, артынан жаштарды ээрчите ала турган адам экенин унутпасак жана ага ылайыктуу адамдардан болушубузду Алла Таала насип кылган болсун.

## БАТА БЕРҮҮ

Бата-фатиха сүрөөсүнүн атынан алынган. Мааниси-алкыш, тилек, каалоо сыяктуу сыпаттарды Алладан сурануу, өтүнүү деген маанини түшүндүрөт.

Дуа-жалынуу, табынуу жана аны Алладан суроо.

2-мааниси-сыйкырлоо, жайлоо.

3-мааниси-жалынуу, табынуу, сурануу.

4-мааниси-куттуктоо, тилек, максатын билдирүү.

«Бата, дуа» - деген сөздөр араб тилинен кабыл алынган. Негизинен мааниси жагынан синоним сөздөр болуп эсептелет. Дуба ибадат амалдарынын түрлөрүнүн бири болуп эсептелет, анткени адам менен Алланын ортосун байланыштыруучу каражат болуп эсептелет. Дуба ибадаттын өзөгү. Айрым дубакөйлөр жарым саат дуба сөздөрүн айткан учурлар болот.

Алла: Мага дуба кылгыла, кабыл кылып жообун берем. Эгер мутакабирлик кылып менин ибадатыман

жүзүн ала качкандар болсо, кор-зар болуп тозокко гана түшөт»-дейт «Гафир» сүрөсүндө.

Турмуштук жашоодо табыпчылардын бир усулунан мисал келтирели. Эгер ооруп жүргөн бир адам көңүлү жакын. Ишенимдүү бир адамга оорусунун дартын айтса, уккан адам анын кайгысын тең бөлүшүп ширин сөздөр менен анын оорусуна Алладан шыпаа тилеп дуба кылса. Сакайып кете турганына карата каалоо сөздөрүн айтса, ооруган адам кыйла жеңилдеп ал гана турсун айыгып кетүүгө жол ачылат. Ал эми оорусун эч кимге айтпай ичинде сызылып жашырып жүрсө, дарт көбөйүп зыяда болуп кетет. Мындай урчурлар турмушта көп эле кездешет.

Бир адам мага эң жакшы дубаны үйрөт деп Мухаммад алейхиссаламга келгенде, биринчиден Алладан ден соолук сура, экинчиден, Алладан тынчтык сура, үчүнчүдөн Алладан хидият-туура жол сура. Бул үчөө адамга теңдешсиз улуу нерселер экенин билгин»-дейт. Ой жүгүртүп көрөлүчү. Өтө оор абалда төшөктө жаткан адамга бир тамчы суу тамагынан өтпөй, оорусу сыздатып, температурасы көтөрүлүп, көңүлү айнып, айласы кетип жаны кыйналып жатса, ага башка нерсенин кереги барбы. Албетте ааламды алаканга салып койсо да көзгө көрүнбөйт.

Экинчиден, согуш болуп, кан агып, жан чыгып, от күйүп турса же сел жүрүп апаат болуп, жер титиреп бардык нерсе кыйрап жаткан учурду көз алдыңа элестетсең, канчалык оор, ошондуктан Алладан тынчтык сура деп айтылып жатат го.

Ал эми туура жолдо жүрбөсө, 80ге чыгып алал-арам эмне эенин ажыратпаса, Алланы таанабаса, шариат жол-жоболорун билбесе ал жашоону көз алдыга элестетсең, ал жашоонун кимге кереги бар эле. Дуба кабыл болот деп ишеничте болуу керек, эгер дубага ишенбесең, анда ыйманыңдын качканы болуп эсептелет.

Дубанын айрым бир адептерине токтололу. Дуба берүүдө Аллага мактоо-даңктоо сөздөрүн айтып, пайгамбарыбыз Мухаммад мустафага салават айтып башто шариат көрсөтмөлөрүнө ылайык келет, ал эми Аллага мактосуз, пайгамбарга салаватсыз айтылган дуба асман менен жердин ортосунда асылып кала берет деп белгиленген.

Экинчиден дубакөй бата берип жатканда орточо үн менен баштаганы жагымдуу болуп эсептелет, ал эми үндү көп эле бийик чыгаруу адамдарга көрүнүү максатында болуп калбасын.

Үчүнчүдөн, дуба кылуудан мурда кетирген кемчилдиктерине тооба кылуу, бей-бечараларга садага берүү же жакындан жардам көрсөтүү жана Алланын ыраазычылыгы үчүн сабаптуу иштерди кылып жүрүүсү зарыл.

Төртүнчүдөн дубам кабыл болобу же болбойбу деп күмөн санабоо зарыл. Дубам кабыл болот деп ишенүү абалда болуу керек, анткени Алла кабыл алган дуба өз убагында же кийин дубанын касиети тиет.

Бешинчиден, өз алдынча дуба тилегенде, жүзүн кыйлага буруп, колдорун колтуктары көрүнө тургандай жүзүн сылап, «Оомийин» деген сөз менен бүтүрүү керек.

Алтынчыдан, Алла Табарак таала мени көрүп турат деген абалда чын ыкластан, чыныгы ниетинен берилип, ширин сөздөр менен каалоо, тилек сөздөрдү Алладан сурануу менен айтуу.

Жетинчиден кыйынчылык убакта дубасы кабыл болушту үмүт кылган адам, курсантчылык убакта рамазан айында, арапа күнү, айт күндөрү, жума күнү, куттуу белгилүү күндөрү көбүрөөк дуба кылуу керек.

Сегизинчиден дубалардын кабыл болбостугунун себептери: жалган сүйлөө, арам оокат жеш, бирөөгө залалат кылуу, уурулук жасоо жана башка терс көрүнүштөр дубанын кабыл болбошунун себеби экенин унутпасак.

Тогузунчудан, эгер пенде дуба берип жатканда тили дубада, көңүлү башка жакта болуп турса кош көңүл бата берсе, анын дубасы кабыл болбошун ар бири билүүсү зарыл.

Онунчудан, мусулман киши дуба аркылуу Алла Табарак талаадан иштерин жеңил кылуу, мүшкүл иштерден кутулууну, ар кандай кырсыктардан сактоону, ден соолукту, тынчтыкты, туура жолду сурануу, тилөө, жалбаруу керек.

## ҮЙ ЭЭСИНЕ ТОЙ КЫЛГАНДА БЕРИЛҮҮЧҮ БАТА

Бүткүл ааламды жараткан Алах субханаху таалага чексиз мактоолор, шүгүрлөр, санаалар болсун, ал эми сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммад мустафа салолооху алейхи вассаламга салават-саламдар, дубалар болсун. Ушул берген эксандарыңды Аллах субхананаху таала даргаинда кабыл кылып, көзү өткөн ата-бабаларыңдын жакын туугандарыңардын рухтары шат болуп, кабырлары жарык, жүздөрү нурдуу кылып, кыяматта алардын аткарган ибадат амалдары оң жагынан берилип, мыйзам таразасында аткарган сооп-амал иштерин салганда оор болуп, сираат көпүрөсүнөн чагылгандын огундай тез өтүп, элди экиге бөлгөндө жанат жагында болуп, бейиштин даамынан татып, абасынан, жытынан дем алып, сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммад мустафа салаллоху алейхи вассалам менен бирге болушун насип кылсын.

Ал эми өзүңөргө береке дуба ашыңардан кетпесин, бакыт-дөөлөт башыңардан кетпесин. Дасторконуңар жакшылыктарда жайылып, үйүңөрдө береке, молчулук болуп, кут орноп ооматтуу, дөөлөттүү, барктуу, нарктуу ырай-мээримдүү, ырыс кешиктүү болуп ыйман, ислам байлыктары менен сугарылып, чыныгы момун мусулман пенделеринен болууңарды Алла Таала насип кылсын. Оомийин!

## ЖАМААТКА БЕРИЛҮҮЧҮ БАТА

Аксакалдарыбыз барктуу, нарктуу болсун.
Байбичелерибиз нускалуу, берекелүү болсун.
Уулдарыбыз урматтуу, ызааттуу болсун.
Келиндерибиз ыймандуу, уяттуу болсун.
Кыздарыбыз келбеттүү, келишимдүү болсун.

Бардыгы ислам адептерин, мусулман фазилаттарын чыныгы момундуктун милдеттерин өздөштүрүп, исламды туу туткан чыныгы ыймандуу момун мусулмандарынан болуп жүрүүбүздү ар бирибизге Алла Таала өзү насип кылган болсун. Оомийин!

## ӨЗҮНӨ ЖАНА КӨПЧҮЛҮККӨ БЕРИЛҮҮЧҮ БАТА

Оо, Аллахым, отурган ар бирибизге баракатиңди, ырыскыңды, рахматыңды, ырайымыңды, мээримиңди, ыраазычылыгыңды атаа кылгын. Бизге берген неьматтарыңдын алдында шүгүрлүү кыл, ар кандай иште сабыр, канаат, топук бер. Дүйнө деп динден жүзүн үйрүгөндөрдөн кылбагын. Оо, Аллахым, аткарган ибадат амалдарыбызды риядан, кожо көрсүндөн сакта, тилдерибизди гыйбаттан сакта, сезимдерибизди касаддан залалаттан сакта, калакаты тийчү дубалардан сакта. Кайгылуу кырсыктан сакта, кур жалаадан сакта, асмандан келген апааттан сакта. Жерден чыккан балаадан сакта, шайтандын васвасасынан сакта, жиндин жамандыгынан сакта, пайдасыз илимден сакта, кабыл кылынбаган дубадан сакта, өзүңө көтөрүлбөгөн амалдан сакта, өзүңдөн коркпогон наадандан сакта, кабыр фитикаларынан сакта, кыяматта тозок отунан сакта.оо, Аллахым, бул дүйнөдө да, акыретте да жакшы неьматтарың менен ырыскылатууңду суранамын.

# ПАРЗ НАМАЗДАН КИЙИНКИ БАТА

Оо. Аллахым. Ыйманыбыз бекем, бийик жана таза болушун тилеп, бүткүл ааламды жараткан Алла табарак тааланы,Алланын үйү болгон мечитти, Алланын сөзү болгон Кураны Каримди жана ислам динин сыйлап, урматтап, баш ийип, сооп иштеринен үмүт кылып олтурабыз.

Мечитке келе жаткан ар бир кадамыбызга Алла Таала биз эсептеп бүтө алгыс соопторду жазып, окуган намаздарыбызды даргаинда кабыл кылып, үйгө бара жаткан кадамдарыбызга кээде билип-билбей кетирген кемчилдиктерибизди кечиришин сурайбыз. Көзү өткөн ата-энелерибиздин рухтарын шат кылып, жанын жаннаттан кыл.

Мечитке келүүгө өтө ынтызар. Этикаты күчтүү, ыкластуу, ыймандуу жамаат мүчөлөрүбүз ооруп келе албай жатат, аларга дарт берген өзүңсүң, ооруларына шыпаа бере турган да өзүңсүң, алардын ооруларына шыпаа берип, биздин катарыбызга кошулушун насип кыл.

Бизге чейин ислам дини үчүн кам көрүп, көзү өткөн момун мусулмандарыбызга жана азыркы Алла Тааланын үйү болгон мечитибиздин курулушуна жана аны жакшыртууга салымын кошкон абаларыбызга агаларыбызга, инилерибизге Алла Тааланын чексиз мээрими, ырайымы, рахматы, саламы, тынчтыгы ыраазычылыгы болсун. Баарыбыздын үлгү, таалим, таасир алып өсүп келе жаткан бизден кийинки жаштарыбызга Алла Таала нысап-топук берип жамаатыбыздын катарын көбөйткөн салых, ыймандуу, ыкластуу жаштарыбыздын катары көбөйүшүн тилейбиз. Журт башчыларыбыздын, эл башчыларыбыздын адилеттүү, ыймандуу болуп, элдин турмуш деңгээлин көтөргөн, эл сыйлаган, эл урматтаган, Алланын ыраазычылыгына ээ болгон башкаруучулардан болушун насип кылган болсун. Жан берген, ырыскы берген хаят

берген Алла Таала тилек максаттарыбызды дубаларыбызды даргаинда кабыл кылуусун тилейбиз.

## ЖАМААТКА БЕРИЛЕ ТУРГАН БАТА

Ырахматтан айдалган шайтандын жамандыгынан сакташын Алла Тааладан сураймын.

Боорукер, ырайымдуу Алла Тааланын ысымы менен баштаймын.

Бардык Хамид Аллах ажоожилге болсун, анын рахматы жана саламы пайгамбарыбыз Мухаммад мустафа салаллоху алейхис саламга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына болсун. Пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа салаллооху алейхис саламдын жолун жолдогон бардык мусулман момун пенделерине, отурган ар бирибизге Алла субханаху ва таала рахым кылып туура жолду көрсөтсүн. Ылайым жерибизге береке, молчулук, токчулук, кут орноп, элибизге ыйман ырыскы, ынтымак болуп, Алла Таала баарыбызды Курани Каримдин нуру менен нурдатсын. Алла Таала ар бирибиздин жүзүбүздү жарык кылып, ыйман, ислам байлыктары менен байытсын. Алла Таала өзү ыраазы болгудай пенделеринен болуп, Мухаммад алейхис саламдын сүйүктүү үммөттөрүнөн болуубузду насип кылсын. Оомийин!

## ЖАШ ЖУБАЙЛАРГА БАТА

Өмүрүңөр узун, мазмундуу болсун. Дасторконуңар нанга, ырыскыга толсун, алтын башыңар, мол жаныңар аман болсун, эмнени тилесеңер тилегиңер кабыл болсун, үйүңөргө Алла Таала береке берсин, дөөлөтүңөр колуңардан кетпесин, башыңардан бакыт кетпесин, максатыңарды кудай кабыл этсин, колуңар узарып бийиктиктерге жетсин, атагыңар алыска кетсин,

жамандык кууса артыңардан жетпесин, бири-бириерди танбай, жубуңардан жанбай, таза жүрүп таңдай, кыялдан кызык, күндөн ысык өмүр сүргүлө, ак жолдон азбай, жубуңардан жазбай, баш менен жаштан, бак менен аштан кем болбой, тилегениңер тең болуп карыгыла. Алдыңарды мал басып, артыңарды бала бассын. Оомийин!

## КОЛГО СУУ КУЙГАН БАЛАГА БАТА

Жүзүң суудай тунук болсун, ниетиң суудай таза болсун, өмүрүң суудай узун болсун. Алла тилегиңди берсин, жаның темирдей бек болсун, келечегиң кең болсун, өрүшүң жайык болсун, эч нерседен кем болбо максатыңа жетип бактылуу бол, жигиттик сымбатка ээ бол, карылардын урматына ээ бол, узун өмүр жаштуу бол, улуунун жашын берсин, жакшынын жашын берсин, күчтүүнүн алын берсин, малдуунун малын берсин, Алла узак-узак өмүр берсин, салых пенделерден болууңду Алла Таала насип кылсын. Оомийин!

## САПАРГА ЧЫГА ТУРГАН БАЛАГА БАТА

Жөнөй турган жолуң шыдыр болсун.
Жолдошуң кыдыр болсун.
Жараткан өзү жар болсун.
Ак жолуң ачылып, жолуң болсун
Сапарың байсалдуу болсун.
Жолуңду кызыр жылоолосун.
Эсен-аман барып кайтып кел.
Кудайым кайра көрүшүүгө насип кылсын. Омийин!

# ҮЙ ЭЭСИНЕ БАТА

Алла Таала жаман көздөн, жалган сөздөн сактасын, тилегиңер ак, ниетиңер таза болсун, ишиңердин баракасин кудай берсин, тапкан пайдаңар мол болсун, курсагыңар ток болсун, кайгы-капа болбосун, өрүшүңөр малга толсун, кырманыңар данга толсун, оозуңар майга толсун, уулуңардын урматын, кызыңардын кызматын көргүлө, алганыңар менен тең арып, тең карып, өркөнүңөр өссүн, өрүшүңөр кеңейсин, Аллах субханазу таала силерге узак-узак өмүр жаш берсин. Оомийин!

# Көк жатыктын даңктуу уулдары

# БИРИНЧИ РАИС

Шеркулов Абдибаит 1904-жылы Көк-Бел менен Чеч-Дөбө айылдарынын күнгөй тарабынан орун алган Калдарлардын кыштоосунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Эс тарткан мезгилде көпчүлүк балдардай эле отун ташуу, кой кайтаруу, кой саадыру, мал кароо жана башка бүтпөгөн жумуштар Абдибаит абанын да маңдайына туш келген мезгил эле. Ар бир адамга туулган жерден топурагы алтын дегендей жер соорусу Көк-Бел менен Чеч-Дөбөнүн ортосундагы күнгөй тарабындагы бедегеси белден, түркүн түстөгү гүлдөрдү аңкыган жайыттарда жана кулун-тай менен жарышып, көз жоосун алган арча, кайың ак карлуу аска зоолору бар Кара-Дөбө, Эш жайлоолорунда балалык күндөрү өттү. Жаш кезинен эле зирек, тың, чыйрак бала болуп, атасы Шеркулдун жанынан чыкпай кайсыл жакка барса ээрчитип, той-тамашаларды көрсөтүп, баласынын көз карашын, сезиминин өсүшүнө өбөлгө түзүп келди. Турмуштун татаал мезгилинде ийленип, жуурулуп, бышып такшалды, чыйралды. Өз калкынын акыл-эсин, арман-муңун, ой-тилегин асыл максаттарына ой жүгүртүп талдап өз теңдүүлөрдүн арасында баамчылдыгы, зиректиги, жөндөмдүүлүгү менен айырмаланып жүргөнүн замандаштары эскеришет. 1920-жылдардан кийин Совет бийлиги жер-жерлерде салтанат куруп, өз таасир күчөп, жаңы заманды колдошуп, ага өздөрүнүн салымын кошуп баратты. Азыркы мезгилдеги Чеч-Дөбө айылы жайгашкан жер алгачкы убактарда камыштуу саз сымал жер болгон. Кийин Совет бийлигинин тушунда эл отурукташа

баштаган. Азыркы Чеч-Дөбө айылынын күнгөй тарабында узун жылгалардын чыга беришинде жападан жалгыз «Чеч» дөбө бар. «Чеч» деген сөз түшүндүрмө сөздүктө – кырманда тазалангандан кийинки үйүлүп шиштелип коюлган дан үймөгү деген маанини берет. Мына ушул «Чеч дөбөгө» карата азыркы Чеч-Дөбө айылы аталып калган. Чеч-Дөбө айылы Ноокат районунун Насирдин Исанов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу кыштак. Райондун борбору эски Ноокаттан 20 км чыгыш тарабынан орун алган. Ош темир жол станциясынан 62 км алыстыкта. Калкынын саны 3485, орто мектеп медпункт, бала бакча, жайкы клуб бар. Мына ушул айыл 1938-жылдарда Чеч-Дөбө колхозу болуп уюшулду жана кеңеш өкмөтүнүн орношун эл шыктануу менен тосуп алды. Эл арасынан ЛИКБЕЗден окуп, андан ары өз билимдерин жогорулатышып, айыл турмушунун деңгээлин көтөрүү, коллективдештирүү милдеттерине катышып жүрүштү. Алгачкы мезгилдерде башка жактан жетекчилер дайындалып жүрсө, айыл тургундарынын арасынан Мөнөкбай аксакал жетекчиликке дайындалган.

Бул мезгилде Шеркулов Абдибаит аксакал согуштун биринчи күндөрүндө эле фашисттик баскынчылар менен баатырларча кармаша баштагандардын катарында болгон.

Согуш убагында кыргызстандыктардын мекен үчүн жан аябай салгылашып, согушта душманды жок кылууда көргөзгөн өзгөчө баатырдык эрдиги жалпы фронт үчүн жоокерлердин дымагын көтөрүүдө чоң шыктанууну жана үлгүнү көрсөтүшкөн. Алардын катарында Шеркулов Абдибаит 1943-жылы Ростов облусунда жүрүп жаткан салгылашууда өзүнүн эр жүрөктүүлүгү жана шамдагайлыгы менен айырмаланып душманды сүрүп чыгарууда эрдик көрсөткөн жана орден менен сыйланган. Дыйкандын үй-бүлөсүнөн чыккан, турмуштук тажрыйбасы бар жана билимин эске алышып, калк менен жалпы тил табышып иштеп кете турганын эске алышып, жергиликтүү

калк арасынан 1945-жылы Шеркулов Абдибаит абаны, Чеч-Дөбө колхозуна раис кылып шайлашты. Анда жетекчи кадрлардын уюштуруучулук жөндөмү, чарбалык иштерди терең билүүлөрү, элдин турмушунун деңгээлин көтөрүү. Берилген пландарды өз убагында аткаруу сыяктуу милдеттерди аткарууда колхоздун раисинин жоопкерчилиги зор эле. Элдин ынтымакчылык салтын темирдей бекем сактаган, элдин жүгүн көтөрө билген, элдин ырыскысына кыянаттык кылбаган эл ичинде акылман карыялардын кеңешин угуп, коомдун, мезгилдин талабын түшүнүп иш жүргүзө баштады. Эң башкысы элдин ишеничине ээ болуп, өзүнүн боорукерлиги, сабырдуулугу, кайраттуулугу чечкиндүүлүгү иш билгилиги менен Чеч-Дөбө колхозунун экономикасын, социалдык абалын, маданий турмушунун деңгээлин көтөрүүдө бир топ жемиштүү иштерди жүргүзүүгө жетишти. Ошону менен бирге колхозчулардын эмгек күнгө иштеп тапкан эмгек акысы өсүү жолуна түшүп, жүн сатуунун планын, этти сатуунун тапшырмасын дан тапшыруу пландарын, мал чарбачылыгы боюнча санын көбөйтүүнүн пландарын толук аткарып келишти. Ушундай көрсөткүчтөрдүн натыйжасында Чеч-Дөбө колхозунун кайраттуу эмгекчилери «Кызыл кетмен» аталыштагы социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болушат да атайын трактор менен сыйланышат. Райондун экономикасы үчүн колго тамган тамчыдай болсо дагы анын баасы өтө зор эле. Коллективдештирүү алгач уюшулуп жаткандыктан Совет өкмөтү тарабынан күн сайын көрүлүп жаткан камкордугунун натыйжасында элдин турмушу өсүү жолуна түшүп баратса да коллективдештирүүгө каршылык көрсөткөн күчтөр да чыгып жатты.

Алар менен натыйжалуу иш алып барууда да Абдибаит раистин эмгектери боюнча бир аңыз сөздөр эл арасында айтылып келет.

Адамда асыл максат болсо, адал эмгек менен талыкпай эмгектенсе, ал көздөгөн оюн, көксөгөн макса-

тын кадиксиз ишке ашыра тургандыгы белгилүү. Мына ошондуктан Шеркулов Абдибаит аба зор ийгиликтерге жетүү үчүн оор кыйынчылыктар менен түйшүктөрдүн, өкүнүчтөр менен кубанычтардын маанисин терең түшүнүп ак ниеттүүлүк менен эмгектенүүнүн натыйжасында гана ийгиликтерге жетишти жана анын эмгектерин замандаштары сыймыктануу менен айтып жүрүшөт. Өз чөлкөмүндө атагы чыгып, сый-урматка ээ болгон Абдибаит аба үч уул бир кызды тарбиялап өстүрдү. Улуу уулу Абдибаитов Нооман №44 жылкы заводунда ар кандай кызматтарда иштеген, ал эми Абдибаитов Жеңиш элге билим берүү кызматтарында азыр да үзүрлүү эмгектенип жатат. Ал эми кичүү уулу Абдибаитов Абдимитал курулуш тармагында иштеп келген эле. Кызы Абдибаитова Үмүт №44 жылкы заводунда тамекичиликте иштеп жүрүп 8 баланы 32 неберени тарбиялап өстүрдү. Азыркы мезгилде Шеркулов Абдибаит абадан 24 небере, 70 чебереси өлкөбүздүн ар кандай тармактарында азыркы жашоого калыптанып, ылайыкташып, өсүп-өнүгүү жолдорун тандап, ага багыт алып, үзүрлүү эмгектенип келе жатышат. Сөз аягында Шеркулов Абдибаит абабыз эл ичинде асыл адамга айланып, көпчүлүктүн көз учунда, көңүл тушунда жүргөн адеп-ахлактуу, асылзаттуу, кадырбарктуу, ак ниеттүү, кең пейилдүү, руханий жактан бийик, тууганга күйүмдүү, душманга сабырдуу асыл сапаттары жаштарга үлгү эле...

Ак иш менен туура жолду кең салган,  
Элин эзбей акыл менен башкарган.  
Бүт өмүрүн Ата Журтка бек арнап,  
Эстен чыккыс аркасында из калган.

Тагдыр сизге раис деп так берген,  
Көптү билген, сүйлөгөн санат менен.

Ишин дагы, жүзүн дагы бек туткан,
Чындыгында жан эле Кудай берген.

Ким башкарса өз элин акыл менен,
Элине, Мекенине барктуу экен.
Башкарган раистик мезгилдерди,
Унутпайт элиң-жериң Ата Мекен.

Кир жугузбай өз абийирин сактаган,
Чындык сөзү, ак эмгеги бааланган.
Үлгү болуп, сезимдерден түнөк таап,
Өз элинен жакшы ызат, сый алган.

Турмушта динибизди бекем кармап,
Туура жолдо келди го Кудай жалгап.
Жаратканга ак эмгеги кабыл болуп,
Буйрусун акыретте бейиш-жаннат

Абдибаит абабыздын руху шат болуп, кабырлары жарык болуп. жүзү нурга бөлүнүп, кыяматта элди экиге бөлгөндө, жаннат жагында болуп, бейиштин даамынан татып, абасынан, жытынан дем алып, сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа салаллоху алейхи ва салам менен бирге болушун тилеп дуба кылабыз. Омийин!

# АСЫЛ АДАМ ЭЛЕ

1999-жылы 10-июнь күнү көрүнүктүү жетекчи, коомдук ишмер, өз элинин күйөрман атуулу, Ата Мекедик согуштун жана эмгектин ветераны, мугалимдердин мугалими, башкы тарбиячы, өспүрүмдөргө билим берүүнүн татаал жолдорун ийне-жибине чейин өздөштүрө билген, ары билимдүү, уюштургуч, энтузиаст, наватор чыгаан педагог, Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы, Эмгек Кызыл туу Ардак беглиси ордендеринин ээси Эсен Алиев катуу оорудан кийин бул дүйнөдөн кайтты деп укканыбызда аӊ-сезим алай-дүлөй абалда калып, кулак тунжурап, жүрөк титиреткен бул окуяга моюн сунуп коштошууга туура келди. Тагдырдын бул буйругу шакирттеринин, туугандарынын жана бала-чакасынын сай-сөөгүн сыздатып, сызык чыгарып боздотуп, көкүрөктү ачыштырды го...

Кыргыз жазма адабиятынын көч башчыларынын бири залкар акын Аалы Токомбаевдин «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деген ташка тамга баскандай учкул сөзү көкүрөккө түйүлдү. Эсен Алиевдин эмгеги, элеси сезимдин түпкүрүнөн түнөк жолун жашоо турмушунда ардактуу кесипке, асыл өнөргө ээ болуп, коомдун өсүп-өнүгүшүнө өз үлүшүн кошкондугун жана белгилүү өлчөмдө анын үзүрүн көргөндүгүн, азын-оолак болсо да эскерүүнү максат кылып койдум.

Алиев Эсен 1922-жылы Ноокат районундагы Көк-бел айыл өкмөтүндөгү аймакта жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Ал 1929-жылынан баштап 1939-жылга чейин орто мектепте окуп, аны бүтөрү менен Ош шаарындагы бир жылдык айыл чарба ветеринардык курсту бүтүп

келип, ал кзедеги №44 жылкы заводунда эмгектенет. Ал иштеп турган мезгилде батыштан фашисттик немецтик баскынчылар бейкут жаткан учурда элибизге күтүлбөгөн жерден кол салды. Эл ичинен эр-азаматтар колдоруна курал алып Мекенди коргоого аттанышты. Ошондо 19 жаштагы ал кездеги күжүрмөн комсомолдун мүчөсү Эсен Алиев да бар эле. 1941-жылы май айында аскер комиссариаты адегенде Алма-Атадагы офицерлерди даярдоочу согуш мектебине жиберет. Ал согуш мектебин кыска мөөнөттө бүтүрүп чыгып, офицердик наам менен фронтко жөнөйт. Закавказие фронтунда зениттик артиллериялык полкто лейтенант Эсен Алиев командирлик кылган взводдун жоокерлери өтө кыраабылыкты жана каармандыкты көрсөтүшкөн. Түштүк Кавказда абадан жасаган немецтердин чабуулдарынын мизин нечен ирет кайтарган. 1942-1945-жылдарда баатыр жоокерлер менен бирге зор эрдиктерди көрсөтүштү, кан төктү, эки жолу оор жарадар болду. 1945-жылы сентябрь айында армиядан кайтып келди. 1951-жылга чейин №44 жылкы заводунун директорунун орун басары болуп иштеди. 1951-52-жылдары Тенти Адышова, Аматов, Сапар Абылов өңдүү кыргыз элине белгилүү инсандар менен бирге Республикалык партиялык мектепте окуйт. 1953-жылы Ош областтык саясий жана илимий билим таратуу комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Андан кийин Лейлек райондук комитетинин экинчи секретары кызматына жөнөтүлөт. Алыскы райондун экономикалык, социалдык маданий деңгээлин көтөрүүдө бир топ жемиштүү иштерди аткарууга жетишкен. Андан кийин 30 миңчилерди катарына киргенден кийин Ноокат районундагы Калинин атындагы колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштеди. Жергиликтүү элдердин оозунан Алиев Эсен башкарма болуп келгенден кийин айылыбыз оңолду, жумуштан качкан бекерпоздор жоголду. Колхоздун чарбасынын деңгээли жакшырып, материалдык базасы чыңдалды, айдоо аянттары

кеңейди. Какыраган сайларды алмалуу бактарга айландырды. Негизинен элдин турмушунун деңгээли бир топ жогорулады дешип, Алиев Эсендин уюштургуч, ишке бышык, иш билги ишмердүүлүгү жөнүндө аңыз сөздөрдү жогорку муундагы чечме-сайлык аксакалдар айтып жүрүшөт.

1956-жылы Улуу Ата Мекендик согуштан алган жараатынын айынан катуу ооруга дуушар болуп, өзүнүн туулуп өскөн айылына келүүгө мажбур болот. Бир жылдай дарыланып жүрүп, баш оту менен турмуштун казанында эзиле кайнап бышкан жана турмуштун даамын дурустап таткан, өзүнө жана башкаларга талапты кое билген коммунист Эсен Алиев 1956-жылдан баштап азыркы Насирдин Исанов атындагы орто мектептен экинчи эмгек жолун агартуу майданынан баштайт. Ошол эле мезгилде Ош мамлекеттик университетинин 3-курсуна кабыл алынып, аны сырттан окуп ийгиликтүү бүтүрөт. Өзүнүн өткөн өмүрүнүн 40 жылга жакын мезгилин жаштарга билим жана тарбия берүүгө, эл агартуу иштерин өркүндөтүүгө партиялык жана башка коомдук иштерге жумшады. Анын сабак берүүдөгү алдыңкы методдору мектептеги бардык мугалимдер үчүн булак эле, чыныгы үлгү эле. Өзүнүн педагогикалык иш тажрыйбаларын жаш мугалимдерге үйрөтүү ал үчүн традицияга айланган. Өз тажрыйбаларын мектеп ичинде гана эмес, мугалимдердин райондук семинарларында, республикалык окууларда ортого салып пикир алышып, аны жайылтып турду. Окуучуларды саясий жактан бышып жетилүү максатын көздөп ар түрдүү кружок иштерин, саясий окуулардын сапатын кескин түрдө жогорулатуунун эң жемиштүү жагдайларын түзүүдө үлгүлүү из калтырды. Окуу бөлүмүнүн башчысы, директордун кызматын аткаруучу жылдарында мектептин материалдык базасын алда канча чыңдады, билим берүүнүн сапатын жакшыртты. Окуучулардын мезгил талабына ылайык билим алуулары үчүн нечен миңдеген сомдук көрсөтмө

окуу куралдарын техникалык каражаттар, көркөм адабияттар жана окуу китептери сатылып алынган. Азыркы учурдагы Кенжемат Абдылакимов атындагы 650 оорундуу мектептин курулушунда нечен-нечен эшиктерди каккылап, мектептин курулушун планга киргизүүдө жана аны пайдаланууга берилүүсүндө зор салымы бар. Демилгелүү жетекчи ишти түп тамырынан бери өзгөрттү. Ал адегенде мугалимдердин өз билимдерин жогорулатууну, сабактан жана класстан тышкаркы иштерди туура уюштура билүүнү, коомчулук менен байланышты чыңдоону ар бир педагогдон талап кылар эле. Натыйжада өз учурунда окуучулардын сабакка катышуу саны да, сапаты да, өсүүсү да жогорку деңгээлде турду. Ал өз сөзүндө: Мугалимдин колунда келечек ээлеринин тагдыры турат. Алардын тагдыры жөнүндө камкордук көрүүнү, аркалаган изденүүнү, чыгармачылыкты талап кылган чыныгы эмгегиң болушу керек»-деп талапты адилеттүү талап кылар эле. Мамлекеттик жумуш, мыйзам булардан улук, булардан бийик эч нерсе болбоого тийиш деп эсептеп, тоо булагындай оргуштап турган тунук акылын, иш жөндөмүн, жан-дүйнөсүн, мектептин, мугалимдин, окуучунун кызыкчылыгы үчүн жумшагандыгын баса белгилегим келет. Анын сабагына кирсең убакыттын учуп кеткени таң калтырса, экинчиден ошол өтүлгөн сабактын жөнөкөйлүгү, жеткиликтүүлүгү, фактыларга байлыгы. Ар тараптуулугу, жаңычылдыгы, окуучулардын өз бет алдынча изденип талкуулоосу боюнча ыкмалары тамшандырып таң калтырчу. Устатым Эсен Алиев менен жеке сүйлөшүп, пикир алышып, талкуу жүргүзүп, ой бөлүшүп баарлашып калсак сезим-түшүнүк дагы бир тепкичке көтөрүлүп, бир аз убакыттан кийин дагы жолугушууну самап калар элек шакирттери.

Билим берүү-тарбиялоо ишинде даңгыраган жол жок, аны даяр бойдон эч ким алып келип бербейт. Билимди атайын жогорку окуу жайынан алсак да мугалимдик түйшүктү Эсен Алиевден үйрөндүк. үйрөнүп алганды да

иш жүзүнө ашырууда толуп жаткан машакатты талап кылап. Үйрөткөндөн да, үйрөнгөндөн да тажабаган эрки күчтүү мугалим-устат эле. Айрыкча ар кандай терс көрүнүштү бетке айткандан тайманбаган. Окуу-тарбия ишиндеги маселе боюнча маани берип анын маани-маңызын таразалап, калыс, туура чече билүү жагынан зирек, көрөгөч экендиги шакирттеринин жүрөгүнөн түнөк тапкан жана таасир тийгизген. Өмүрүнүн акыркы жылдарынын бир жолугушуубузда «Мен окуучуларды көрбөй жашай алгыдай эмесмин. Алардын бакыт төгүлгөн жүздөрүн көрүп, келечектерине көз чаптырып, сендей шакирттеримдин эмгегине кубанычым, таалайлуулугум артып турат»-деп айтканы көңүлүмдөн кетпейт.

Кийинки мезгилдерде да педагогикалык, психологиялык, методикалык адабияттарды үзбөй окуп окуучуларга билим берүүдөгү жетишкендиктерине анализ кылып ал эми кемчилдиктерди жоюунун жолдору жөнүндө ой жүгүртүп багыт берүүдө өмүрүнүн акыркы жылдарында да мектеп менен байланышын үзбөдү. Айрыкча устаттын: «Өзүңө-өзүң талап кое билбесең, өзүңдү-өзүң окутпасаң, дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр жөнүндө маалымат албасаң жана билүүгө кызыкпасаң турмуштан артта калганың, ал эми турмуштан артта калганың-мугалимдик катардан чыкканың»-деп шакирттерине айткан насааттары ар биринин сезиминин түпкүрүнөн орун алып келген.

«Адамды бактыга үйрөтүү мүмкүн эмес, бирок бактылуу кылып тарбиялоого болот»-деп атактуу педагог А.Макаренко белгилегендей ардагер мугалим Эсен Алиев жүздөгөн педагогдор менен окуучулардын устаты болсо, өз үйүндө Саламат жеңе менен бирдикте беш уул-кызды тарбиялап өстүргөн жана ар бирин жайгаштырган кадырлуу ата болду. Анын тун кызы Клара өзү туулуп өскөн айылында эмгектенет, улуу уулу Ибрагим Нарын ГЭСинде башкы инженер, кийинки баласы Мухтар Көк-Бел асыл тукум жылкы чарбасынын директорунун чарбалык иштери боюнча орун басары болуп иштейт.

Кийинки кызы Фарида Ош Мамлекеттик Университетинин филология факультетинде иштейт, филология илимдеринин кандидаты, ал эми кенже кыжы Бактыгүл Ош шаарында бир ишканада эмгектенет. Эсен Алиев активдүү коомдук ишмердүүлүгү үчүн Эмгек Кызыл-Туу, Ардак белги ордендери жана бир нече медалдар, Ардак грамоталар менен сыйланган. Ал агартуу майданында ардактуу жана жоопту милдетте ар-намыстуулук менен иштеп, ак эмгегинин натыйжасныда «Элге билим берүүнүн мыктысы» деген төш белги менен сыйланган. Адам өмүр жолунда ак ниеттик менен элге кызмат кылуудан, алардын алкышына ээ болуудан, окуучулардын жүрөгүнөн түнөк табуудан артык эмне бар. Өзүнүн кырк жылга жакын өмүрүн жаш муундарга билим жана тарбия берүүгө арнаган насаатчы устат Эсен Алиевдин жаркын элеси, кужүрмөн эмгеги жөнүндө дагы жылуу саптардын жаралышына шек жок.

Төрт тарабы төп келишип жарашкан,
Эчен менен Танабайдай кармашкан.
Ыйык сактап коммунисттик намысын,
Ал чыныгы коммунист деп баркталган.

Жашап келген чындык жүгүн артынып,
Жакшылыкка, калыстыкка тартылып.
Өрнөк болуп шакирттерге өмүрү,
Дайым жүрөт сезимдерде даңкталып.

Көз ирмемде өтүп кетти он эки ай,
Жашо бүтпөйт, өтүп жатат турмуш жай.
Тайгак жолдо мүдүрүлбөй түз жүргөн,
Өзү болчу Чынгыз жазган Танабай.

Сөздөрүнөн, кайратынан таш жанган,
Партбилетин дал жүрөккө сактаган.
Элим-жерим, Ата-мекен ыйык деп,
Коммунистче иштеп, жашап таанылган.

Мүнөзүндө адилеттик, курчтук деген,
Тулку бойдо сезим менен ширелишкен.
Жанашып бирге түшкөн сүрөтүңдү,
Көзүмдү алгым келбей тиктей берем.

Бири келип, бири кетет турбайбы,
Кош айтышпай кайда качып баралы.
Ак эмгекти, ак пейилди эскерүү,
Бул турмуштун мыйзамынын талабы.

Аппак кардай таза эле пейлиңиз,
Чындык үчүн сиз чыркырап келдиңиз.
Эмгектериң сезимдерде сакталат,
Бейиш сизге насип болсун дейбиз биз.

Урматтуу Эсен Алиев биздин ардактуу адамыбыз, Сиздин жаркын элесиңиз биздин сезимибиздин түпкүрүнөн түнөк таап, түбөлүккө сакталат, устат ага. Жаткан жериңиз жайлуу, топурагыңыз торко болсун, жакшылык аракетиңиз бааланып, ага береке берилип, бейишти даражасына жетүүңүздү насип кылсын. Сиздин баскан жолуңуз, уюштуруучулук жөндөмүңүз, чыгармачылык ишиңиз жаштарга өрнөк, жаш муундарга сабак, сиздин жаркын элесиңиз элибиздин сезиминин түпкүрүнөн түнөк алып түбөлүккө сакталат. Кош болуңуз, урматтуу устат ага!.

1999-ж.

# ЗАЛКАРЫН ЭЛ УНУТПАЙТ

*Кыргыз элинин көпчүлүктүн көз учунда, көңүл тушунда жүргөн койкашка чыгаан залкар уул-кыздары журтубуздун эсинде түбөлүк сакталып калуусу үчүн кам көрүү ар бирибиз үчүн негизги милдеттеринен болууга тийиш. Кыргыз элинин ошондой залкар уулдарынын бири Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, инженер-куруучу, экономика илимдеринин кандидаты, мурдагы СССРдин Инженердик Академиясынын академиги, Кыргызстан Борбордук Комитетинин курулуш бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз Республикасынын курулуш министри, Ысык-Көл областтык аткаруу комитетинин төрагасы, Кыргыз Республикасынын вице-президенти, Кыргыз Республикасынын тунгуч премьер-министри Насирдин Исанов 1943-жылы 7-ноябрда Көк-Бел айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.*

Ал жакшы, үлгүлүү үй-бүлөдө тарбияланып өстү. Кыргыз эли кылымдардан бери турмушу мал менен тыгыз байланышып келгени белгилүү. Ата-бабаларыбыз мал багуунун бай тажрыйбаларын кийинки муундарга калтырып келди. Матмусаев Исан аба да кыргыз элинин нукура жашоо-тиричилиги төрт түлүк мал менен ажырагыс байланышта болуп келгендей эле аскасы асман тиреген ак мөңгүлүү Алтын-Казык тоосунун этегинен орун алган мал киндиктүү ошол мезгилдеги №44 жылкы заводунда өз жашоосун өткөрүп келген Исан аба согуш мезгилинде согушка барбаптыр, анткени айылда да

белдүү адам керек болгон. Кандай гана иш тапшырылбасын, мейли эгин оруп жыюуда, кырман көтөрүүдө, жылкыларды багууда жана ага жетекчилик кылуу иштеринде натыйжалуу, үлгүлүү жумуштарды аткарып келди. Көк-Бел айылында түптүү эл менен бирге орустар, украиндер, казактар, балкарлар, чечендер да жана башка улуттардын өкүлдөрү жашашкан. Эмгекти сүйгөн, өз ишин мыкты билген, колунан көөрү төгүлгөн, достук менен ширелишкен көп улуттуу эл ал мезгилде №44 жылкы заводунун экономикасын социалдык абалын, маданий деңгээлин көтөрүүдө көптөгөн жемиштүү иштерди жүргүзүп келишти жана алардын арасында Исан абанын да өз орду бар эле. Ал бригадир, андан кийин көп жылдар бою жылкы бригадири болуп иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыкты. Араб тилин да жакшы өздөштүргөн, молдолук да жагы бар, ыйман жолунда жүргөн адам болчу. Матмусаев Исан аба менен Матмусаева Алима эне Насириндей уулду тарбиялап өстүргөндөрүнө сыймыктанар эле. Чындыгында кийинчерээк кыргыз эли сыймыктана турган элдик уулга тете деңгээлге жетти. Ар бир адамдын ишке болгон мамилеси, балага болгон мээрими ошол эненин акылына, билимине жана маданиятына жараша болор эле. Алима эне сүйүктүү, ары сыймыктуу уулу жөнүндө төмөндөгүдөй эскерме берген эле: Насирдин эс тартып, акыл токтотуп, сөз маанисин түшүнүп калган мезгилинде эле өз курагындагы балдар менен көп ойнобостон, оюнга көп алаксыбай атасынын жанынан айланчыктап чыкчу эмес. Айрыкча чоң адамдардын кеп сөзүнө, аңгемелерие аябай кызыкчу жана таасир алчу. Мен айтып берген жомокторду, баяндарды көңүлүнө түйүп калууга тырышчу. Кийин мектепке барып кат таанып китепке тиши өтө баштаган мезгилде колунан китеп түшпөй жүрдү. Ошентип, мектеп жылдарында жалпы билим берүүчү орто мектептин окуу китептеринде илимдин негизги маани-маңызын өзүнө сиңирип алууга үлгүргөн. Тоо булагындай оргуштап турган тунук акылы,

кең максаттуу билимдүүлүгү, ой корутундулоо, жалпылоо көрүнүштөрү, сүйлөө маданиятындагы учкул таамай сөздөрү өз курагындагы балдарды, айрыкча өзүнөн кичине жаштагыларды тамшандырып жүргөнүнү сезип, көп байкачу элем»-деп эскерет.

Кийин каргашалуу куу тумшук кабар элдин эсин эки кылып, кулак тунжурап, аң-сезим алай-дүлөй абалда болуп, ичтен сызып жатканда Алима энеге жароокер сүйкүмдүү уулу Насирдин Исанов Кыргызстандын сциалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн кечиктирилгис милдеттерин аткарып жүргөн учурда каза болду»-деген кабарды укканда ботосун алдырган боз ингендей боздоп, сай-сөөгү сыздап, колундагы таягы колунан түшүп, көзү караңгылап кетип үч сааттан кийин өзүнө келет. Күтүүсүз келген кырсыкка күйүп жүрүп кошок кошуп аны мезгил-мезгилинде эстеп ыйлап, боздоп жүрүп, көзү өттү. Ал кошогунан үзүндү:

«Ак болоттой шыр этип, сынарыңды билбедим,
Ак шумкар сымал шир этип учарыңды билбедим.
Учарыңды мен билсем, ак жибектен тар кылып,
Тоспойт белем жолуңду, кошпойт белем жолумду.

Жолоочу шоопур мас бекен, жолуңда душман бар бекен,
Эртелеп ажал жанашан, Кудайдын кылган иши экен.
Сенин күйүтүң тартып жүргөнчө, өзүңө бирге кетейин,
Айланайын берекем,  күйүп бир күйбөй кантейин...

Мындай сай-сөөктү сыздаткан кошогунун учу саартан кечке айтса да түгөнчүдөй эмес эле. Андай саптарды угуп, көз жаш токпогон тууган уруктары, коңшу-колоңдору калбады окшойт.

Насирдин Исанов мектепти эң жакшы баалар менен окуду. «Аганы көрүп ини өсөт» дегендей Насирдин ага бизден үч класс мурда окуду. Анын баскан турганы өзүн коомдук жайларда алып жүрүүсү, классташ балдарына

болгон мамилеси, сүйлөгөн сөздөрү мектеп линейкаларда көтөргөн демилгелери, акылга дыйкандын мүнөзүндөгү жөнөкөйлүгү, тартиптүүлүгү токтоолугу, көрөгөчтүгү, сабырдуулугу өзүнөн кийинки окуган класстарда окуган окуучуларга чоң таасир калтырар эле. Анын окуудагы ыкмасы эртең боло турган жаңы темага алдын ала даярданып, эгер мугалим жок болуп калса, Насирдин кадимки мугалимдей эле деңгээлде жаңы теманы түшүндүрө классташтары сыймыктануу менен эскеришет. Мектепте айрым сабактарынан окуткан мугалимдери менен тигил же бул тема менен талашып, аны далил менен көрсөттү деген окуяларын бирге окуган балдары айтып калышканда, биз ага таң калып суктанар элек. Бала кезинде ал зээндүү, сергек, боорукер, көп ырдуу эле. Ал ыр жазчу, комуз, мандалин чертчү. Мектепте эң алдыңкы, үлгүлүү окуучу активист катары бир нече коомдук иштерди уюштуруп, өз учурунда ар түрдүү темада диспуттарды өткөрүп, өздүк көркөм чыгармачылык кружокторунун активдүү катышуучусу болчу. Насирдин ага жана аны менен бирге окуган балдар Көк-Бел орто мектебинин толук курсун окушуп Ломоносов атындагы орто мектепке филиал болгондуктан, орто мектептин бүтүрүү экзамендерин Ломоносов атындагы мектепке барып тапшырышат. Базалык мектепте бир дагы окуучу жалаң «5» деген баага тапшырган окуучу болгон эмес экен. Базалык мектептен чыкпай филиал болгон «Көк-Бел» мектебинен медалист чыгарсак бизге уят деп сокур намыс менен бир «чыкма мугалим» бир сабактан «4» деген бааны атайлап эле коюп койгонун классташтары айтып жүрүшөт. Мына ушундай көрүнүштүн натыйжасында Насирдин медалга көрсөтүлбөй калганына өзү да, коомчулук да аябай наараzы болгон. Табият тартуулаган сергектиги, зиректиги, акылынын тунуктугу, өз мезгилинин илебин туура түшүнүп, бала болсо да согуштан кийинки оор мезгилге аралаш чоңойду, эс тартып, өз курдаштарынан өзгөчөлөнүп, бул

чөлкөмдөн эң биринчилерден болуп 1965-жылы Москвадагы инженердик курулуш институтуна тапшырып, аны 1965-жылы ийгиликтүү бүтүрдү. Жогорку билимге ээ болгондон кийин өзү окуган институтка иштөөнү сунуш кылышса да ага макул болбой Кыргызстанга келип иштөөнү максат кылат. Ошентип эмгек жолун 1965-1968-жылдары Ошгорстрой трестинин 3-курулуш монтаж башкармасынын мастери, прорабы, участогунун башкармасы кызматтарында иштейт. 1967-жылы Ошгорстрой трестинин башкы технологу, 1969-1970-жылдары Ошгорстрой трестинин 5-курулуш монтаж башкармасынын башкы инженери болуп эмгектенген. Анын өз ишин терең билгендиги, жоопкерчиликти сезгендиги, жөнөкөйлүгү, адамдарга мамиле жасоонун не бир татаал сырларын өздөштүрүүсү, көрөгөчтүгү, кыраакылыгы ошол жылдарда калыптана баштайт. Насирдин Исановдун чыныгы ишмердүүлүгү, уюштуруучулук жөндөмүн, билиминин жогорку деңгээлин байкаган Кыргызстан Компартиясынын Ош областтык комитетинин биринчи катчысы Султан Ибраимов Кыргызстан Компартиясынын инструктору кызматына чакырат. Ал ишинде акылгөйлүгү дилине уялап, кичи пейилдиги, тазалыгы, жөнөкөйлүгү, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү көрүнүп, жогорку жетекчилердин жана элдин ишенимине ээ болот. Мындай эмгегинин натыйжасында 1970-1974-жылдарда «Нарынгидроэнергострой» курулуш башкармасынын парткомунун секретары болуп эмгектенди. Кара-Кол поселогундагы көп улуттуу эл менен иштөөдө эл достугун, анын биримдигин көтөрүүдө эң бир натыйжалуу иштерди жүргүздү, кыргыз жериндеги эң орчундуу болуп эсептелген энергетика тармагын көтөрүүдөгү эмгек жана эстен чыккыс ийгиликтерди жараткандыгы менен чоң кадыр-баркка ээ болду. 1974-1976-жылдары Кыргызстан ЛКЖС Ош областтык комитетинин биринчи секретары болуп шайланды. Ал бул иште жаштарды туура турмуш жолуна түшүрүү үчүн аларды окууга, эмгекке болгон

кызыгууларын арттырууга өз кесиптеринин сырларын өздөштүрүүдө комсомол жаштардын конкреттүү иш чараларынын негизинде бир топ натыйжалуу ийгиликтерге жетишти. Жаш мезгилинен эле акылгөй Насирдин Исанов өз калыбынан жазбай, бирге иштешкен адамдардын көңүлүн калтырбай кээ бир жетекчилердей кагып-силкпеген башка кызматкерлердин ой-пикирин угуп, аны талдап иш жүргүзө турганын бирге иштешкен замандаштары эскеришет. Ал жумшак, ак көңүл инсан эле, ал эми ар бир кызматынын ишинин шартына жараша талапты кое билген. Берилген милдеттердин аткарылышына такай контролдук кылып, тапшырылган иштин жогорку деңгээлде аткарылышына жетишер эле. Ал эми Кыргызстан Борбордук Комитетинде иштеген жылдарда күнү-түнү тынбай эмгектенүүгө туура келди, анткени нечендеген жооптуу тапшырмаларды аткаруу жана ар түрдүү документтерди толтуруу аны аткаруу үчүн темирдей эрк, жогорку билим, чыныгы талант жана жөндөм керек эле. Албетте Насирдин агага мындай татаал жолду басып өтүү, улуу мектептен жуурулуп, такшалып чыкканга өбөлгө болду жана коомдук саясий турмушунда анын унутулгус изи калды. Акыл-эси толук жетишип, башкаруунун баскычтарын басып өтүп, ал жерди башкаруунун не бир татаал сырларын өздөштүрүп кырк жашында Кыргыз ССРинин курулуш министри болуп дайындалды. Бул жылдарда көзгө жугумдуу, көп ийгиликтерге жетишкендиктерге үлгүрдү. Айрыкча Бишкек шаарындагы көз жоосун алган көрктүү, кооз имараттар, көк тиреген турак-жай үйлөр Насирдин Исановдун эл үчүн кылган эмгегин эстетип турганын тануга болбойт. Ал 1988-жыы Ысык-Көл областтык кеңешинин аткаруу комитетинин төрагалыгына шайланган Ысык-Көл областынын экономикасын жана социалдык маданий деңгээлин көтөрүүдө бир топ ийгиликтүү жетишкендиктерге жетишти.

Ошол мезгилде ал Ысык-Көл областынын бардык жерлеринде болуп, элдин сезиминин түпкүрүнөн орун алган эле. Мунун көлдүк туугандар ооздон түшүрбөй айтып жүрүшөт. Ошондой Кыргыз Республикасынын эл депутаты катары Жогорку Кеңештин иштерине салмактуу салымдарын кошуп келген. Өтө татаал маселелерди чечүүдө оор жагдайларда орундуу сүйлөп, омоктуу калыс сүйлөп, иш билгилигин, көрөгөчтүгүн көрсөтүп жүрдү. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин II сессиясында Кыргыз Республикасынын министрлер комитети жөнүндө мыйзам кабыл алган. Бул мыйзамга ылайык 1991-жылы 22-январда Жогорку Кеңеш Насирдин Исановду Кыргыз Республикасынын премьер-министри кызматына бекитти. Кыргыз өкмөтүнө башчылык кылып турган учурда анын жүзү, жөндөмү, билими, жетекчилиги даана көрүндү. Анын жүргүзгөн иштери азыркы муундарга чарбалык жаңы маанилерди нугуна салган, арыгын казган катары эсте калды. Акылман көрөгөч, жөндөмдүү, ийгиликтүү эмгектери тарыхта каларына шек жок. Жаңыны издеп, аны таба билген асыл сапаттары, табигый зээдүүлүгү, акылынын тунуктугу, мүнөзүнүн тазалыгы эл арасында урмат-сыйга бөлөнгөндүгү ар бир адамдын сезиминде калды.

«Кыргызстанды өнүккөн өлкөлөрдүн катарына теңелишине атуулдук салымды кошсом» деген тилеги кыска өмүрүндө аткарган ийгиликтери менен эл арасында түбөлүккө сакталат. Насирдин Исановдун ойлогон ойлору менен аткраган иштерине талдоо жүргүзгөн адам башка адамдар менен болгон мамилелеринде жөнөкөйлүктү, ачыктыкты, тубаса касиеттериндеги тазалыкты максатындагы айкындыкты, чынчылдыкты байкоого болот. Эч качан терс иштерге шылуун-шумдардын күбүр-шыбырларына кулак салган эмес жана алардын талаптарына, максаттарына жол берген эмес, бул анын улуулугунун, тазалыгынын белгилери эле. Анын өрнөктүү өмүрү, иши, адамгерчилиги, ак ниеттүүлүгү менен эл эсиде баш тамга

менен жазыла турган адам боюнча ар бирибиздин көңүлүбүздүн борборунда. Кайсыл эл үчүн болбосун өзүнүн залкар адамдарынан айрылуу жалпы калайык-калктын кайгысы, жоготуусу эмеспи. Раматылык Насирдин Исановдун табышмактуу өлүмү тууралуу көптөгөн көз караштар айтылды. Ал пикирлердин канчалык чындыгы бар, бир кудайдын өзү билет. Дагы бир версия эл арасында айтылып жүрөт. Насирдин Исанов каза болуп жанындагы “Сиабеко” фирмасынын жетекчиси Бриштейн, анын жан сакчысы жана 00-04 номерлүү «Волга» машинасынын айдоочусу Махамаджанов эч нерсе болбой, эч жери чийилбей куландан соо калганы таң калыштуу көрүнүш. Ал гана турсун окуянын изи сууй электе Бриштейн өз жан сакчысы менен таксиге түшүп Андижанга, анан Ташкенттен чет мамлекетке учуп кетишкен экен. Ал эми биздин ошол мезгилдеги коопсуздук комитети эле башка органдардын кызматкелери алардын кетишин көз жаздымда калтырганы өкүнүчтүү көрүнүш. Ошондой эле премьер-министр Насирдин Исанов Бишкек-Ош жолунда алып баратып аварияга учураткан айдоочу Махамаджанов жүрөк титиреткен окуядан кийин эки ай өтпөй Жалал-Абад облустук соода жана материалдык ресурстар бирикмесинин генералдык директору Изатулла Исматуллаевдин кызмат машинасын айдап калат. Дагы бир белгилеп кете турган көрүнүш Сиабеко фирмасынын президентинин орун басары Люхидвель Фарид дегени биз жогору жакта белгилеген Изатулла Исматуллаевдин шилекей алышкан досу экен, ал гана турсун Бриштейн менен да өтө тыгыз мамиледе болушканы басма сөз беттеринде белгиленген. Ошол күнү премьер-министр Насирдин Исановду областтык жетекчилер областтын аймагынын чегинен эч кимисинин узатпай коюшу. Айдоочу Махамаджановдун ошол машинага ошол эле күнү рульга алгач отурганы жана ГАИнин кызматкерлеринин алдыга алыс кетип калышы сыяктуу көрүнүштөр ар бир ой жүгүрткөн адамды таң

калтырат. Бул жерде «Сиабеко» фирмасы менен боло турган келишимде кыргыз элинин кызыкчылыгы аз экенине Насирдин Исановдун көзү жетип, келишимге кол койбой койгону, анын өлүмүнө себеп болгонбу деген күмөн эл арасында айтылып жүрөт. Жыйырма эки жылдан кийин бул окуянын козгоонун кереги бар беле дегендер да чыгышы мүмкүн. Анын өлүмү коомчулук үчүн азыркыга чейин табышмак бойдон жүрүшүн эске алып айтылган сөз да. Айла жок кырсык каш кабактын ортосунда беле. Өлүм бирөөгө оттон, бирөөгө октон беле» деп адамдын маңдайына жазып берген тагдыр ушул беле, сай-сөөктү титиреткен каргашалуу окуядан кийин жалпы журт өксүй-өксүй акыркы сапарга узаттык. Өлгөндүн орду толбойт эмеспи, жыйырма эки жыл өтсө да бир жок капшытыбыз толбой жаткандай сезилет. Кантебиз адам баласына өлчөлүү өмүрү өктөлүү тагдыр берген. Алланын буйругун көтөрбөскө айла жок экен. Анын баскан жолу, өрнөктүү өмүрү, ишмердиги жаш муундарды тарбиялоодо кызмат өтөй бермекчи. Элибизде Атаң өлсө тайлак бар, кому жерде калган жок» деген макал бар эмеспи. Насирдин Исанов менен анын жубайы Бүзейнеп Исанованын тарбиялап өстүргөн бир кыз жана бир уулу калды. Кызы Исанова Мария Насирдиновна эки жогорку окуу жайын ийгиликтүү бүтүргөн. Ал Омбудсменде, президенттик аппарата жана Азия өнүктүрүү банкында үзүрлүү эмгектенди. «Аккан арыктан суу агат» дегендей мамлекеттик ишмердин, илимпоз, чоң саясатчынын үй-бүлөсүнүн тарбия алгандыгынын натыйжасында «Атам аткара албай кеткен чектерге жетсем» деген максатта ата жолун жолдоп, жаңы муундагы саясатчы Мария Исанова Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланып, элдин ишине, элдин кызыкчылыгына жан аябастан кызмат кылууда Жогорку Кеңештин мурунку чакырылышында бир топ ийгиликтүү, салмактуу салымдарды кошуп келди. Ал эми уулу Исанов Алмаз

Насирдинович Новосибирск мамлекеттик университетинин физика-математика мектебин бүтүрүп, жогорку билимди Туркиядан алды. Президенттик аппаратта жогорку кызматтарда иштеди. Андан кийин Малайзияда элчиликте, финансы министрлигинде иштеп жүрүп, Японияда эки жыл окуп келип азыркы мезгилде мамлекеттик кызматтарда эмгектенип келүүдө.

Насирдин Исановдун экономиканын чоо жайын мыкты билген илимпоздук таланты да өтө жогору болчу. Ал экономика илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасы СССР Министрлер Советинин алдындагы Элчарба академиясында инженердик академиясына мүчө болгону, анын илимпоздук талантын, жөндөмүн көрсөткөндүгү болуп эсептелет. Ал «Кыргызстандагы капиталдык курулуш» жана «Кыргыз ССРинин курулуш комплексин башкарууну өркүндөтүү» деген эки китеби орус тилинде жарык көргөн. Мындан тышкары Насирдин Исанов өлкөдөгү өз мезгилинде жүрүп жаткан радикалдуу саясий жана экономикалык реформалардын шарттарына ылайык бир нече илимий макалалары басма сөз беттеринде жарыяланган. Ошондой эле «Кытай кыргыздарында» деген темада жол очеркин жазган. «Ноокатым», «Чырак», «Жаратылыш», «Ак кайың», «Ат-Башым» жана башка ырлары газеталарга чыккан. Анын ырларын атайын жыйнак кылып чыгаралы деген сунушка өзү «кое туралычы» деп макулдук бербей койгон экен. Көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Насирдин Исанов эмгектеги ийгиликтери үчүн 1974-жылы Эмгектеги каармандыгы үчүн медалы, 1981-жылы Ардак белгиси ордени, 1986-жылы Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйланган. Грек философу Фалестин сөзү эске түшөт. «Чыныгы адамды көзү барда гана эскербестен, көзү жокто да эскере билиш керек» деген улуу сөзүн эске тутуп залкар ага Насирдин Исановдун 70 жылдыгына карата урунттуу айрым гана учурларын белгиледим. Баскан жолу өрнөктүү өмүрү жашай бермекчи. Ал

жөнүндө далай-далай чыгармалар жарык көрө бермекчи. Демек залкарлар көз жумгандан кийин да залкардай баркталып-аздектелүүгө тийиш экенин унутпасак.

**Насирдин Исанов атындагы айыл өкмөтүндө Дадабаев Асандын жетекчилиги менен Исановдун айкелинин ачылышына карата жазылган ыр:**

Насирдиндин бийиктиги өзүндө,
Намысында, акылында, сөзүндө.
Көңүлүнөн түнөк таап муундардын.
Кош айтышып кете берди бейкүнөө.

Көтөрүлбөй көңүл кургур суз тартып,
Көзүң жумдуң муун-жүлүндү муздатып.
Кош айтышып күтүүсүздөн кетишиң,
Көкүрөктү ачыштырды сыздатып.

Шум ажал жан аганы эрте алды,
Элеси эстен кетпей элде калды.
Баарына күбө болчу тагдыр өзүң,
Кокуй ай, өлбөй турган пенде барбы?

Бийлигинен өздүк пайда кылбаган,
Билимине, таалимине таң калам.
Залкарлыгың, айкөлдүгүң ар качан,
Кыргыз эмес, татар дагы сыйлаган.

Кара кылды как жарганга сүйүнүп,
Күнүмдүккө күл тартпадың күйүгүп.
Өрнөк болуп өмүр жолуң, басканың,
Өрүш алып барат эске түйүлүп.

Сезиминде чоң-кичине балдардын,
Батасында ак сакалдуу чалдардын.
Кыска өмүрү арман ырга айланып
Калктын уулун жоктоп турат катарың.

Көк-Белиңдин карааны элең, акылы элең,
Төп келип төрт тарабың Кудай берген.
Ачып берди айкелиңди Асан иниң,
Атпай журттун сезиминде ал мааракең!



тил табыша билген башкаруунун ыкмаларын, сырларын терең өздөштүргөн көрүнүктүү жетилген жетекчи катары таанытa алды.

Төртүнчүдөн, ачуу-таттуусун, күнгөй-тескейин терең анализдеп талдаган жана аны терең түшүнгөн кичи пейил акылга бай ак жүрөк, улуу кичүү менен сөз учугун улап баарлашкан жана аны далил менен ынандыра алган, ыгы келгенде аския сөздөрдү жорголото алган сөзмөрдүгү жөнөкөйлүгү өзүнчө өзгөчөлөнүп көрүнүп турган эң жөнөкөй инсан эле.

Ата салтын бек кармаган намыс үчүн жаралган калкыбыздын кадырлуу уулу Кенжемат Абдылакимов кыргыздын жакшы салттарын өз үй-бүлөсүнө жана жалпы жаш өспүрүмдөргө да терең сиңишин каалоочу.

Тун уулу Абдылакимов Ибрагим Кенжематович Жогорку Кеңештин эсептөө палатасында эмгектенсе, Абдлакимов Бектурсун Кенжематович ортончу уулу генпрокуратурада бөлүм башчы ал эми кенже уулу Бектемир Туркиядан теология бөлүмүн ийгиликтүү бүтүрүп азыркы мезгилде ишкерлик менен алектенүүдө. Ал эми кызы Абдылакимова Бегайым Кенжематовна социология илимдеринин кандидаты Ош мамлекеттик университетинде мугалим болуп эмгектенишүүдө.

«Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот» дегендей ар бир адамдын таянган тоосу, сыйынган

мазары, аны Ата Журту, туулуп өскөн жери болот эмеспи. Кыргыз жазма адабиятыбыздын көч башчыларынын бири, залкар акын Аалы Токомбаевдин «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деген ташка тамга баскандай учкул сөзү элдин сезимине түйүлүп, анын аты түбөлүккө калтыруу максатында «Көк-Бел» орто мектебине анын ысымы ыйгарылып берилген. «Өмүр эмне?-Колдон учкан куш болот. Байлык эмне?-Колдун кири жок болот»-деп Калыгул олуя айткандай Кенжемат АБдылакимовдун өтө тез учуп өткөн «Өмүр кушу» аз жана саз жашап өткөн өрнөктүү өмүрү, талбас эмгектери кал тарабынан калыс бааланып, өзү окуган жерге айкели тургузулуп, аты мектептин маңдайына бадырайта жазылды. Демек Кенжеш өлгөн жок! Анын экинчи өмүрү эми гана башталды...

## ЖЕТКИНЧЕКТЕР СЕЗИМИНДЕ ЖАШАЙСЫҢ

Чынында өлбөй турган адам барбы?
Шум ажал илимпозду эрте алды.
Кокуй ай, көкүрөктү ачыштырган,
Калдайган калың элиң сыздап калды.

Шум ажал бала–кызды чыркыратып,
Туугандын сай-сөөктөрүн зыркыратып.
Кош айтып, кол булгалап кете бердиң,
Ойлорду, максаттарды быркыратып.

Түптүү эл сени баалайт бүтүн калкым,
Түпкүрдө, сезимдерде сенин баркың.
Сырлары эмгектериң дагы ачылар,
Кылымды дүңгүрөтүп сыпаттарың.

Элесиң жеткинчектер сезиминде,
Эмгегиң Ата Мекен өскөн жерде.
Кош Кенжеш бийик элең, Адам элең,
Эмгегиң түбөлүккө жашайт элде.
Илимге үлүш коштуң албай тыным,
Арнадың ак эмгектин айтып сырын.
Ата Журт ар-намысын сактап келген,
Кыргыздын сыймыктанар баласысың.

Сенин атың кылымдарга эстелик,
Атың коюп кымбат баалап эстедик.
Эл-журтуңдун жүрөгүнөн түнөк таап,
Сендей уулдар калат тура эстелип.

Эгемендик заманыма салтанат,
Элде, жерде, сендей уулдар баркталат.
Өз ысымың канат кагып бийиктеп,
Кылым-кылым жашай берет Кенжемат.

Намыс ыйык тууган жерден табылат,

Куса болуп өскөн жерди сагынат.
Бөтөн жерди жатсаң дагы жазданып,
Көк-Белимдин элдик уулу Кенжемат.

Эгер сага айтсам сөздүн ырасын,
Өлүмүңдө өксүү бардай турасың.
Өлбөс-өчпөс из калтырдың артыңда,
Жеткинчектер сезиминде жашайсың.

Сен төрөлдүң өз калкыңдан бата алып.
Өз мектебиң Кенжемат деп аталып.
Өксүткөнү, сыздатканы алыста,
Биз калтырып, бизден кетип каталык.

Көз кылгыртам эмгегиңди көп эстейм,
Айла канча пайдасы жок кейиштен.
Аския айтып, куччакташып, каткырып,
Кудай буйруп көрүшөрбүз бейиштен.

## Колдонулган адабияттар


1. Сапарбек Закиров «Кыргыз санжырасы», «Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы», Бишкек. 1996-ж.
2. Сабыр Аттокуров «Кыргыз санжырасы», «Кыргызстан» басмасы, 1995-ж.
3. Н.А.Аристов «Труды по истории и этническому составу тюркских племен», Бишкек, Илим басмасы, 2003-ж.
4. Б.Д.Джамгерчинов «Очерк политической истории Киргизии 19 века». Фрунзе.
5. Абдувахаб Мониев. «Мунгуш», Бишкек, 2012-ж.
6. Осмонаалы Сыдыков «Кыргыз санжырасы», Кыргызстан 1990. Фрунзе.
7. Турдубай Умар уулу «Кыргыз санжырасы», Бишкек, 1991-ж.
8. Талип Тойгонбай уулу «Кыргыз санжырасы», Ош, 2011-ж.
9. Гыламидин Абдырахманов «Улуу эл», Бишкек, 2014-ж.
10. «Кыргыздар», 4-том, Бишкек, «Бийиктик басмасы, 2013-ж.
11. Аттокур Джапанов «Кыргызтаануу Санжыра кыргыздар» Бишкек. 2014-ж. 1-2 том
12. белек Солтонов «Кызыл кыргыз тарыхы», 1-2-том. Мамлекеттик «Учкун» концерни. Бишкек. 1993-ж.

**Мазмуну**


Адам жакшылыкты жерден таап албайт
адамдан үйрөнөт.................................................................. 4
Сөз башы.............................................................................. 10
Адам баласынын жаралышы жана таралышы.................. 13
Идирис пайгамбардын уулу Мануслух.............................. 17
Муңгуш уруусу...................................................................... 29
Көк жатыктын жердиги - Көк-Бел........................................ 37
Келдибектин Акмончокко үйлөнүшү.................................... 46
Чекебайдын Айкашканы Солтолорго бергени.................... 54
Жакшыбай мүнүшкөр........................................................... 66
Рахманберди бай.................................................................. 69
Султан, Полот жөнүндө........................................................ 70
Жаңы доор............................................................................ 80
Көк жатык баатыр жоокерлерге.......................................... 86
"Билбегенди эшитсең, билги болосуң,
Көрбөгөндү көрсөң, көсөм болосуң".................................... 103
Рахманберди балдарынын тарамдалышы........................ 115
Султан балдарынын тарамы................................................ 123
Полот балдарынын тарамынан........................................... 133
Алымкул балдарынын тарамы............................................ 139
Өктө балдары........................................................................ 141
Баштык балдары.................................................................. 141
Чоготой балдарынын тарамынан........................................ 144
Алдаберди балдарынын тарамынан.................................. 146
Алака балдарынын тарамынан............................................ 151
Намаз балдарынын тарамынан........................................... 155
Борбодой балдарынын тарамы........................................... 158

Гөбө балдары.......................................................................... 161
Молдо Била балдарынын тарамы..................................... 166
Досназар балдарынын тарамы.......................................... 166
Калдар балдарынын тарамынан........................................ 170
Чекебай уулу Бешкалдардын балдары.............................. 178
Тоо көк жатыктар деп аталган Көк-Белдеги Андакулдун балдары................................................................................ 180
Адам мүнөздөрү жана ага түшүнүк.................................... 184
Муундардын аталышы........................................................ 190
Кыз тараптын балдары....................................................... 191
Жаш жөнүндө..................................................................... 191
Тек сөздөр......................................................................... 191
Ат мүнөздөрү...................................................................... 194
Атанын өз балдарынын алдындагы
алты парзы......................................................................... 194
Уул баланын ата-энесинин алдында өтөй туган
80 милдет жөнүндө............................................................ 197
Уул баланын ата-энесинин көзү өткөндөн кийин аткара туган 40 милдеттери жөнүндө.............................................. 199
Ата-эне өз баласы жөнүндө
эмнелерди билүү керек?.................................................... 203
Ата-эненин мектепте окуган
баласы жөнүндө камкордугу.............................................. 203
Кыргыздын жыл сүрүүсү жана азыркы
календарга ылайык жадыбалы.......................................... 204
Карысы бардын ырысы бар................................................ 209
Аялдар да үч түрдүү каарыйт............................................ 211
Бата берүү.......................................................................... 213
Үй ээсине той кылганда берилүүчү бата........................... 216

Жамаатка берилүүчү бата.................................................... 217
Өзүнө жана көпчүлүккө берилүүчү бата.............................. 217
Парз намаздан кийинки бата................................................ 218
Жамаатка бериле турган бата............................................. 219
Жаш жубайларга бата......................................................... 219
Колго суу куйган балага бата................................................ 220
Сапарга чыга турган балага бата......................................... 220
Үй ээсине бата..................................................................... 221
Көк жатыктын даңктуу уулдары.......................................... 222
Биринчи раис....................................................................... 223
Асыл адам эле...................................................................... 228
Залкарын эл унутпайт.......................................................... 235
Эмгегиңди эстеп, ысымыңды ызаттайбыз.......................... 250
Колдонулган адабияттар..................................................... 256

КАЗЫБАЕВ ТАШАН

КӨК ЖАТЫК САНЖЫРА
САПТАРЫНДА

Редактору: Дуванаев Мамырайым
Тех.редактору: Тойчубаев Акылбек
Корректору: Ыкыбал уулу Элдияр

Терүүгө 20.10.2014-ж. Басууга 19.01. 2015-ж.
Кагаздын форматы 60х84 1/16 16,25 Көлөмү басма табак.
Нускасы 500. Буйрутма №01

Ош ш . Курманжан датка көчөсү-236
0770 13 02 02